Сырг
К 17

мал Калмаматова



Жан сырым

ХР
Скогг
К17

НУРЖАМАЛ КАЛМАМАТОВА

оцифровано

Жан сырым

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482736

Бишкек – 2019

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
НЕГИЗГИ ФОНД
БӨЛҮМҮ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 17

Калмаматова Н.

К 17 **Жан сырым.** *Ырлары.* Б.: «Улуу Тоолор», 2019 – 316 б.

ISBN 978-9967-29-237-6

К 4702300200-19

УДК 821.51
ББК 84 Ки

ISBN 978-9967-29-237-6

© Калмаматова Н., 2019

Гүлдөй берсин Кыргызстан жерибиз

МЕКЕНИМ

Кыргызстан – кең мекеним, ыйыксың,
Тоодон түшкөн алтын булак – тунуксуң.
Кучак жайып тосуп алып келгенде,
Эне-атанын мээриминдей улуксуң.

Кайда жүрсөм, кайда барсам дайыма,
Элес турат коштогондой жанымда.
Ошол элес – ак калпактуу Ала-Тоом,
Мекен жашайт, жүрөгүмдө, канымда.

Ак калпактуу Ала-Тоону жердеген,
Кыргызстаным, кыргыз жерим кең мекен.
Дүйнө жүзүн кыдырсам да аралап,
Жер бетинен көрө албадым сага тең.

Лондон, Париж – кызыкпаймын өзгөгө,
Бири жетпейт керек болсо өлкөмө.
Табияты, тоосу, суусу нукура,
Сугун артып суктанышат көргөндө.

Комуз күүсү, Манас үнү жаңырган,
Карт тарыхтын барагында жазылган.
Менин өлкөм, алп мекеним Кыргызстан,
Ыйык көрөм, бийик көрөм баарынан.

* * *

Мекеним болгон менен алакандай,
Кең дүйнө, кучак жайган ай ааламдай.
Өлкөсүн бейишимдин буюрганбы,
Жүрөбүз эркин басып каалагандай.

Кошподум тамчы салым канча жылда,
Жүрөмүн каалгып учуп канатында.
Эч кандай мага арткан талабың жок,
Жаркырап ачык дайым кабагың да.

Апамдын жүрөгүндөй кулачымсың,
Атакем таягандай кубатымсың.
Бактылуу атуулуңмун, ата журтум,
Жашоомо жашоо кошкон булагымсың.

Кең пейил, кенен үйүм, турагымсың,
Мекеним, кайда жүрсөм ураанымсың.

МЕНИН ЭНЕМ КЫРГЫЗСТАН

Жок болсо да мага арткан санаасы,
Билбей турам ылгагандай абасы.
Калаасы кооз болгон менен, а бирок,
Көз алдымда кыргызымдын талаасы.

Жүргөнүмдө жүдөгөндөй кубарып,
Кыргыз көзүн көргөнүмдө кубанып.
Эне-атама окшоштуруп кай бирин,
Салам айтып туруп калам уялып.

Кыргыз жүзү калса эгер көрүнүп,
Ыйлап алам жамгыр болуп төгүлүп.
Бирөөгө кооз, мага көрксүз калаада,
Жашап жүрөм келгениме өкүнүп.

Кур койбосун ыйык жерим ырыстан,
Көрүнбөсүн мейли бийик жылдыздан.
Келип алсам эч бир жерге кетпеймин,
Менин атам, менин энем Кыргызстан.

АЙЫЛЫМДЫН КУЛАЧЫ

Күзгү мага көргөзгөндөй басканым,
Кимге кызык, кыялданып алганым.
Он сегиздин жамалына жашынып,
Көргүм келди айылымдан ак таңым.

Сылагандай салкын жели жүзүмдөн,
Сагынганда айылыма жүгүрөм.
Кадимкидей барганымда жашарып,
Кучагыңа жеткениме сүйүнөм.

Ааламдан кең айылымдын кулачы,
Берекелүү мээримге бай кучагы.
Жаштыгымдын жамалына жетелеп,
Бир керемет сезилет да кубаты.

Берекелүү мээримге мол кубаты,
Ааламдан кең айылымдын кулачы.

ТУУЛУП ӨСКӨН ЖЕРИМДЕМИН

Мен бүгүн толкуп турам, элиремин,
Жаштыктын изи калган жеримдемин.
Өзүмдү көргүм келип айылымдан,
Төркүнүм, ыйык журтум, элимдемин.

Ата журт, асыл жердин багындамын,
Атамдын кучагында, жанындамын.
Ал өткөн күндөрүнөн кеп кураса,
Балалык мезгилимди сагынамын.

Каймак, сүт, айран, кымыз көлүндөмүн,
Апамдын дасторкондуу төрүндөмүн.
Аз гана убакытка келген үчүн,
Мезгилди кетпесе деп өтүнөмүн.

Башкача, бүгүн башка сезимдемин,
Айылым, туулуп өскөн жеримдемин.

АЙЫЛЫМ

Сагыныч, кусадан буулугуп,
Жүдөдүм жамалым туурулуп.
Айылым көзүмө элестейт,
Түбү жок ойлордон суурулуп,
Бүгүн мен жол алам удургуп.

Барганда көңүлүм көкөлөп,
Кыялым башкача көйкөлөт.

Балалык күндөрүм ээрчитип,
Жан дүйнөм заматта өзгөрөт,
Кусалык ошентип бөксөрөт.

Келди деп айылым кабардар,
Сооронот көңүлүм жарадар.
Кучагын жайгандай кубанам,
Мен жүргөн андагы талаалар,
Кандай ээ билбеймин башкалар?

Айылым – өмүрүм, булагым,
Бөлөнгөн бешигим турагым.
Бир өмүр алып кал кайылмын,
Тартпаймын эч качан убайым,
Десем да жолумду улаймын.

Таттуу күн элеттен башталат,
Айылым ааламга жол ачат.

АЙЫЛЫМА БАРГАНДА

Түркүн түстө гүлдөр өсүп буралып,
Тойбой көзүм, ойлуу карайм суктанып.
Жапжаш болгон айылымда а бүгүн,
Мен чоңойгон алма багым улгайып.

Башка жандар толукталып, куралып,
От жагылып, түтүн көккө чубалып.
Биз чоңойгон ошол үйдө ал азыр,
Неберелер ойноп, күлөт чуу салып.

Ал өткөн күн жан дүйнөмө кусалык,
Салып берип, бирок мезгил уланып.
Чаң жолотпой багып бизди өстүргөн,
Атам, апам көз алдымда улгайып.

Бир кездеги мендей карап суктанып,
Тааныгандар амандашып, кубанып.
Айылымдын каймак жыттуу балдары,
Учурашпай, алыс качат уялып.

Барбай калсам кусаланып, кыйналам,
Айылымдын тандыр наны жыттанып.

АЙЫЛЫМДА ЖҮРӨМҮН

Кандай сонун өтүп жатат күндөрүм,
Терең гана дем алгандай жүрөгүм.
Көктөм жыты даба болуп баарыма,
Көп күн болду айылымда жүрөмүн.

Жетпей үнүм, жан дүйнөмдү чаңкатып,
Жүргөн элем көөдөнүмдү чаң басып.
Келгенимде көп нерседен арылдым,
Канча жылдык кусалыгым таркатып.

Оо балалык, күндөрүмө баш багып,
Жаштыгымды кыялыма карматып.
Айлымдын кучагында жүрөмүн,
Түйшүгү жок мезгил коштоп, таң атып.

Оолак болуп ой-санаадан жүрөгүм,
Көп күн болду айылымда жүрөмүн.

АЛ УЧУР СОНУН ЭЛЕ

Күндөрүм кызыктуудай кечээкимден,
Күтөмүн үмүт артып эртеңимден.
Кубанып жомокторго аралашып,
Көп нерсе кыялданам, эмнеликтен?

Көк шибер килем эле жатканымда,
Булуттар түркүн элес, асманымда.
Балалык аруу таза кыялдарым,
А бүгүн жомок сымал айтканымда.

Жылдыздар кыялыма шерик эле,
Жымыңдап карегимди ээрчийт эле.
Сырдашып алганымда кубанчумун,
Жашоомдо бир керемет мезгил эле.

Ай толуп, сүтак сайрап жайындагы,
Ал учур сонун эле айылдагы.
Билбепмин таттуулугун ошондогу,
Сагынам баргым келип азыр дагы.

Бүтпөгөн бала күндө кыялдарым,
Бүгүн да дал ошондой кыялдандым.

ОШУМ

Кучагын жайган кең мекен,
Сыймыктанам Ош менен.

Айланган сырдаш, досума,
Көз тийбесин Ошума.

Бакыттын кушу сайраган,
Ырыскы Ошто жайнаган.

Ынтымак, дөөлөт орногон,
Ошумду кудай колдогон.

Бактылуу жашап, жүрөбүз.
Ошумду дайым сүйөбүз.

ЫСЫК-КӨЛҮМ ЖАНЫМСЫҢ

Ысык-Көлүм, сени менен жаным бир,
Согуп жүрөк, ой-кыялым, барым бир.
Уран менен уулаганга каршымын,
Сен толкусаң толкуп турган каным бир.

Ысык-Көлүм, ыйлап турам токтобой,
Кантип чыдайм, кантип жүрөм ойлобой?
Керек болсо жаным курман өзүңө,
Мен жөн гана кала албайм, коргобой.

Табиятка менин үнүм жеткирчи,
Барам сага, көз жашымды бекитчи.
Коргойм, коргойм кол тийгизбей, билип кой,
Ысык-Көлүм! Акмактарды кечирчи?

Тосуп чыгам, душмандарды жолотпой,
Күрөшөмүн каршылашса тоготпой.
Жүрөгүңдү уулаганга каршымын,
Кантип турам сен ыйласаң сооротпой.
Ысык-Көлүм, Ыйык-Көлүм жанымсың!

КОРГОЙЛУЧУ ЫСЫК-КӨЛДҮ ТАПТАЗА

Алып келип Ысык-Көлгө кайгыны,
Өздөн чыккан душман тойбойт, жардыбы?
Ойгон кыргыз, бирик кыргыз, ойлонбой,
Казылбаган уран эле калдыбы?

Көл муңаят, карегине жаш толуп,
Буулугууда жер энебиз баш болуп.
Корго кыргыз, колдо кыргыз уктабай,
Өзүбүздөн душман чыкты кас болуп.

«Уран» деген уулуу затты чукутуп,
Көлүбүздөн айрылабыз “кутуруп”.
Көкүрөгүн каккан кана баатырлар,
Калдыңарбы, коргой албай утулуп?

Ысык-Көлдүн кабыргасын сыздатпай,
Ыйык сактап жер энени ыйлатпай.
Калкан болуп коргойлучу калың журт,
Өздөн чыккан душмандарды жыргатпай.

Коргойлучу Ысык-Көлдү таптаза,
Ээ кылбайлы, кор кылбайлы башкага.

КӨЛҮМ САГА БАРАМЫН

Жашайын да өткөн күнгө өкүнбөй,
Башкаларды ойлобостон өзүмдөй.
Жан дүйнөмө азык жыйнап келүүгө,
Барам көлгө көпчүлүккө көрүнбөй.

Өзгөрбөгөн мүнөзүмдү барктаган,
Жан сырымды эч бирөөгө айтпаган.
Кучак жайып тосуп алып, кубантып,
Курдашымсың көлүм мени сатпаган.

Сырым айтып барганымда төгүлүп,
Өткөн элес, бир сезимди өчүрүп.
Ойлогондой адам кылып өзгөртчү,
Жан дүйнөмдү башка нукка көчүрүп.

Жакынкы күн көлүм сага барамын,
Сенден мээрим, сенден ырлар табамын.

БИЙИК ТООДОН

Мезгил, учур тунжуроодо үндөбөй,
Санаасы жок жашоо сүргөн дүйнөдөй.
Аалам тегиз, тээ бийиктен карасам,
Жымжырттыкка кошуламын сүйлөбөй.

Жазгы желдин шамалына ыргалып,
Бийик тоодон төмөн карай суктанып.
Көзүм жеткен жерге чейин карадым,
Сезбей, билбей канча өттү убакыт?...

Бир калыпта аалам үнсүз термелет,
Телегейи тегиз баары сезилет.
Тээ бийиктен караганда көрүнбөй,
Түйшүк, санаа качып кайда бекинет?

Бийик тоодон карап көрдүм калаамды,
Тээ төмөнгө калтыргандай санаамды.

МЕН ЖАШООГО АКЫМ БАР

Ар тараптан колдоп турса асылдар,
Жаратканга болсом дагы карыздар.
Кең дүйнөнүн мээримине оронуп,
Жашаганга, мен жашоого акым бар.

Элим, жерим, мекеним бар, жөлөгүм,
Ата-энем, дос, тууганым өбөгүм.
Ден соолугум кемибесе болгону,
Жараткандын берген күнүн көрөмүн.

Наркы улуу, намыска бек калкым бар,
Ата-бабам сактап келген салтым бар.
Кыргызстандын бир бурчуна жайгашып,
Каалагандай мен жашоого акым бар.

Нарын, Чүйгө, Көлүмө да барамын,
Таласкабы, же Алайга каламын.

Мекеним бар Ала-Тоонун боорунда,
Жашаганга айтор орун табамын.

Мекеним бар, улуу кыргыз калкым бар,
Мекен үчүн мен жашоого акым бар.

ЭНЕ ТИЛИМ

Улуу элдин урпактары сүйлөгөн,
Бутагынан эчен тилдер бүрдөгөн.
Кыргыз деген улутум бар, тилим бар,
Бул ааламда бажырайып гүлдөгөн.

Менин тилим комузумда камтылган,
Манас айтып аалам кезип жаңырган.
Урпактардан урпактарга уланып,
Ажырабай жашап келет калкымдан.

Эне тилим – каным, жаным, жүрөгүм,
Адам болуп сени менен жүрөмүн.
Атам, энем, балам, кызым сүйлөгөн,
Кыргыз тилим сени гана сүйөмүн.

Бул ааламда жашоо сүрүп татыктуу,
Өз тилим бар, мен кыргызмын бактылуу.

ГҮЛДӨЙ БЕРСИН ЖЕРИБИЗ

Балдарыбыз, байлыгыбыз, бактыбыз,
Күбө болсун сыйыбызга калкыбыз.
Бата тилеп биз сиздерди чакырдык,
Улансын деп ата-баба салтыбыз.

Кут, береке толо берсин үйүбүз,
Жаратканга жетип биздин үнүбүз.
Алалы деп калкыбыздан ак бата,
Бүгүн келди көптөн күткөн күнүбүз.

Шаан-шөкөттүү болбосо да жолубуз,
Шаңдуу болсун баштап алган тоюбуз.
Ак дасторкон сиздер үчүн жайылды,
Аткарылып бүгүн мына оюбуз.

Эли-журтум, дос-тууганым, келиңиз,
Каалоо, тилек, ак батаңыз бериңиз.
Ар бир үйдө бала үнү жаңырып,
Гүлдөй берсин – Кыргызстан жерибиз.

АПАМА ТААЗИМ

Ак тилек, үмүт менен,
Ааламга алып келген.
Апама таазим кылам,
Ак сүтүн мага берген.

Уйкусун чанган апам,
Оорутпай баккан апам.
Корголоп өстүрөм деп,
Канатын жайган апам.

Ойлонуп, элестетсем,
Азыр да эркелеткен.
Алтыным апам менин,
Али жаш элестеткен.

Ушул күн төрөгөнсүз,
Мээримге бөлөгөнсүз.
Азыр да жол көрсөтүп,
Апакем жөлөгөн сиз.

Биз үчүн кадырлуусуз,
Акылдуу, сабырдуусуз.
Алтындан жол төшөйүн,
Апаке татыктуусуз.

* * *

Барам деп айтып койсом,
Кубанып жерге батпай,
Берээрге нерсе таппай.
Апакем жолум карап,
Убакыт саатын санап,
Күтөт ээ, кирпик какпай.

Жол алдым дегенимде,
Жолума ак жол каалап,
Жан дилин мага арнап.
Апакем үйгө кирбей,
Ысык-суук болсо билбей,
Күтөт ээ жолум карап.

Келдим деп айтканымда,
Апакем жарыгым ал,
Жүзүндө кубаныч бар.
Кучагы ачык болот,
Дасторкон баары толот,
Эх, мезгил, убакыт тар...

Кеттим деп айтканымда,
Билгизбей жашып алат,
А бирок, эбин табат.
Ак бата, сөзүн айтып,
Артыман ээрчий басып,
Бозоруп калып калат.

Асылым, апакем ал,
Күн нурум, жарыгым ай

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана НЕГИЗГИ ФОНД БӨЛҮМҮ
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 482736

АПА

Түйшүк менен өтсө дагы күнүңүз,
Мага чексиз бул ааламда сүйүүңүз.
Таянычым, сырдашарым, жөлөгүм,
Жаным апам, узак өмүр сүрүңүз.

Сиз бар үчүн жашоо мага санаасыз,
Сиз бар үчүн кадам таштайм катасыз.
Акылманым, кеңешээрим апакем,
Теңдеши жок, мага ыйык адамсыз.

Ооба апа, чарчабаган жөлөксүз,
Кыйшайбаган, тажабаган өбөксүз.
Ай, күн мага сиздей нурун чачпаган,
Өмүрүмө багыт берген өрнөксүз.

Сиз бар үчүн жашоом тегиз бөксөрбөйт,
Жарык шоола нурун чачат, өзгөрбөйт.

КУЧАК ГҮЛГӨ ОРОДУМ

Кантээр экен дебесем да кубаты,
Толуп турса деп ойлондум кулачы.
Белегиме беремин деп гүл алдым,
Апакемдин араң жетсе кулачы.

Кубантам деп, кубанса деп жандадым,
Шуру мончок, алтын, жакут камдадым.
Бирок, бирок, кучак жетпес гүлүмдү,
Апакеме бүгүн гана арнадым.

Дагы эмне алайын деп ойлодум,
Тизип баарын, тизмектедим, болжодум.
Алгач ирет бүгүн гана апамды,
Мен ойлогон кучак гүлгө ородум.

Берсем дагы белектердин түркүнүн,
Актай албайм апакемдин түйшүгүн.

ЖАШАП ЖҮРӨМ БАКТЫЛУУ

Эрки күчтүү, бул ааламда сабырдуу,
Төрүбүздүн көркү болгон кадырлуу.
Жароокерим, таянычым жөлөгүм,
Сиз бар апа жашап жүрөм бактылуу.

Жакшы сөздүн бардыгына татыктуу,
Кеңешчимсиз, колдоочумсуз акылдуу.
Адамдардын катарына кошулуп,
Аалам көрдүм жашоодо сиз аркылуу.

Бул жашоодо өмүр сүрүп татыктуу,
Апа сиз бар жашап жүрөм бактылуу.
Ийгилигим болсо эгер кубанып,
Өзгөрбөйсүз, өзгөрбөйсүз сабырдуу.

ОШОНДОГУ МҮНӨЗҮМ

Насаат айтса капарыма илбедим,
Маани берип маңызын эч билбедим.
Эмне мынча көп сүйлөйт деп апамды,
Кээ бир күнү кадимкидей тилдедим.

Анча-мынча боёк коштоп өңүмдү,
Бой жеткендей сезген окшойм өзүмдү.
Өткөөл курак ошондогу мүнөзүм,
Булут эмес, туман каптап көзүмдү.

Уй сааганды, нан жапканды үйрөнүп,
Кылганымды милдет кылып түнөрүп.
Чоң турмушка даяр болуп калгандай,
Алыстарга кетким келчү күүлөнүп.

Туура көрүп ойлорумду ойлогон,
Адам жоктой айланамда колдогон.
Капаланып болбогонго таарынсам,
Ошондо да апам мени коргогон.

Түркүн ойго салгам дагы ошончо,
Апа, апа түшүнгөнсүз ошондо.

АПАКЕМДИН КОЛУНАН

Далай ирет чачым сылап тараган,
Жыгылба деп чалынганда кармаган.
Нан бышырган апакемдин колунда,
Береке бар, ырыскы бар жайнаган.

Чаң жугузбай жетелеген, көтөргөн,
Кучагы кең аалам батат көйкөлгөн.
Чок кармаган апакемдин колунда,
Касиет бер мен таппаган өзгөдөн.

Бакчабызга жан киргизип гүлдөткөн,
Жерди тырмап кетмен, күрөк сүйлөткөн.
Апакемдин мээнет тарткан колдору,
Кандай жумуш, жасап баарын үйрөткөн.

Шырдак, кийиз, чепкен, көйнөк саймалап,
Керек болсо отун жарат балталап.
Колу менен жасап берген тамагы,
Апакемдин дароо мага байкалат.

Баспасам да апам баскан жолунан,
Үлгү алам, үлгү алам колунан.

МЕНИ ГАНА ОЙЛОГОН

Балапанын коргогондой кузгундан,
Тосуп жүрөк көп нерседен коргогон.
Ырыскысын оозго салар, карматып,
Апакем ай, мени гана ойлогон.

Колдогондо багытымдан адашпай,
Аяр басып, таштап кадам акырын.
Ордумду таап жашап келем өмүрдө,
Пайдаланып апакемдин акылын.

Кечиримдүү, асылымсыз боорукер,
Чечип берип тоскоолдуктун түйүнүн.
Ишенээрим, сырдашарым апакем,
Кейибестен, тартсаңыз да түйшүгүм.

Тосуп жүрөк, көп нерседен коргогон,
Апакем бар мени гана ойлогон.

СӨЗ ТАБАЛБАЙМ МАКТАГАН

Эгер менин жан дүйнөмө батпаган,
Сырым айтсам эч бирөөгө сатпаган.
Жалгыз гана ишенээрим, жөлөгүм,
Апакеме сөз табалбайм мактаган.

Кандай учур, кабагымдан байкаган,
Акыл айтып, адам бол деп таптаган.
Бул ааламда таянарым, өбөгүм,
Апакеме сөзүм жетпейт мактаган.

Арзыбаган болсо дагы барктаган,
Белегимди аяр кармап сактаган.
Жок дегенде жылуу сүйлөп кубантып,
Апакеме кеп табалсам мактаган.

Барганымда дасторкону жайнаган,
Бар тапканын балама деп камдаган.
Кучагыма бекем кысып апамды,
Жакшы сөзүм айтсам кана, мактаган?

Ойлоп жүргөн, көңүлүмдө каалаган,
Опол тоодой эмгегиңди баалаган.
Жетип барып кучагыңа апаке,
Сүйүндүрүп сөз айталсам мактаган.

Көргүм келет көзү күлүп жайнаган,
Апакемдин кубанганын ар качан.

* * *

Сыйкырдуу кубатыңыз,
Кең дүйнө кулачыңыз.
Теңдешсиз бир керемет,
Апаке кучагыңыз.

Өзгөрбөй пейилиңиз,
Өлчөнбөй сезимиңиз.
Алмашкыс эч нерсеге,
Апаке мээримиңиз.

Нур чачып кабагыңыз,
Гүл аңкып жамалыңыз.
Биз үчүн ыйык билем,
Апаке карааныңыз.

Оорубай көңүлүңүз,
Кемибей өмүрүңүз.
Сый көрүп баарыбыздан,
Жашаңыз өкүнүчсүз.

Апакем кадырлуусуз,
Апам бар бактылуубуз.

АПАМДЫН ТАРБИЯСЫ

Апамдын мага берген тарбиясы,
Жыкпады таштак жолдо тайгалансам.
Ишенип колдоп, жөлөп, таяганы,
Сүрөдү көп нерседен тайсалдасам.

Апамдын мага айткан акыл сөзү,
Үйрөттү адал оокат тапканыма.
Жол салды мээнет менен тыным билбей,
Жашоодо адам болуп басканыма.

Апамдын мага койгон талабынан,
Чындыктын жетким келет тереңине.
Денимдин сактыгына шүгүр айтып,
Элимдин жарасам дейм керегине.

Апамдын мага айткан насаат кеби,
Көтөрүп мүнөзүмдү жалгыз өзү.
Туруктуу адам бол дейт өзгөрбөгөн,
Тарбия берип келет жакшы сөзү.

Апамдын мага берген тарбиясы,
Түбөлүк жол көрсөтөт басканыма.

АТАМ, АПАМ – БААТЫРЫМ

Жашоо берген, өмүр берген жарыгым,
Теңдеши жок бийиктерим, асылым.
Азыр дагы кадимкидей коргогон,
Атам, апам ааламдагы баатырым.

Өмүрдөгү таянарым жакыным,
Сиздер менен толукталат акылым.
Сырдаш, курдаш, калканым да, тирегим,
Атам, апам күнүм, айым, бардыгым.

Эркелесем картайбаган жамалым,
Кучак жайсам керилет төрт тарабым.
Мен жашоону сиздер менен тааныдым,
Атам, апам менин дүйнөм, ааламым.

Насаатчым да, кеңешчим да, жакыным,
Атам, апам эрки күчтүү баатырым.

АЛ МЕНИН, МЕНИН АТАМ

Акырын акыл айтса түздөп катам,
Ак тилек, батасынан кубат алам.
Ар качан адам бол деп жол көрсөткөн,
Ал менин, менин атам, менин атам.

Жашоомо жылуу мээрим тартуулаган,
Сабырдуу, сыноолорго багынбаган.
Билгизбейт капалыгын, кайгырганын,
Ал менин, менин атам жаркылдаган.

Калкалап канатына коргоп турган,
Кастарлап дайым бизди ойлоп турган.
Оюмду уга билип, кеңеш айтып,
Ал менин, менин атам, колдоп турган.

Атам бар бакыт үйдө орноп турган,
Атам бар бизди дайым коргоп турган.

АТАКЕМ МЕНЕН АПАКЕМ

Көргөзүп дүйнө, ааламды,
Көтөрүп түйшүк, санаамды.
Чаң жугузбай чоңойткон,
Туу тутам атам, апамды.

Акылын айтып таптаган,
Түйшүгүмөн качпаган.
Атакем менен апакем,
Эч качан мени сатпаган.

Дайым издеп жоктогон,
Жүрөгүн тосуп, коргогон.
Атакем менен апакем,
Күнүгө мени ойлогон.

Батасын айтып, биз деген,
Керегим камдап издеген.
Тапканын берип балам деп,
Түрлөнүп кийим кийбеген.

Калкалап кара булуттан,
Кетирсем ката, унуткан.
Асылым ата-апакем,
Канатын жайып учурган.

Түйшүгүм тартып чоңойткон,
Тартуулап жашоо жомоктон.
Атакем менен апакем,
Калканым, мени коргогон.

АТАКЕ

Жол карап күткөнүңүз эстегенде,
Карабай кетким келет эч нерсеге.
Атаке жумушума шылтоо айтып,
Кайдыгер канча жүрдүм мен эмнеге?

Бүркөлүп кусалыктан кабагыңыз,
Кубарып сагынычтан жамалыңыз.
Ар күнү жол боюнда күттү бекен,
Атаке, сиздин тоодой карааныңыз?

Элестеп көз алдына паанегиңиз,
Сагынган сизди ата данегиңиз.
Келет деп ак жол тилеп күттү бекен,
Жаш алып сагынычтан карегиңиз?

Жоголсун күтүү деген көйгөйүңүз,
Кубаттуу чыгып ата сөздөрүңүз.
Жол алып бүгүн сизге баратамын,
Кубансын кубанычтан көздөрүңүз.

АЛМАШ ДЕСЕ

Бирөөгө жаштыгыңды алмаш десе,
Кыйылбай апакеме берээр элем.
Отуздун атыр жытын тапкан болсом,
Апама отуз ирет себээр элем.

Бирөөгө ден соолугуң алмаш десе,
Атама ден соолугум берээр элем.
Өлбөстүн суусун эгер тапкан болсом,
Атама алып учуп жетээр элем.

Ааламды жети кабат айлан десе,
Ээрчитип мен экөөнү сөйөнмөкмүн.
Же барбай жердин бетин кыдырганга,
Атакем, апакемди жөнөтмөкмүн.

Адамды сени тапкан сат – дешкенде,
Атамды, апамды да сатпайт элем.
Башымды канжыгага байлап коюп,
Асылым мен экөөнү сактайт элем.

Өмүрүм мен экөөнө арнайт элем,
Атакем, апакемди сактайт элем.

ЭНЕНИН ЖҮРӨГҮНДӨЙ

Чок кармап, отко күйүп багынбаган,
Балам деп өрттү кечип жалындаган.
Эненин жүрөгүндөй жүрөк берсе,
Билгизбей капалыгын, жаркылдаган.

Тапканын чачып берип санабаган,
Баласын ойлоп, өзүн карабаган.
Эненин сезиминдей сезим берсе,
Кан-жанын эч нерседен аябаган.

Эр жетсек да баарыбыз эркелеген,
Жалынып небересин жетелеген.
Эненин мээриминдей мээрим берсе,
Өмүргө жарык нурун себелеген.

Көңүлү ооруса да, оорубаган,
Жашоону жакшылыкка толуктаган.
Эненин сүйүүсүндөй сүйүү берсе,
Түбөлүк булак өңдүү соолубаган.

БАКЫТ БОЛОТ

Бакыт деген – апакемдин күлгөнү,
Эркелесем, жамалымдан сүйгөнү.
Атакемдин айткан сөзүн кубаттап,
Маңдайымда ал экөөнүн жүргөнү.

Бакыт деген – үй-бүлөмдүн бүтүнү,
Дайым чыгып коломтонун түтүнү.

Кубандырат күлүп-ойноп балдарым,
Дасторкондо калса нандын күкүмү.

Жарык чачып ынтымактын коргону,
Ооба, бакыт – дос-туугандын болгону.
Дүйнөң түгөл болбосо да жетээрлик,
Казаныңа ырыскынын толгону.

Бакыт болот – тирүүлүктү сезгеним,
Бул өмүргө адам болуп келгеним.
Орундалып ойлоп алган максатым,
Нурун төгүп тосуп алса эртеңим.

Бакыт болот – тынчтык каптап жер бетин,
Бул ааламдан тирүүлүктү сезгеним.

ЭНЕКЕ

Өз кызындай кабыл алган энекем,
Үйдүн куту жаркылдаган берекем.
Ушул күнкү өздүк майрам кут болсун,
Аздык кылат сизди күнгө теңесем.

Үйүбүзгө жарык берген шамдайсыз,
Караңгыда шоола чачкан айдайсыз.
Куттуу болсун эне туулган күнүңүз,
Сиз бар үчүн таңдар атат армансыз.

Акылманым, баарыбызга үлгүсүз,
Кеңеш айткан каранарым, күзгүсүз.
Сыймыктанып сыйлап алам, энеке,
Куттуу болсун туулган ушул күнүңүз.

Шаңдуу чыкса эне сиздин күлкүңүз,
Күндө майрам боло берет үйүбүз.

ЭНЕ БОЛОТ

Шаңга бөлөп үйүндөгү бакытты,
Өчүрбөгөн күйүп турган жарыкты.
Турмуш деген кең дайрага бет алчу,
Эне болот тазалаган арыкты.

Гүлгө ороп тамыр жайган багыңды,
Соолутпаган жашоо деген шагыңды.
Жаман адат, сапатыңды жашырып,
Эне болот коргоп турган баарыңды.

Ооруганда дарылаган көөнүңдү,
Алкоо айтып кубаттаган сөзүңдү.
Кандай түйшүк болсо дагы көтөрүп,
Эне болот карап турган көзүңдү.

Барктайлычы эне деген бакытты,
Үйүбүзгө шоола берген жарыкты.
Эгер кетсе бул ааламдан бир күнү,
Ала кетет күйүп турган жарыкты.

Өчүрбөйлү эне деген жарыкты!

БАЛАҢ БОЛСУН

Кучагыңда кучактап эркелеген,
Ээрчип алып ар качан жетелеген.
Балаң болсун үйүңдү базар кылып,
Арнаганың, тапканың керектеген.

Түйшүгүнө оронтуп чылбырлаган,
Байлап сени бакытка чынжырлаган.
Өжөрлөнүп айтканын коё бербей,
Балаң болсуң аркаңда чырылдаган.

Шаңга бөлөп жашооңду сулуулаган,
Үй-бүлөңдү бекемдеп жылуулаган.
Балаң болсун баркыңды билген, бирок,
Чоңойтконуң кастарлап унутпаган.

Кандай мээнет тартканың элебеген,
Кыйналганың кыйшайып кенебеген.
Балаң болсун, түйшүгүн тартсаң дагы,
Салган төшөк, килемиң тебелеген.

Балаң болсун, колуңдан жетелеген,
Кучагыңда кубантып эркелеген.

БАЛДАРЫМДЫ ОЙЛОЙМУН

Угуп талдап, акыл сөзүн жандадым,
Апам баскан жолун басып тандадым.
Жаштыгымдын кандай, кантип өткөнүн,
Бүгүн мына балдарымдан байкадым.

От жагалбай, же кайнабай чайыбыз,
Атаар эле бозоргондой таңыбыз.
Апам үйдө болбой калса жол карап,
Мезгил өтпөй, күтөр элек баарыбыз.

Жаныбызда жүрүңүз деп ар дайым,
Кетпе дешет азыр мени балдарым.
Кучакташып, кучагынан чыгарбайт,
Капысынан чыгып калса сапарым.

А азыр мен балдарымды ойлоймун,
Канат жайып, калкан тосуп коргоймун.
Акыбалын сурап кээде апамдын,
Телефондон саламымды жолдоймун.

Билсем дагы апам мени ойлоорун,
А мен болсо балдарымды ойлоймун.

Жүрөгүмдөн өчпөгөн ушул жарык

АЛАЙЛЫКТЫН АРТЫНАН

Ташын терип сыйпалап тиргиликтин,
Даамын татып акырын ийгиликтин.
Балдарыма жүрөмүн арнап өмүр,
Колун кармап Алайлык бир жигиттин.

Мээримимди кызындай төккөндүрмүн,
Салт-санаага баш ийип көнгөндүрмүн.
Балам, кызым бой тиреп өскөн менен,
Кайын журтка түбөлүк өзгөндүкмүн.

Тандап жүрөк жарымды тапкандырмын,
Даамын бирге бакыттын таткандырмын.
Алайлыктын артынан сөздү гүлдөп,
Ыр чиймелеп а балким, жаткандырмын.

Алайлыктын артынан калем кармап,
Ыр дүйнөгө баш багып калгандырмын.

ТҮБӨЛҮККӨ АЛЫП КАЛ

Ойлогонуң, издегениң балким ал,
Эмне дейсиң менмин десем асыл жар?
Эркиң жетсе коштошууга жеткирбей,
Жароокерим бир өмүргө алып кал.

Тандаганың, жандаганың мүмкүн ал,
Жалгыз өзүм болгондоймун сага жар.
Кетирүүнүн эч амалын ойлонбой,
Жароокерим кучагыңда алып кал.

Сенден калган жүрөгүмдө тагым бар,
Күчүң жетсе сүйүүң менен алып сал.
Сен айтпасаң мен айтайын сезимим,
Жароокерим түбөлүккө алып кал.

Кечиктирбей Алайыңа алып бар,
Ак жоолугуң салып мени алып кал.

КЕТКИМ КЕЛЕТ АЛАЙЫҢА

Түрөчүң болуп сенин канатыңа,
Кайылмын кандай десең талабыңа.
Ызы-чуу калаа мага жакпай турат,
Жакшынам, алып барчы Алайыңа.

Карасам дагы сенин кабагыңа,
Албайсың айылыңды капарыңа.
Кең пейил адамдарга аралашып,
Жашагым келип жүрөт Алайыңа.

Чыдаймын кандай түйшүк, азабына,
Чөп жыйнап, мал киргизип сарайыңа.
Калаадан эмнегедир тажап турам,
Жол алып кетеличи, Алайыңа.

Эмнеге кеткиң келбейт Алайыңа?
А менин кетким келет Алайыңа.

ЖОЛДОШУМ

Оорутпай көңүлүмдү карап турган,
Оорусам дартым сезип аяп турган.
Жан биргем, айым, күнүм, бүт ааламым,
Жолдошум, мени дайым таяп турган.

Жашоомду боёп, кооздоп, саймалаган,
Түйшүгүм көтөрүүдөн чарчабаган.
Экинчи жаралууга мүмкүн болсо,
Жүрөгүм тандайт аны кайра баштан.

Көз караш айттырбастан сезип баарын,
Жайдары мүнөзү эле жеңет баарын.
Жолдошум, балдарымдын атакеси,
Мен үчүн тосуп жүрөк, кечет жалын.

Жолдошум, жомок жашоо тартуулаган,
Дүйнөдө кайталангыс жакшы адам.

БИЗ ТАЛАПКЕР БАКТЫЛУУГА ТАТЫКТУУ

Окшош жандар эгер болсо бактылуу,
Биз талапкер бактылууга татыктуу.
Сапатымдын кандайлыгын билбедим,
Жөлөгүм ал токтоо мүнөз, сабырдуу.

Эгер карап, бизге көңүл бөлгөндөр,
Же болбосо алгач ирет көргөндөр.
Бир туугандай окшошсуңар дегенде,
Эч оюм жок өзгөрүлүп, өзгөрөөр.

Учурунда тааныш элек достошкон,
Мезгил өтүп бекем сүйүү орноткон.
Ортобузда балдарыбыз жетелеп,
Түгөйдөнбүз бир туугандай окшошкон.

Окшош жандар эгер болсо бактылуу,
Биз талапкер бактылууга татыктуу.

ЖАКШЫ КӨРӨМ

Капаланам, кээде сөз угуп калып,
Кайра эле жазылам, унуткарып.
Жароокерим, жакшынам, жаным, күнүм,
Жакшы көрөм сизди мен ушунчалык.

Пейлиңизди жактырам, сабырдуусуз,
Салыштырбайм эч кимге, акылдуусуз.

Үй-бүлөнүн байрагын бийик кармап,
Алай элдин мырзасы, аныk уулсуз.

Жараткандын бергени, тилегимсиз,
Аралашсам жумушка, билегим сиз.
Кош жүрөктүн жарымын толуктаган,
Жаным менин жакшынам, тирегим сиз.

Жүрөгүмдөн өчпөгөн ушул жарык,
Жакшы көрөм мен сизди ушунчалык.

КАНТЕМ АНДА?

Жакынкы күн жөнөп кетсе жакшынам,
Куса болом, күтүп анда сагынам.
Капысынан кетем десе көлүмө,
Калбай эле жетип барам артынан.

Бүгүн, эртең жол алганда жакшынам,
Ээрчийинчи, ээрчип көрөм, жалынам.
Көнүп эле калган окшойм, билбедим,
Бир мүнөт да чыккым келбейт жанынан.

Кандай болот көлгө кетсе жакшынам,
Караанына кадимкидей зарыгам.
Жумуш менен баратамын дегенде,
Таарынам да кайра эле жазылам.

Бир аптага мени таштап кетсеңиз,
Кантем анда, кантем анда, жакшынам?

ЫРЛАРЫМДАН ТАЛАШПАҢЫЗ

Кызганып ырларымдан сурак алып,
Кээ күнү ызаланып, тура калып.
Сиз менен жаным бирге экендигин,
Билбейсиз жароокерим туталанып.

А ырлар жан дүйнөмдүн баласы да,
Сүйүүнүн агы менен карасы да.
Түркүн ой кыялымды ээлеп алган,
Сезимдин сизге деген жарасы да.

Сүйдү деп ким бирөөнү, адашпаңыз,
Кызганып күмөн санап, карашпаңыз.
Элиме керек жанмын билинбеген,
Жакшынам, ырларымдан талашпаңыз.

Жактырбай ырларымды жек көрөсүз,
Кызганып, кызганычты эп көрөсүз.

СИЗ МЕНЕН БАРГЫМ КЕЛЕТ

Кеңешчим акылдашсам ойлорума,
Тирөөчүм керек дайым оң колума.
Жүр кеттик дегениме көнбөдүңүз,
Сиз менен баргым келген борборума.

Тартуулап жарык маанай кабагыма,
Айланган жан шеригим караанына.
Беш күнгө сизден кантип ажыраймын,
Түшүнүп кошо жөнөң абалыма.

Ак бата берген менен жолдорума,
Таянып алыптырмын жолдошума.
Баары бир алып кетем жан шеригим,
Кантемин өзүңүзсүз борборумда.

Баштарак жалгыз эле жүрө берсем,
Ал азыр, сиз жок барбайм борборума.

СҮЙҮП КАЛДЫМ

Сүйүүнү кайра балким өткөрөмүн,
Кучагың болуп менин көксөгөнүм.
Балдардын түйшүгүнөн арылганда,
Эмнеге он сегиздей өрттөнөмүн?

Атасы, балдарымдын сүйүп калдым,
Жумуштан келээриңди күтүп калдым.
Жанымдан бир мүнөт да чыкпаса деп,
Билбеймин, мен эмнеге күйүп жандым?

Ансыз да таңдан кечке сени ойлойм,
Суктанып жамалыңа неге тойбойм?
Тоскоолдук жараттымбы жумушуңа,
Тынчы жок, телефондун жанын койбойм.

Жакшынам, кайра сени сүйүп калдым,
Жол карап келээриңди күтүп калдым.

АЛЫП КЕЛСЕМ БОРБОРУМА

Тиктеди, сезип калды, ким карады,
Дебестен... жүрү десем тил алабы?
Ээрчитип эле кетип калгым келет,
Жан биргем, бул өмүрдө бир адамды.

Алайлык жигит ага көнгөн менен,
Ээрчийт ээ не бир түркүн сөздөр деген.
Акыры алып кетти аркалык деп,
Карашат жаман көргөн көздөр менен.

Ээрчитип алып келсем борборума,
Ишенем жараткандын колдооруна.
Аркалык кызы дешип кайын журтум,
Түркүн ой алса кантем ойлоруна?

Борборум мени дайым тарта берет,
Алайлык жигит Ошко кайта берет.

КАРЫЛЫККА ЖЕТЕЛЕШИП ЖЕТЕЛИ

Мезгил келсе бырыш баскан бетиме,
Сен абышка сакал койгон ээгиңе.
Ошондо да дал ушундай ээрчишип,
Ишенемин, сени сүйөм дээриңе.

Тандаган соң биз өмүрдүн багытын,
Өчүрбөйлү сүйүүбүздүн жарыгын.
Мезгил келсе бул учурду эскерип,
Билгим келет жаштык доордун кадырын.

Жаштык өчпөс арал тапсак кетели,
Өмүр таттуу экендигин сезели.
Же болбосо сүйүүбүздү өчүрбөй,
Карылыкка жетелешип жетели.

Сен абышка, а мен кемпир балпайган,
Адам бойдон калсак жетээр баркталган.

СҮЙҮКТҮҮМ БАР

Жашоосун мени менен элестеткен,
Ээрчитип үч баламды жетелеткен.
Жапжалгыз жүрөгүмдөн орун алган,
Сүйүктүү сүйгөнүм бар эркелеткен.

Эч кимге көз артпаган, сук артпаган,
Сөзүмдү жерге чаппай, кубаттаган.
Жашоосун балдарына, мага арнап,
Сүйгөнүм, сүйүктүүм бар урматтаган.

Көңүлүн эч бир жандын оорутпаган,
Мээрими жан дүйнөмдү толуктаган.
Башчысы үй бүлөмдүн, жароокерим,
Өмүрү узун болсун оргуштаган.

Бактылуу күнгө бизди жетелеген,
Сүйүктүү жарым болот эркелеткен.

* * *

Ыр жазсам тийишпеген,
Көз салып киришпеген.
Жошоодо тирегим бар,
Сүйгөнүм жүрөгүм ал,
Көп адам билишпеген.

Түшүнүп, алактабайт,
Ырымды баракатабайт.
Колдоочум, жөлөгүм бар,
Баламдын атасы ал,
Жөнү жок шарактабайт.

Көтөрүп, барктап алаар,
Үшүтпөй күйүп жанар.
Сүйгөнүм, сүйүктүүм бар,
Жүрөгүм, түгөйүм ал,
Биз үчүн, биз деп жашар.

МЕН КЕРЕКМИН

Унутулуп баратса да кечээкиң,
Жараткандан сага келген белекмин.
Сезимимди, кадырымды барктай бил,
Мен ааламга, мен дүйнөгө керекмин.

Мен керекмин, сага анан башкага,
Досторума, тууганыма, канчага.
Кучак жайып тосуп алчу ар качан,
Асылдарым, атам менен апама.

Нурун чачып, жашоо берген заманга,
Салкын жели беттен сүйгөн шамалга.
Керек болсо жамгыр, сууга, табият,
Мен керекмин сүйлөбөгөн ташка да.

Мен керекмин, сага анан баарына,
Кыргызыма, эли журтум, жалпыга.

АТА КҮЧТҮҮ

Жетелеген таяныч бар колунда,
Айткандары болгон үчүн ордунда.
Менин атам күчтүү деген ишенич,
Балдарымдын жашайт дайым оюнда.

Күн, ай, жылдыз көк тиреген асманы,
Дүйнөдөгү кол жетпеген каарманы.
Атакеси балдарыма сезилет,
Жүрөк тосуп, коргоп турган калканы.

Ата, ата, бала үчүн акылман,
Кучак жайып кубандырган жарык таң.
Үй-бүлөнүн ынтымагын кармаган,
Орду бийик, өзгөчө жан кадырман.

Багыт берип, жакшы жолго ээрчитет,
Насаат айтып, каталыгын кечирет.
Дүйнөдөгү эң акылман, кол жеткис,
Бала үчүн ата күчтүү сезилет.

Арноо ыры

ЖАРЫМА

Катаал мүнөз менде да бар өзгөргөн,
Өзүмдүкүн туура көрүп, көгөргөн.
Жакшы жагым эл алдына чыгарып,
Сиздей жанга алкыш айтам, көтөргөн.

Дайым колдоп, тирөөч болуп жандаган,
Кадамыма кеңеш берип, байкаган.
Асыл жарым, сиздей жанга миң алкыш,
Бул өмүрдө мени менен жашаган.

Айтканымды угуп, талдап ойлогон,
Калыс сөзүн айтып, бизди колдогон.
Үй-бүлөмдүн башчысына миң алкыш,
Балдарымды, мени дайым коргогон.

Билбесем да эмне экен теңсиздик,
Бизде билем чеги менен эркиндик.
Сиз бар үчүн жашап жатам жомокто,
Талашы жок өкүм сүрүп бейпилдик.

Тосуп жүрөк калкан болгон дайыма,
Алкыш айтам сиздей асыл жарыма.

БАЛДАРЫМ

Эрким жетпей калгычакты колдоого,
Алып дайым калкан болом коргоого.
Жаным берем керек десе балдарым,
Акым да жок жаман ойду ойлоого.

Пайдубалын куруп жаткан эмгегим,
Ишенемин текке кетпес мээнетим.
Чарчоосу жок, көңүлүмдү көтөргөн,
Силер деймин жарык чачкан эрмегим.

Ушулар бар басып, жашап жүрөмүн,
Керек болсо сууруп берем жүрөгүм.
Бакыт жашоо, узун өмүр кааларым,
Силерсиңер келечегим, күдөрүм.

Келечегим, менин дүйнөм балдарым,
Ачык болсун маанайыңар ар дайым.

* * *

Максатына жетемин деп көздөгөн,
Кыялында көп нерсени көксөгөн.
Жан дүйнөсү ак баракгай балдарым,
Жашырганда сырың төгүп, өрттөгөн.

Кээде кежир, жумшаганга көнбөгөн,
Мүнөзү курч тартынбаган, өзгөдөн.
Конок келсе кетесиңби деп айтып,
Уят кылып, үйрөткөндөй жөөлөгөн.

Ишенишет, жетеленип кыялга,
Үмүттөрү жашайт бийик кырларда.
Менин жашоом, келечегим балдарым,
Өксүк билбей жашагыла жыргалда.

Канат жайсам, канатымда ар дайым,
Коштоп учаар жашоом менин балдарым.

ЖАНЫМ КЫЗЫМ

Жараткандан тилеп алган белегим,
Жаным кызым жашоом, күнүм, эрмегим.
Акырындап келатасың бой жетип,
Жумушумду колдон алып, элпегим.

Байкаганга көчүрмөмсүң көчүргөн,
Тиктегенде көрөм мени көзүңдөн.
Сүйлөгөнүң, басканың да жүрүшүң,
Жаштыгымды тапкандаймын өзүңдөн.

Келечекте ишеничим актаган,
Намыска бек калыс жолду тандаган.
Жүрөгүңдө абийир бекем орногон,
Эл кызы бол, калкың сени мактаган.

Бул заманда өмүр сүрүп татыктуу,
Кыргызымдын кызы болгун бактылуу.

ЭКИ УУЛУМ

Жашоодо жөлөк болгон кубатым да,
Колумду жайганымда кулачым да.
Өмүрүм толукталат бөксөөсү жок,
Эки уулум мага канат учканымда.

Сөз менен айта албаган сезимдемин,
Апоов деп эркелешсе, элжиреймин.
Келечек, кыялдарын укканымда,
Кубанып, кубанычтан семиремин.

Дүйнөмө боёк берип кооздоп турат,
Карааным издеп турат, жоктоп турат.
Эрмегим, келечегим, эки уулум,
Ар дайым айтканымды колдоп турат.

Ооруса кошо ооруп, өрттөнөмүн,
Кубанса кошо күлүп, көйкөлөмүн.
Кез-кезде ата-бала ортосунда,
Ортомчу боло калып, өзгөрөмүн.

Балдарым, учканымда канат болот,
Аларсыз жашоо мага азап болот.

ПОЭЗИЯДАГЫ АПАМА

Америка жерин ырга багынтып,
Кыргыз үнүн тээ бийикте жаңыртып.
Жаркылдаган апам азыр ыраакта,
Ушунчалык бирок бизди сагынтып.

Күтүп жолун, кусалыктан оорудум,
Түшкө кирсе келет го деп жорудум.
Сагынганда, сагынганда апамды,
Миң кайталап ырын улам окудум.

Ойлой берем апакемди күнүгө,
Муктаж болуп, бата берген үнүнө.
Сагынганда жыттап алам жоолугун,
Жыты сиңип калган болчу гүлүнө.

Бирок апам жүрөт азыр алыста,
Келип калар деп ойлоном, жакында.

* * *

Жашоомдун, жан дүйнөмдүн себептерин,
Жазууга ар качан да керектээрим.
Акындык жолго сүйрөп жетелеген,
Жан курбум калем сабым, демек менин.

Бааланып калсаң дагы арзыбаган,
Тыйынга сатыласың жарыбаган.
Мен үчүн өтө ыйык сезилесиң,
Эмгегиң опол тоого багынбаган.

Сөзүңдү ак баракта талкуулаган,
Оюңду сыйкырында аруулаган.
Адам бол, андан кийин акын бол деп,
Калем сап апам мага тартуулаган.

Баа жеткис, барктуу мага бул калем сап,
Ырымдап мага апам тартуулаган.

КЕНЖЕ ЭЖЕМЕ

Чындык менен ажырабай достошкон,
Эки жүздүү адамдардан коштошкон.
Аялдардан чыккан эркек эжемди,
Кыз Сайкалга, Каныкейге окшотом.

Эмгектенет өз ишине берилип,
Жүрө албайт манчырканып, керилип.
Жөнөкөйлүк мүнөз менен талыкпай,
Жасап жатат бийик-бийик секирик.

Эл ичинде орду бийик татыктуу,
Кенже эжем үлгүлүү жан акылдуу.
Асыл жанды колдоп жүргөн ар качан,
Жездекебиз анык мырза бактылуу.

Жарыгыңыз кыргызыма тийип кең,
Көрөм дагы сизди далай бийиктен.
Өмүрүңүз узун болсун, эжеке,
Таазим айтам өз башымды ийип мен.

БИР ТУУГАНЫМ

Балдагым жыгылганда таянгыдай,
Айнегим, сын укканда карангыдай.
Колдогон төрт тараптан бир тууганым,
Ар качан коштоп учкан канатымдай.

Уктасам жаздап жатчу жаздыгымдай,
Жашоомду толуктаган байлыгымдай.
Курдашым, сырдашым да бир тууганым,
Кудайым кошо жазган тагдырымдай.

Дайыным, чыкпай калса жоктой албайт,
Кастарлап, жүрөк тосуп коргой албайт.
Жашоодо силерчелик эч бир пенде,
Бир боорун колун сунуп колдой албайт.

Ишенип өр алганда өбөгүмсүң,
Бир боорум, бир тууганым, жөлөгүмсүң.

ОО АСЫЛЗАТ

Оо асылзат, ай чырайлуу айымдар,
Апам, эжем, кызым, сиңдим, баарыңар.
Жаз айында кирип келген кубантып,
Куттуу болсун сегизинчи мартыңар.

Башым ийем эне деген затыңа,
Таазим этем аял деген атыңа.
Оо асылзат, үйдүн куту айымдар,
Куттук айтам, куттук айтам жалпыңа.

Узак жашоо, бекем соолук каалаймын,
Ачык болсун маанайыңар ар дайым.
Оо асылзат жаздын көркү аял зат,
Куттуу болсун ушул күнкү майрамың.

Оо асылзат, оо асылзат айымдар,
Куттуу болсун сегизинчи мартыңар.

АЙТ МАЙРАМ

Эне-ата, дос, тууганга амандаш,
Акыбалын сура, бүгүн кабарлаш.
Конок келсе кучак жайып тосуп ал,
Айт майрамың куттуу болсун, замандаш.

Ачып берип ынтымактын каалгасын,
Бир-бирине жакшы сөзүн арнасын.
Ар бир үйгө конок келип кызырдай,
Бар тапканы дасторкондо жайнасын.

Биримдиктин туусу бийик орносун,
Артып берип ырыскынын олжосун.
Оомат кетпей, оомат кетпей элимден,
Жаратканым баарыбызды колдосун.

Ырыскынын нуру жанып жериме,
Ушул күнү оомат келсин элиме.

"ЭЛFM" ЭЛДИК РАДИОСУНА

Мукам обон сайрап таңда жериме,
Жакшы маанай тартуулашат элиме.
Мен сыйлаган ЭлFMдин ырлары,
Бир башкача бүлүк салат сезимге.

Тыңдаганда жакшы ырлар жаңырат,
Угармандын чери укмуш жазылат.
Канчалаган өнөр сүйгөн жаштардын,
ЭлFMден таланттары ачылат.

Көрүп келем ар тараптан колдоосун,
Сезген жокмун эч убакта жолтоосун.
Төгөрөгү төп келишкен ЭлFM,
Куруп койгон талаттардын ордосун.

Далай жаштар ынтымакта биригип,
Жаратууда ЭлFMге ийгилик.
Каалайм дайым тунук эфир силерге,
Алкыш айтып, таазим кылып ийилип.

«САНЖЫРА» РАДИОСУНА

Оболосун дагы далай, сан жылга,
Кыргыз эмес бүт ааламды жаңырта.
Элибиздин түбү терең ырларын,
Берет дайым радиобуз "Санжыра".

Манас, комуз, чоор, кыягын угамын,
Силер менен өтүп мезгил, убактым.
Сапарлашып канчалаган таланттар,
Ачып жатат жан дүйнөнүн булагын.

Түбү терең булак болгон оргума,
Угуп ырын даба таптым оорума.
Ыраазымын мен силерге «Санжыра»,
Айландыңар жакын сырдаш досума.

Узун жолдо коштоп менин жанымда,
Силерсиңер мага сырдаш дайыма.
Курдашыма жакыныма айланган,
Кыргызымдын радиосу «Санжыра».

«КЫРГЫЗСТАН ОБОНДОРУ»

Силер менен ажайып кооз жарык таң,
Кыргыз үнүн кең ааламга жаңырткан.
Радио Обондору кыргыздын,
Чыйыр жолду басып өттү тарыхтан.

Жазылгандай жан дүйнөмдүн жыргалы,
Эх, керемет, кыргызымдын ырлары.
Эң кызыктуу өтөт күнүм ар дайым,
Обондору менен тосуп жылдарды.

Үйүм, унаам обондору жаңырат,
Силер менен черим абдан жазылат.
Элибиздин көтөрөм деп көңүлүн,
Келесиңер жакшы маанай тартуулап.

Күчтүүлөрдөн күчтүүсүңөр билгенге,
Алкыш айтам «Обондору» силерге.
Бар болгула, бар болгула түбөлүк,
Жарык маанай арнап дайым элиңе.

БААРЫҢЫЗДАРГА АРНАЙМ

Көрө билген ар дайым жакшы жагым,
Бир туугандай замандаш, асылдарым.
Ыраазымын сиздерге бул өмүрдө,
Баалуу сөзүн арнаган жакшыларым.

Калам кармап, жазып ыр, тартууладым,
Окусун деп жөнөттүм даамдууларын.
Маанайымды көтөрүп жакшы адамдар,
Сиздерсиздер ырымды талкууларым.

Билбесем да улуубу, кичүү жагың,
Бирок айтам сиздерди бир тууганым.
Окуйсуздар, ар качан колдойсуздар,
Тең бөлүшүп сырымдын бир ууртамын.

Ыраазымын сиздерге асылдарым,
Тамырымда ырларым агат дайым.

ЖАКШЫ КӨРГӨН ЭЖЕМЕ

Кабар алып барганымда жолугуп,
Жан дүйнөмө кубанычты толтуруп.
Не бир түркүн белектерин арнады,
Асыл эжем бүгүн мага кол сунуп.

Ырахматты ырга салып келемин,
Ден соолуктун берсин сизге бекемин.
Кылым ашып жашоо сүрүп өмүрдө,
Жакшы күндүн өткөрүңүз эченин.

Уул-кызыңыз билем эже үлгүлүү,
Тарбияны алып сизден күйүмдүү.
Орундалып ойлоп алган ой-максат,
Мээнетиңиз аткарылсын үзүрлүү.

Жүргөн болсун таза ойлуу асылдар,
Курчап алып, колдоп сизди жакшылар.
Көп адамга мээримиңиз өчпөгөн,
Күн болуңуз шоола чачып жаркырар.

Ырахмат дейм сиздей асыл айымга,
Кызыр колдоп жүрсүн сизди дайыма.

МАСТУРА ЭЖЕКЕМЕ

Из калтырып, эмгектенип, таалыкпай,
Эжекем ай жанын үрөйт чаалыкпай.
ОшМУ үчүн ат көтөргүс жумушту,
Жасап койду, жасап жатат айттырбай.

Жаман сапат менде болсо жойсом дейм,
Сиздей гана асыл адам болсом дейм.
Үлгү алам, сиз үлгүсүз эжеке,
Жан дүйнөмө акылыңыз толсо дейм.

Далай жанга улуу сиздин баркыңыз,
Жети дубан угуп жүрөт даңкыңыз.
Билгендер көп, эмгегиңиз унутпай,
Сый көрсөтүп, сыйлап алат калкыбыз.

БАКТЫГҮЛ ЭЖЕКЕМЕ

Өзгөрбөгөн табигый сулуулукту,
Ачык мүнөз, калыстык, улуулукту.
Сизден гана табамын жароокерим,
Барганымда мээримдүү жылуулукту.

Түнөрбөгөн кабагы, жаркылдаган,
Бетке айтып бардыгын тартынбаган.
Сырым айтып сырдашып бара берем,
Бир туугандай эжекем асыл адам.

Күндүн нурун көрөмүн көздөрүнөн,
Таасир алам укканда сөздөрүнөн.

Кучак жайып кубанып тосуп алса,
Арылгандай боломун көйгөйүмөн.

Чай да калат унутта, олтурганда,
Сөз түгөнбөйт экөөбүз жолукканда.

КАЛЕМДЕШИМЕ

Эч кимден жакшы кеңеш сурабаган,
Чаржайыт элем, оюм уланбаган.
Көңүлүм көтөрүлүп калбадыбы,
Жакшы сөз угуп сизден, кубандырган.

Издедим, урунаарга тоо таппадым,
Урунам дегенимде жол таппадым.
Мен сизге ыраазымын калемдешим,
Жакшы кеп угуп алып жол алганым.

Көтөрүп мүнөзүмдү эркелеген,
Жарк этип жарык нурун себелеген.
Сиздей жан болгонуна ыраазымын,
Кеңешчим жакшы жолго жетелеген.

Калемдеш, оюңузду кубаттадым,
Сизге да байкалдыбы кубанганым?

БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Бүгүн мына күн жаркырап ачылып,
Мектептерде өзгөчө шаң, жаңырып.
Бүтүрүүчү бирок ыза болгондой,
Эң акыркы коңгуроо да кагылып.

Он жыл мурун келип баары, достошкон,
Бир туугандай мамилени орнотқон.
Мотурайган балдар мектеп аяктап,
Кандай кыйын, кандай оор коштошкон.

Максат коюп кадам ташта алдыга,
Келечекте кызмат кылган калкыма.
Адам болгун, адам болгун чыныгы,
Бүтүрүүчү ак жол болсун баарыңа.

Келечекте кызмат кылчу калкыма,
Максат койгун бүтүрүүчү алдыга.

ОГПИ

Тамыры терең,
Тарыхы кенён.
Өзгөгө өрнөк,
ОГПИ деген.

Багынтып келген,
Билими менен.
Сыймгы Оштун,
ОГПИ деген.

Илимдин багы,
Бутактап шагы.
Өнүгүп жатат,
ОГПИ дагы.

Күүлөнүп канат,
Көргөзүп сапат.
Алдыга озуп,
ОГПИ барат.

Тарыхы терең,
ОГПИ деген.

ЖАҢЫ ЖЫЛ

Бешиктеги бала дагы кубансын,
Таттуу жашоо ар бир үйдө улансын.
Жаратканым нурун төгүп баарына,
Адамдарды ыйманына сугарсын.

Ал эмне деп билишпесин жокчулук,
Боло берсин жергебизде молчулук.
Жашоо сүрүп ар бир адам бакубат,
Каалайм элим ырыс-кешик, токчулук.

Улуу, кичүү ой жүгүртүп сабырдуу,
Максатына кадам таштап татыктуу.
Ынтымакта, биримдикте жашасын,
Өмүр сүрүп тирүүлүктө бактылуу.

Ырыскылуу, берекелүү жакшы жыл,
Боло берсин кирип келген жаңы жыл.

МЕКТЕБИМ

Амансыңбы, мен окуган мектебим,
Эжей, агай, окуучулар, эл-жерим.
Жыйырма жыл өтүп мына арадан,
Сагынычтан жолугууга келгенмин.

Оо өткөн күн, балалыгым эстедим,
Түйшүгүңдү агай, эжей сеземин.

Мен олтурган классымда парталар,
Дал ошондой, жапжаш бойдон мектебим.

Жыйырма жыл өтүп мына арадан,
Жолугуштук биз баарыбыз кайрадан.
Таазим кылам эжей, агай баарыңа,
Бизге дайым билимдерин арнаган.

Көтөрүлүп калбадыбы көңүлүм,
Жыйырма жыл өтсө дагы өмүрүм.
Сагынычтын черин жазып алайын,
О мектебим, билим уям – төркүнүм.

* * *

Бүгүн мына эң акыркы коңгуроо,
Мектебимдин баректарын жапкандай.
Эжей, агай, классым да коштошуп,
Сезилүүдө ак батасын айткандай.

Ооба, бүгүн эң акыркы коңгуроо,
Окуучулук күндөрүмдөн кетебиз.
Мектебимде окуп жүргөн мезгилдин,
Кайталангыс асылдыгын сезебиз.

Кош деп айтам, алтын уям, мектебим,
Он жыл мага билим бердиң татыктуу.
Бир туугандай курдаш, достор эми биз,
Мезгилдерди өткөрөбүз сагынуу.

Бүгүн бизди уябыздан учуруп,
Эжей, агай бата берип коштошот.

Чоң турмушка кадам таштап турабыз,
Нечен жылдар бизди эстеп жоктошот.

Эң акыркы чыгып жатат коңгуроо,
Бизди бүгүн уябыздан учуруп.
Айланчыктап мектебимден кеталбай,
Кыйналабыз кадимкидей удургуп.

ЭСТЕБЕЙМИН ӨТКӨНДҮ

Эстесем да түмөн түйшүк, көйгөйдү,
Жакшы көрөм жагымдуу ай, көктөмдү.
Жан дүйнөмдү жамгыр менен өчүрүп,
Унутамын, эстебеймин өткөндү.

Өткөн күндүн баректарын ачпаймын,
Жакшы элес болсо балким, сактаймын.
Өкүнгөндө, эстегенде не пайда,
Мен баары бир өтүмүшүм таппаймын.

Өткөн күндүн өкүнүчүн кийбеймин,
Өттү, кетти, унуткарам, билбеймин.
Сабак алып, келечекке татыктуу,
Эртеңки күн жолун карап, издеймин.

Мезгил мага койсо дагы талабын,
Бүгүнкү күн сени менен жашаймын.

ЖАШООМДУ КООЗДОЙМ БОЁП

Бир келген болсок конок, бакытка баарын ороп,
Кыялым сан миң жомок, оюмду алган тороп.
Алдыга умтуламын, санаадан сууруламын,
Жашообуз түркүн боёк, кооздоймун өзүм боёп.

Беремин маани сөзгө, калысмын жатка, өзгө,
Кол шилтеп каршы-өчкө, жармашам жакшы көчкө.
Ээрчисем орун алам, эл менен толукталам,
А өмүр өзү өкчөө, мен болгум келбейт бөксө.

Убакыт, саатым тактап, тараза ташын кармап,
Өзүмдү келем жактап, өзгөрбөй мүнөз сактап.
Чайпалып төгүлбөймүн, чарчабайм, өкүнбөймүн,
Жолумду алдым тандап, акырын басам байкап.

Бир келген өмүр конок, кааласаң баары болот,
Жашообуз түркүн боёк, кооздоймун өзүм боёп.

ЖАШООНУ ЖАКШЫ КӨРӨМ

Кыялым бийик учкан сезимдемин,
Жашоону жакшы көргөн мезгилдемин.
Эч кимге ыраа көрбөй жамандыкты,
Өзүмдү, өзгөнү да кечиргенмин.

Оюмдан капалыкты учурганмын,
Өкүнүч, таарынычты унутканмын.
Өзгөгө үлгү болуп жашоо үчүн,
Өмүрдү жакшы көргөн учурдамын.

Кетти деп өмүрүмө кайгырбаймын,
Мезгилди дал ушундай кабылдаймын.
Тээ бийик, бийиктикти элестетип,
Кеч эмес... эми деле жалындаймын.

Баш ийип жараткандын колундамын,
Тагдырдын жазып берген жолундамын.
Жашоону жакшы көрүп ушунчалык,
Ар күнү кубанычтуу жол улаймын...

Учурдун гүлдөп турган багындамын,
Өмүрдүн жашыл бакча жазындамын.

ЖАШАП КЕЛЕМ

Эртеңки күн мейли болсун бүдөмүк,
Жан дүйнөмдө үмүт деген гүл өнүп.
Жол көрсөтүп жакшы сөзүн арнаган,
Жашап келем көп адамга сүйөнүп.

Максатыма жетем десем көгөрүп,
Колдоп мени, колдойт мени көтөрүп.
Акыл айтып, кеңеш берсе көп адам,
Жашап келем мен аларга жөлөнүп.

Кетирбейин деген ойдо каталык,
Сын күзгүдөн сын издеймин каранып.
Жакшы жолго багыт берген көп адам,
Жашай берем мен сиздерге таянып.

Сын таракка тарап турам оюмду,
Жашай берем, жашап келем таранып.

ЖАШТЫГЫМ

Жашоомо бир сыйкырды орноттуң да,
Оолуккан ойлорумду токтоттуң да.
Мен сага эми көнүп калган кезде,
Жалт карап, кетем дебей коштоштуң да.

Кайрадан жан дүйнөмдү ойготтум да,
Жалыны жаштыгымдын жоготтум да.
Убакыт... бир мүнөтүн кармай албай,
Аргасыз мен өзүмдү сооротту м да.

Бир келген шул өмүргө конокмун да,
Деп жүрүп убакытты тоноттум да.
Он сегиз жашын жашап эки жолу,
Мезгилди эмгектенбей короттум да.

Жаштыгым аалам кезип кеткен өңдүү,
А балким, бир кылымга жоготтум да?

ОРТО ЖАШМЫН

Аркамдагы өткөн күндөр өкүнүч,
Келечегим сураныч да, өтүнүч...
Мен ошентип ойлоп алган окшоймун,
Башкаларга кадимки эле көрүнүш.

Болгон эмес же таарыныч, капалык,
Далай ирет кетирсем да каталык...
Ал учурду баарыбызга буюрган,
Таттуу күнүм баа жетпеген балалык.

Ойноп-күлүп, ойду-көктү сапырган,
Кыялыма баарын укмуш батырган.
Ошол учур кетпечүдөй сезилип,
Убагында болгондурмун чагылган.

Жалын жаштык учурунда от болуп,
Кээде күйүп, кээде өчүп чок болуп.
Мезгил, мезгил кандай өтүп кеттиң ээ,
Азыр мына орто жашмын токтолуп.

Келин алып, кыз узатам деп айтам,
Кыялданып келечектен кеп салам.
Кудай мага ал күндөрдү буюрсун,
Мындан ары дагы далай бел ашам.

Мейли таяк, мейли тирөөч колумда,
Неберелер тосуп чыгып жолумда...
Кыялданам оо андагы күндөрдү,
Баргым келип карылыктын дооруна.

Орто жаштын күйүп жашап отуна,
Доорун сүрүп, оонап жүрөм чогуна.

ЖАШОО ҮЧҮН

Өкүнбөй жашоо үчүн, өткөндү унутамын,
Өзгөрүү керек экен, башка жол буруламын.
Оюм да баштагыдан тим эле бараандуудай,
Ооба ал жашыл белес, жетүүгө умтуламын.

Ойлонбой жошоо үчүн, көп нерсе өчүрөмүн,
Каршылаш кыялымды жолотпой чөктүрөмүн.

Тизмектеп максатымды, жашоомо алып келип,
Бошогон жан дүйнөмө четинен көчүрөмүн.

Маанилүү күндөр мына, акырын башталууда,
Муңайбай жашоо үчүн, акылым башкарууда.
Аракет, тек аракет бийикте жашыл белес,
Тырмышып жөнөгөнүм өзүмө байкалууда.

Өкүнбөй жашоо үчүн, өткөндү унутамын,
Башка жол күтүп турат, баш ийип буруламын.

МҮНӨЗҮМ ЭЧ КАЧАН ӨЗГӨРБӨ

Түйшөлүп болбогон көйгөйгө,
Муюбайм, баш ийип көнгөнгө.
Дүйнө, коом өзгөрсө өзгөрсүн,
Мүнөзүм эч качан өзгөрбө.

Келечек ойлорум бийиктеп,
Көздөгөн максатым иликтеп.
Күчтүүмүн, күчтүүмүн өзүмө,
Жашоону багынтам жиликтеп.

Чаалыгып чарчоону билбейин,
Жалкоолук торосо тилдейин.
Жаштыгым пайдалуу болсунчу,
Тоскоолдук тоготпой, ким дейин?

А мейли өрттөнүп сүйөйүн,
Чок болуп калганча күйөйүн.
Адашпай туура жол багыты,
Жашоодо жаңылбай жүрөйүн.

Мезгилди пайдасыз, тонотпой,
Мокобой курчуюн болоттой.
Тек гана алдыга жол алып,
Адамдык сапатым жоготпой.

Жыгылба, жыгылба сөздөргө,
Мүнөзүм эч качан өзгөрбө.

УНУТКУМ КЕЛИП ЖҮРӨТ

Өзгөрүү сурай албай өмүрүмдөн,
Коркомун кийин соңку өкүнүүдөн.
Унуткум келип жүрөт көп нерсени,
Ыргытып сууруп таштап көңүлүмдөн.

Талкууга жайып бербей тагдырымды,
Жар салбай эл алдына бардыгымды.
Өзгөргүм келип жүрөт кыялымда,
Өчүрбөй сактап үмүт жарыгымды.

Шүгүр деп өтүп жаткан күндөрүмө,
Ыйманды бекем кармап жүрөгүмө.
Болгонун каниет менен кабыл алып,
Ишенем мен жашоону сүйөрүмө.

Ойлорум кыялыма төп келсечи,
Өзгөртөөр белем мүмкүн көп нерсени?

ӨЗҮМӨ СӨЗ БЕРДИМ

Эч нерсе көзүмө көрүнбөй,
Дарт чырмап жатса да, төгүлбөй.
Жашайм деп өзүмө сөз бердим,
Жашоодо эч качан өкүнбөй.

Тирүүлүк тарттырып араба,
Сүйрөсүн бул өмүр далайга.
Жашайм деп өзүмө сөз бердим,
Алдырбай оюмду санаага.

Нур курчап жамалым, өңүмдү,
Жол баштап ээрчиткен көчүмдү.
Жер бетин кыдырып кыялым,
Көрөмүн бийиктен өзүмдү.

Анткени, сөз бердим өзүмө,
Татыктуу жашайм деп өмүрдө.

ЖАМГЫР

Жаачы жамгыр, бүгүн кечке токтобой,
Жумушум да тура турсун жоктобой.
Багыты жок жолго чыктым жол алып,
Сенден башка бир да жанды ойлобой.

Жөнөп алдым ыраак, жакын аңдабай,
Кайда барам өзүм дагы тактабай.
Сен жөнүндө көп нерсени ойлонуп,
Кыялданып суу болгонум байкабай.

Кээде күлдүм, кээде кайра ыйладым,
Ал өткөндүн эстеп баарын сыздадым.
Бирок мени табиятым сооротуп,
Жамалымды жамгыр жууса жыргадым.

Жүрөгүмдү кошо угуп, тыңдашчы,
Жамгыр, жамгыр мени менен сырдашчы.

ЖААНДЫ КҮТӨМ

Сан ойду жууп салып башымдагы,
Чийилген осмо кетип кашымдагы.
Жамгырды жакшы көрөм, нөшөрлөгөн,
Куюлуп чачтан ылдый тамчылары.

Күндөрдү эстегенде жашымдагы,
Жан кирип табиятка жазындагы.
Нөшөрлүү жаанда далай калган элем,
Мөндүрдүн кошо сабап камчылары.

Коркутуп жарып жүрөк чагылганы,
Жамгырда мал кайтарып айылдагы.
Тик боордон тайгаланып, ылай болгон,
Сагынам ал күндөрдү азыр дагы.

Чачымдан ылдый агып тамчылары,
Нөшөрлүү жаанды күтөм жазындагы.

ЖАЗ

Жаз, жаз...
Жүрөгүм жаш.
Жарылат таш,
Сүйүүгө мас.

Жаз, жаз...
Басканым саз.
Куюлуп жаш,
Айланат баш.

Жаз, жаз...
Оюмду каз.
Жарпымды жаз,
Койнуңду ач.

Жаз, жаз...
Суюлуп чач,
Жей албай аш,
Кусалык кас.

Жаз, жаз...
Сүйүүгө мас,
Мезгилден кач.

ЖАЗ АЙЫ

Үмүттүн нурун чачып себелеген,
Жылуулук жан дүйнөмө белендеген.
Жаз айы бир керемет сезим берип,
Жашоонун жаштыгына жетелеген.

Чачтарым жүз жыл өтсө суюлбаган,
Бырыш жок жамалымды сулуулаган.
Жаз айын кылым ашып тоскум келет,
Чыйрыгып калганымда жылуулаган.

Күтүүнүн сайрап кушу безилдеген,
Түйшүгүң болсо мейли сезилбеген.
Жаз айы жамалымда жүз жыл жаша,
Мен сени көргүм келет кемибеген.

Жашоомо жарык чачып сулуулаган,
Жаз айы жүрөгүмдү жылуулаган.

ИЗДЕЙ БЕРЕМ ЧЫНДЫКТЫ

Тике карайм, баш ий десе жемелеп,
Кыр көрсөтөт ушул заман желкелеп.
Мен издеген, мен таппаган чындыктан,
Үмүт үзбөй басып жүрөм эртелеп.

Көө сыйпатпай коргосом да жүзүмдү,
Ойлондурат жалган тороп бүгүнкү.
Колум жетпей, оюм жетип чындыкка,
Күрөш менен өткөрөмүн күнүмдү.

Таппай койдум айланамдан, жакындан,
Көрүнгөндөй элестейт тээ алыстан.
Чындык кайда? Сураганда көбүнөн,
Жооп беришет, «жер алдына жашынган».

Ары-бери чайпай берип кырдыкпы,
Наркын билбей же жоготуп тындыкпы?
Үмүт менен көңүл калбай ар убак,
А мен издейм жер бетинен чындыкты.

КЕТИП ЭЛЕ КАЛСАМ ДЕЙМ

Кимдир бирөө капалантса көөнүмдү,
Жамгыр сымал төгүп албай көзүмдү.
Алыс жакка кетип эле калсам дейм,
Эркин учкан күштай сезип өзүмдү.

Көңүлүмө капалыкты киргизбей,
Кубулжуган ушак сөздү тийгизбей.
Кулак уккус, көз жетпеген жактарга,
Багыт алгым келип жүрөт билгизбей.

Бир четинен кемигендей өмүрүм,
Капалансам, болбогонго көңүлүм.
Кетип калсам алыс, алыс жактарга,
Укпай туруп акылымдын өкүмүн.

Бурган менен жан дүйнөмдүн багытын,
Кайда барам, жетпей турат акылым?

ТЕЛЕФОН

SMS кат куржунга сыйбагандай,
Безилдеп коңгуроо эч тынбагандай.
Телефон бир саат менден алыс калса,
Сезилет бир балекет чырмагандай.

Убакыт мезгилимди байлап алды,
Сырдашым, курдашымдай жандап алды.
Телефон жаным болуп жайгашкандай,
Таңым да ансыз такыр атпай калды.

Бирөөгө жакшы сүйлөп көңүл бөлбөй,
Жашоодо телефонсуз көзүм көрбөй.
Уктасам кошо уктап, кошо турган,
Өмүрүм өтүп жатат өзгөрүлбөй.

Өзүнө бүт баарымды байлагандай,
Телефон акылымды башкаргандай.

УШУЛ КҮНҮ

Жаман сапат болсо баарын калтырып,
Өзгөрөлү биз бүгүндөн жакшырып.
Жараткандын ыйык күнүн майрамдап,
Таарынычты унуталы жашырып.

Артка таштап көйгөй, түйшүк, ызаны,
Жокко сабыр, барга каниет кылалы.
Жөлөк болуп бирибизге бирибиз,
Адамзатым тек алдыга жылалы.

Сырдашалы, сырын угуп жолугуп,
Көңүл бөлүп баарлашалы олтуруп.
Аз да болсо санаасынан арылсын,
Муктаждарга жардам берсек кол сунуп.

Ден соолукта аман болуп калкыбыз,
Жакшылыкка жол баштайлы жалпыбыз.
Ак дасторкон жайып конок кадырлап,
Куттуу болсун ушул күнкү айтыбыз.

Жашообузда дайым турсун гүл өнүп,
Өмүр кыска, эч ким калбайт түбөлүк.

БИР ТУУГАНЫҢ

Коргоп аяп, жөлөк болгон башыңа,
Колдоп дайым жетээри чын баркыңа.
Керек десең, сууруп келип жүрөгүн,
Жан кошкусу келет сенин жаныңа.

Ал бир бооруң, эң жакының, бакытың,
Шоола чачкан жан дүйнөңө жарыгың.
Уялашың, бир табактан аш жеген,
Бир тууганың, сырдаш, курдаш байлыгың.

Ал асыл жан, акыл айтып колдогон,
Өмүр бою канат жайып коргогон.
Ишенээриң бир тууганың, бир бооруң,
Кайда жүрбө сени дайым ойлогон.

Бир тууганың коргоп жүргөн баатырың,
Бир тууганың муктаждыгың, баардыгың.

ИШЕНИЧИМ

Үмүт, кыял ээрчип, коштоп адамды,
Максатыңа таштаганда кадамды.
Ийгиликке жетелеген ишеним,
Жеңип чыгат бир түйүндөй санааңды.

Таянсам да энем, атам, тууганга,
Кыялданып максатымды курганга.
Ишеничке жөлөнөмүн ар дайым,
Тоодой бийик жумуш күтүп турганда.

Багынгандай келет бир күн ийилип,
Акыл менен ишеничим биригип.
Максатыма дабан ашып, кыр ашып,
Тоскоолдуксуз жаратамын ийгилик.

Ийгиликтер көз алдыма элестейт,
Ишеничим мени алга жетелейт.

АДАМ БОЛУП ЖАШАЙЫН

Алдабасын эч бир жанды көздөрүм,
Кыйшайбасын кагып сүйлөп сөздөрүм.
Адамдардын жан дүйнөсүн оорутуп,
Керек эмес, керек эмес өзгөрүүм.

Муктаждарды таштай качып жээрибе,
Же болбосо кагып сүйлөп кейибе.

Адамдарды, эй адамдар тажатып,
Майдаланып баш оорутуп эзилбе.

Өзүң үчүн пайдалууну кемирбе,
Эки жүздүү боло калып семирбе.
Мен ушундай адамдарды көргөндө,
Өзүм эле алыс качам чегине.

Ажыратпай пенде деген эркимен,
Алыстатпай ынтымактуу сезимден.
Адам деген сапатымды сактайын,
Жакшы сөздү жылан дагы ээрчиген.

Акча менен мамилени ченебейм,
Муктаж болгон кезде гана эстебейм.
Кимдир бирөө тайгаланып жыгылса,
Күлө карап, күйгүзүп эй сен дебейм.

Адам деген сапатымды сактайын,
Адам болуп, адам бойдон жашайын.

АДАМ БОЛУУ КӨЗДӨГӨНҮМ

Карабайм маани берип сулуулукка,
Умтулам жакшы сөзгө, жылуулукка.
Сапатын адамдыктын жоготпостон,
Жетсем ээ, мен эңсеген улуулукка.

Ишенип оюм менен акылыма,
Талпынам жарык жолдун багытына.
Көздөгөн максатыма жетүү үчүн,
Таянып жашай берем сабырыма.

Жөнөкөй, карапайым, өзгөрбөймүн,
Көп нерсе болсо дагы көксөгөнүм.
Үмүттүн нурун ээрчип, жаңылбастан,
Адамдык бийик сапат көздөгөнүм.

Көп нерсе, ойлогонум, көксөгөнүм,
А бирок, адам болуу көздөгөнүм.

АДАМ БОЙДОН КАЛАЛЫ

Адам көркү болуп калган чүпүрөк,
Ачык, жабык, жалтыр-жултур, үлбүрөк.
Адептүүлүк эчак өчүп калгандай,
Ойлогондо ой тумчугуп, түңүлөт.

Дагы бири динге байлап адепти,
Өзү билбей туруп айтат сан кепти.
Идеология мамлекеттен качкандай,
Адеп эмес адамдардан шай кетти.

Куу кыйкырык баары четтен билерман,
Үн ката албайт, билип туруп билген жан.
Кайчы пикир айтсаң душман болосуң,
Кайыл болуп башын жерге ийген жан.

Адептүүлүк жигит көркү болгондо,
Адилетти адамзатка конгондо.
Нарк сакталмак келечекке бергенге,
Өзүмчүлдүк пейлибизди жойгондо.

Заман бизди ары-бери чайпаган,
Чындык турат, бирок ичип канбаган.
Акылыңды ыйман менен жетеле,
Адилеттүү болом десең тайбаган.

Жигит көркү адеп менен ченелсин,
Элим деген баатырларга беленсиң.
Өткөндөрдөн калган наркты баалаган,
Ак калпактуу кыргыз деген сен элсиң.

Эмгектенип жаныбызды багалы,
Шылтоо айтпай адал оокат табалы.
Адеп менен орноп дайым адилет,
Биз адамбыз, адам бойдон калалы.

АДАМЗАТ

Из калтыра албасаң да тарыхта,
Колуң сунуп, кадам ташта бакытка.
Адам деген акылынан таанылат,
Өз орду бар тирүүлүктө, жарыкта.

Адам деген сапатыңды жоготпой,
Бийик кармап намысыңды мокотпой.
Үлгү болгун жок дегенде бүлөңө,
Убактыңды бөөдө текке коротпой.

Даамын татам деген болсоң бак ийип,
Жок дегенде эгин эккин, тал тигип.
Дарак деген мөмөсүнөн таанылат,
Куурабастан өсө берсе ал бийик.

Ээ адамзат өзүң үчүн кылганың,
Чырпыкка да тийбесинчи зыяның.
Кудай берген акылыңды кемитпе,
Жоголбосун, жоголбосун ыйманың.

АДАМ ӨЗҮН ӨЗҮ ОЙЛОП ЖАШАСА

Жашоо кызык, оюн курган сахнадай,
Көрүнүштөр чыга берип ар кандай.
Тырмышабыз тынымы жок өмүрдө,
А биз болсо роль ойноп жаткандай.

Жашоо, түйшүк бүтпөгөндөй сезилип,
Санаа тартып болбогонго эзилип.
Атаандаштык жеңип алсыз акылды,
Кур намысты алдык эмне ээрчитип?

Каниет менен кабыл алып жылганын,
Сезеличи жашообуздун жыргалын.
Байлык, акча, жалтыр-жултур кийимден,
Өөдө көрүп ден-соолуктун кымбатын.

Бирөө үчүн жалган роль ойнобой,
Дал ошондой боломун деп ойлобой.
Адам өзүн өзү ойлоп жашаса,
Бул өмүрдө эркин басып кор болбой.

Жашоо жеңил татаалына айлантып,
Жашайбыз да кур намыска байланып.

АК ТАҢЫМ

Жакшы де, жакшы деп айт, маанайымды,
Билгизбе куса деген жаратымды.
Жан балам мени ойлоп жүргөн чыгар,
Ак таңым, жеткирип бар саламымды.

Сооротуп өзүн өзү жубатты де,
Түшүнөн көрүп сени кубанды де.
Жалбарып жараткандан амандыгың,
Ак таңым, энең тынбай суранды де.

Айтпагын жолун карап күткөнүмдү,
Айтып бар, мен оорубай жүргөнүмдү.
Жан балам жумуш бүтсө келип калар,
Кубантып апакелеп жүрөгүмдү.

Ак таңым, ойгонгондо жан баламды,
Билемин сен кучактап сүйөрүңдү.

БАЛА ҮНҮ

Кубалашып, кыйкырып, каткырганы,
Капаланып, тултуңдап таарынганы.
Балким бакыт билгенге балдарыңдын,
Унут калып кайра эле жазылганы.

Керектүүңү бекитсең аңтарганы,
Идиш-аяк сындырып, чаккандары.
Мүмкүн бакыт билгенге балдарыңдын,
Үч көтөрүп үйүңдү чачкандары.

Болбогонго кубанып каткырганы,
Кубалашып ойногон бакырганы.
Бакыт ушул таркатып досторуна,
Баарын берип үйүнө чакырганы.

Жолуң тосуп, кубанып сагынганы,
Кучагыңда эркелеп жалынганы.
Кандай бакыт билгенге, байкаганга,
Бала үнү үйүңдө жаңырганы.

ЧЫГА БЕРСИН КАТКЫРЫК

Кубанычын куру койбой арттырып,
Ыңаалаган бала үнү жаңырып.
Ар бир үйдө бешик ыры ырдалып,
Жергебизде боло берсин жакшылык.

Үч көтөрүп, каалагандай сапырып,
Калса мейли ойногондо чачылып.
Ар бир үйдө этек толуп балага,
Кандай бакыт, чыгып турса каткырык.

Ой-санааңдын баарын артка калтырып,
Элжирейсиң, арбаласың, тартылып.
Кылыгына тойбой карап балаңдын,
Ушул бакыт, турса дайым каткырып.

КЕЧИРЕМИН, КЕЧИРГИЛЕ

Көз жаш төгүп карегимди соолуткан,
Көп сөз уктум көңүлүмдү ооруткан.
Эски жылга калсын баары катылып,
Кечиремин чыкса кайра жолумдан.

Бул жашоодон үзүп үмүт ыйлатып,
Сынап оору курчап көрдү сыздатып.
Жеңдим мына артта калды ал күндөр,
Баратамын акырындап кырды ашып.

Көңүлүнөн орун алып капалык,
Түшүнбөстүк ортобузда жаралып.
Ким бирөөнүн жан дүйнөсүн оорутсам,
Кечиргиле, менден кетсе каталык.

Оюбузга аруулукту толтуруп,
Бийик-бийик максаттарга кол сунуп.
Кемчиликти эски жылга калтырып,
Жол алалы, жакшылыкка ой буруп.

Кечиремин, болбойт эми капалык,
Кечиргиле, менден кетсе каталык.

БҮГҮН САГА, ЭРТЕҢ МАГА

Сапатыңды таразалап эл билет,
Мамиледин ысык, суугун ким билет?
Түбөлүктүү деги айтчы эмне бар,
Бүгүн сага, эртең мага күн тийет.

Утурумдук мартабага мас болуп,
Акыйкатты айтканыма кас болуп.
Сезбейсиң да ооматың оп каларын,
Бүгүн сага, эртең мага жаз болуп.

Баш калкалап макул баргын бөлөккө,
Убактылуу мамиле кур, жөлөккө.
Тиктеп турам чыккан күнгө булуттан,
Бүгүн сага, эртең мага көлөкө.

Убактылуу мартабаңа мас болуп,
Душман көрүп алдың мени, кас болуп.

ТЕҢЕЛБЕСЕҢ

Эрегишип болбогонго кас болот,
Үндөбөсөң акыл айтып баш болот.
Туман жолдун арасында жүргөндөй,
Зээним кейип, карегиме жаш толот.

Заманама капаланбайм, кейибейм,
Сенин сөзүң туура десем кемибейм.
Мен өзүмө өзүм гана жооп берип,
Удургуган бирөөлөрдү ээрчибейм.

Тартып алып ашыңды да жеймин дейт,
Пайдаланып, кыялында жээрийм дейт.
Адаштырып түз жолуңдан чыгарып,
Теңелбесең, замат эле жеңдим дейт.

Үндөбөсөң баары сага баш болот,
Акылсыздар түшүнүшпөй тап коёт.

АНСЫЗ ДА ӨМҮР КЫСКА

Беш күндүк жашоо үчүн,
Беш жолу жаралбайбыз.
Тырмышып жабышсак да,
Түбөлүк кала албайбыз.

Алам деп ажал келсе,
Чыркырап кача албайбыз.
Ордума беремин деп,
Башканы сата албайбыз.

Жашайбыз өлбөчүдөй,
Алсызга алдуу болуп.
Адашкан пенделерди,
Кечирбей каардуу болуп.

Кубантып жакыныңды,
Жакшы сөз арнайлычы.
Адамдык улуу сапат,
Өчүрбөй сактайлычы.

Күнөөкөр болгондорду,
Түшүнүп кечирели.
Кол сунуп муктаждарды,
Жетелеп ээрчители.

Токтобой өтүп жаткан,
Өмүрдү барктайлычы.
Жаңырып келип жаткан,
Жашоону даңктайлычы.

А мезгил кайра келбейт,
Кадырын сезеличи.
Ансыз да өмүр кыска,
Баркына жетеличи.

КҮБҮЛҮП УБАКЫТТЫН ЖАЛБЫРАГЫ

Өмүрдүн бүгүн ачкан барагындай,
Күз келет эртең эле баягыдай.
Жоготкум келбесе да жаштыгымды,
Окшошкон мезгил өтөт абалкыдай.

Сактаган учурумду жадымдагы,
Үңүлүп издей берем азыр дагы.
Күз кетет, өмүр өтүп билинбестен,
Күбүлүп убакыттын жалбырагы.

Адашпай пайдаланып акылымды,
Жыгылбай туура басып багытымды.
А мезгил өткөн менен жамалымдан,
Жоготкум келбейт неге, жаштыгымды?

ҮЙРӨНГӨНМҮН СҮЙҮҮГӨ

Сыноо келсе сынбай кайра түтүүгө,
Убакытты баалай билип, күтүүгө.
Көз ирмемдик өмүр дагы кымбат ээ,
Үйрөнгөнмүн мен жашоону сүйүүгө.

Аруу дүйнө дайрасында сүзүүгө,
Жат сапаттан колум алып үзүүгө.
Кармай албайм, күндөр өтүп баратат,
Үйрөнгөнмүн мен өмүрдү сүйүүгө.

Максатымды коё билип, түзүүгө,
Магдырабай алга улам жүрүүгө.
Учурумдун наркын сезип оо өмүр,
Үйрөнгөнмүн мезгилимди сүйүүгө.

Жашай билип, алга жылып күнүгө,
Үйрөнгөнмүн мен өмүрдү сүйүүгө.

ЖАШЫК ЭЛЕМ

Болбогонго жашык элем анда мен,
Көп адамга капаланып, буулугуп.
Ызаланып, ыйлабаймын азыр мен,
Мерез мүнөз бараткандай жуурулуп.

Кубансам да даяр эле көз жашым,
Айланамдан жакшы кабар укканда.
Капалыгым, сүйүнүчүм билгизбей,
Үйрөндүмбү баарын ичке жутканга?

Назик эле, жумшак эле көңүлүм,
Калар элем таарынганда сүйлөбөй.
Ал азырчы, эркин сезип өзүмдү,
Же көндүмбү, калбадымбы сүрдөбөй.

КӨРӨМ ЖАЛАҢ ЖАКШЫНЫ

Өмүрүмө өмүр кошуп, тартуулар,
Не керемет наркы бийик асылдар.
Жашоо мага ушунчалык кызыктуу,
Айланамды курчайт жалаң жакшылар.

Издей берсең кимде болбойт кемчилик?
Айтпай ичтен жүрө берем кечирип.
Менин көзүм көргөн үчүн жакшыны,
Коёт окшойт терс сапатын бекитип.

Өкүнүчтөр болсо оюм жашырсын,
Өткөн күндүн көрүп, эстеп жакшысын.
Убакытты пайдаланып туптуура,
Тосуп алам аруу, таза, жаңысын.

Менин көзүм көрөт жалаң жакшыны,
Туура, таза пайдаланып жаңыны.

БАРГА КАНИЕТ, ЖОККО САБЫР

Өтөсүнөн чыкпай иштин жарытып,
Пейлибизди же кеңейтпей, тарытып.
Жат адамдын ийгилигин укканда,
Тызылдайбыз өзүбүздү карытып.

Барга каниет, жокко сабыр жоголгон,
Жан дүйнөбүз жардылыкка тонолгон.
Бекер оокат табылганга кубанып,
Мүңкүрөйбүз жокту айтып оңбогон.

Ээрчип алып этек жеңин улам жаап,
Алдуулардын сөзүн сүйлөп кубаттап.
Азгырылып убактылуу амалга,
Алсыздарды кулатабыз улам чаап.

Жакшылардын жакшылыгын көрбөйбүз,
Жашай албай калдык окшойт көйгөйсүз.
Айды чапчып кармаганча ааламдан,
Элестетип эч нерсеге көнбөйбүз.

Жокко, барга сабырыбыз жоголгон,
Жан дүйнөбүз качан, кантип тонолгон?

ЖАКШЫ ОЙ ЖАШАЙ БЕРСИН

Жакшылык өкүм сүрүп оюбузда,
Ийгилик тороп дайым жолубузда.
Элимди оомат гана ороп алып,
Болбосун жат көрүнүш коомубузда.

Түздөлүп жакшы нукка пейилибиз,
Мээримге сугарылып сезимибиз.
Адамдар биримдикте жашайлычы,
Ак мээнет, адалдыкка жеңилип биз.

Түз болсун ар убакта саламыбыз,
Жаркырап кубанычтан кабагыбыз.
Ынтымак, ырыскыдан баш айланып,
Адамдык жоголбосун сапатыбыз.

Жакшы ой башыбызда жашай берсин,
Жакындап баары ишке аша берсин.

ЖӨН ГАНА ОЙЛОР

Күн бүтөт –
Көңүлдү жаралаган,
Күйгүзүп каралаган.
Тымызын каршылашып,
Бирөөнү табалаган.

Күн болот –
Чалынып ташта калган,
Оюңду айталбаган.

Жеңилип акыйкатың,
Жан дүйнөң талкаланган.

Күн өтөт –
Убакыт татыбаган,
Иш үчүн арзыбаган.
Айтканың берейин деп,
Бирөөгө жалдыраган.

Күн келет –
Жашоого жанып күйгөн,
Өмүрдү баалап сүйгөн.
Курчаган айланаңды,
Кубаныч коштоп жүргөн.

Күн чыгат –
Жашоо бул – өчүп, урайт,
Суу бүтсө өмүр кулайт.
Күн чыгып дал ушундай,
Тирүүлүк көчүн улайт.

МЕЗГИЛ АГЫП ДАЙРАДАЙ

Беш күн кимге беш жыл болуп туюлса,
Беш жыл мага беш күнчөлүк туюлат.
Өмүр, жашоо зуулдап учуп токтобой,
Убакыттан пайдалан деп угулат.

Мезгилимди бура тартып өзгөртүп,
Же аркамда кала турган изим жок.
Убакытка шылтоо айтып өкүнөм,
Шашып жүрүп алгылыктуу ишим жок.

Мезгил, мезгил токтой турчу бир азга,
Максатымды орундатып алайын.
Деп ойлонуп далай күндү өткөрүп,
Өзгөрүүсүз шилтенүүдө кадамым.

Бирок мезгил агып жаткан дайрадай,
Өтүп жатат, кетип жатат байкалбай.

ҮМҮТҮМДҮ ӨЧҮРБӨЙМ

Үмүткө жетелендим жолун кезип,
Көксөгөн максатыма колум жетип.
Ааламды багынткандай кыялданам,
Акылым жетпегенге оюм жетип.

Өзүмө өзүм сынчы, байкаганым,
Ушул жол болуп менин тандаганым.
Ойлонуп ой түбүнө жетпесем да,
Ашыкча кыялданган башкачамын.

Колумдан келбегенди өтүнбөймүн,
Көңүлүм чөгүп, чүнчүп өкүнбөймүн.
Жакшы ой кыялымды ээлеп алган,
Эч качан үмүтүмдү өчүрбөймүн.

МАКСАТ КОЁМ ТООЛОРДОЙ

Элестетип келечегим жомоктой,
Максатымды коём бийик тоолордой.
Жашай берем таштап кадам алдыга,
Жүрөк согуп жаткан кезде токтобой.

Жатсаң дагы өтө берет тиргилик,
Бул өмүргө келбейм кайра тирилип,
Деп ойлонбой адал оокат табайын,
Өкүм сүрүп жаткан кезде тирүүлүк.

Ким бирөөлөр сын айтышса тыңсынып,
Көтөрө албай сынып калбайм жыгылып.
Ден соолугум кемибесе болгону,
Эмгектенем, эмгектенем тытынып.

Мага келген тирүүлүктү колдонуп,
Жаман сапат, адаттардан коргонуп.
Мезгилимди пайдаланам туптуура,
Эртеңкимди, келечегим ойлонуп.

Максат коюп бийик, бийик тоолордой,
Жашап өтөм тирүүлүктө кор болбой.

ТИЛЕГИМ

Оңдоп, түздөп катам болсо себебин,
Кабыл алып эртеңкинин белегин.
Жакшы гана жагын көрсө бул көзүм,
Көргүм келбейт жамандыгын пенденин.

Четке кагып багыт алган тандоосун,
Талкуулабайм жат адамдын жашоосун.
Колдон келсе муктаждарга кол сунуп,
Уккум келет жакшы сөзүн, алкоосун.

Оорутпасам адамдардын көңүлүн,
Ошол менин узартууга өмүрүн.
Аз да болсо арзыбаган салымым,
Өмүр өтсө келбейт кийин өкүнгүм.

Ата-бабам бийик койгон наркына,
Баш ийемин кыргызымдын салтына.
Кичүүлөрдүн оюн угуп ызаттап,
Жетсем экен улуулардын баркына.

Өчөшпөймүн, эч бирөөгө өчүм жок,
Болсом экен бир ашыкча сөзүм жок.
Ошол менин ойлоп жүргөн тилегим,
Негизгиси көңүлүм ток, көзүм ток.

ЫЙЛАГЫМ КЕЛИП ТУРАТ

Ыйлагым келип турат, ыйлай албай,
Көзүмөн тамчы жашым чыгара албай.
Буулугам жан дүйнөмдү туман каптап,
Суу болуп карегимден чыгат кандай?

Жанчылып жүрөк сыздап, ыйлагандай,
Жараты көңүлүмдүн ырбагандай.
Асманым бүркөө тартып турам бүгүн,
Нөшөрлөп төгүп, төгүп ыйлай албай.

Мендеги дартты сезбей тилдейсиңер,
А мүмкүн башка күнөө издейсиңер.
Күрөшүп ден соолукка жалбарып мен,
Ооругум келбегенин билбейсиңер.

Асманым туман басса сезбейсиңер,
Эмнеге ыйлайсың деп тилдейсиңер?

БҮГҮНКҮ ТОЙ

Эртеңкиге жетпей жыйнап тапканы,
Карыз болуп барат улам басканы.
Жакшылык деп айтып жаткан той чыгар,
Бүгүнкүнүн чалып жыккан капканы.

Бата берип колдоп келген эл экен,
Менин сенден кана эмнем кем экен?
Деген ойдо карыз болгон адамдар,
Кутулам дейт, аман болсом, мен эсен.

Жакшылык деп тойдун түрү көбөйдү,
Нан, эт, ашы жээлбей туруп көгөрдү.
Тапкандарын чачып алып адамдар,
Тартып жатат карыз деген көйгөйдү.

Той өткөрүп чачпай койсоң ысырап,
Жан дүйнөңдү куру намыс сындырат.
Анан эмне чакыргансың деп айтып,
Далай сөздөр кулагыңды кызытат.

Той көп болсун, ысырабы аз болсун,
Дасторкондо жей тургандар саз болсун.
Барганыңда чөнтөгүңдү карабай,
Тосуп алчу жайнап турган каш болсун.

Той өткөргүн салык салып топтобой,
Четтен санап же болбосо жоктобой.

Сага барсам, сен келбедиң деп айтып,
Талап кылба, эсептешип соттобой.

Ашып чектен үлгү албай башкадан,
Түркүн оюн, комуз, айтыш даңктаган.
Эр эңиши, көк бөрүсү, кыз куумай,
Той көп болсун салтыбызды сактаган.

Той да болсо чеги менен болсо дейм,
Ак батага жан дүйнөсү тойсо дейм.
Жакшылыкты кылдат менен өткөрүп,
Акырындап ысырапты жойсо дейм.

Кыргызымдын жакшы жагын барктаган,
Той көп болсун салтыбызды сактаган.

АЗЫРКЫ ТОЙЛОР

Кайчылаш жолдор,
Каршылаш ойлор.
Эгиздей окшош,
Азыркы тойлор.

Намыс деп барат,
Жок издеп табат.
Келген соң тойдон,
Ойлонуп калат.

Ошол кант, набат,
Коюлган салат.
Көргөзмө үчүн,
Жээлбей да калат.

Көк пакет түбү,
Нан, кант, аш түрү.
Шаниси тойдун,
Көтөргөн гүлү.

Музыка бийи,
Тамада тили.
Окшоштон окшош,
Билинбейт кими.

Басканы карыз,
Тапканы карыз.
Жеп бүттү четтен,
Элимди намыс.

Ашыкча ойлор,
Азыркы тойлор.

АКЧА КАГАЗ

Душманың да замат доско айланат,
Көз каранды болуп алсыз байланат.
Күнүң өтпөй, өмүр токтоп калгандай,
Бул кагазсыз жашоо татаал, чайпалат.

Кылмыш иши, сырың болсо жашырат,
Өлсөң эгер, көрүң дагы казылат.
Ушул кагаз баарын байлап, чырмаган,
Бакыт, сүйүү, куунак жашоо сатылат.

Кагазың көп, көңүлүң ток, жыргайсың,
Кагазың жок болсо анда ыйлайсың.
Көз каранды болбой таштап кетүүгө,
Адамзатым жетпейт эркиң, кыйбайсың.

Талантың жок, кагазың бар ырдайсың,
Көктө жылдыз, жанып турган күн, айсың.
Кагазың жок ден соолугуң каралбай,
Жаның ооруп, жаның ооруп сыздайсың.

Кагазың жок анда курган алсызсың,
Тууганың жок, досуң да жок жалгызсың.
Айланаңдан баары качып жолобой,
Тирүү туруп, тирүүлүктө жансызсың.

Кагазың бар ишиң жүргөн жолдуусуң,
Кагазың жок мукураган шордуусуң.
Табамын деп, топтоймун деп тырмышып,
Канча жандар кагаз үчүн ойлуусуң.

Барган жерде каалагандай бакылдап,
Сөзүң өтүп, үнүң чыгат катуураак.
Чөнтөгүңдө толуп турса кагазың,
Көрүнөсүң айланаңа алдуураак.

Тапканыңды алып келип чачсаң да,
Энең, атаң, дүйнө, мүлкүң сатсаң да.
Ажал гана бул кагазга баш ийбейт,
Жер бетинен көктү карай качсаң да.

Азгырылып элин, жерин чангандар,
Каалагандай калпты чындай айткандар.

Акча кагаз үчүн тойбой аттиң ай,
Мекенимдин кенин сатты шайтандар.

Тилин, дилин, динин дагы саткан бар,
Утурумдук жанын коргоп баккан бар.
Карапайым калктын башын айлантып,
Кагаз үчүн жашайт не бир каармандар.

Манчыркаба бул кагазга тоюнуп,
Кулу болуп аркасынан оюлуп.
Эй адамзат, адам деген сапатың,
Сезилет да бараткандай жоюлуп.

Баш ийбегин, чөгөлөбө акчага,
Адам деген сапатың бар таптаза.
Бул кагаздан абийириңди бийик кой,
Сактай албайт бир алаамат каптаса.

Алып калбайт керек болсо жаныңды,
Сактай албайт куруп алган тагыңды.
Кагаз, кагаз аркасынан жүгүртүп,
Чыгарбасын ач көз деген атыңды.

Адам деген сапатыңды бийик кой,
Кагаз акча сактап калбайт жаныңды.

БАЗАР ҮЙҮҢ МАЗАР БОЛГОН

Бир четинен бараткандай жоголуп,
Кетмен, күрөк, ташы, мыгы тонолуп.
Эне-атаңдын жалгыз уулу болсоң да,
Сен алыста үйүң турат бозоруп.

Учурунда куш сайраган багыңда,
Тууган-урук, коңшу, достор жаныңда.
Базар болгон үйүң мазар сыяктуу,
Короoң калган сени күтүп айылда.

Ак сакалга салам айтып жүгүнүп,
Шаңга бөлөп, ары-бери жүгүрүп.
Балаң ойноп жүрсө болмок короoндо,
Көргөн адам калар эле сүйүнүп.

Итиң да жок тосуп чыгып үрүүгө,
Түтүн чыкпайт, от жагылбайт күнүгө.
Ал азырчы жолбун жандык байырлап,
Эч ким кирбей калган сенин үйүңө.

А сен шаарда жүргөнүңө кубанып,
Батириңе таппай акча кубарып.
Кыйналганга кайыл болуп жашайсың,
Утурумдук күндү тосуп, узатып.

Куру кыял, жок намыска алдырып,
Ырыскыңды айылыңа калтырып.
Жыргап кетпей, түйшүк артып өзүңө,
Жүрөсүң да тагдырыңа таарынып.

Чынын айтсам сенден үмүт кылганмын,
Ишенгенмин чоң калааны курарың.
Утурумдук мезгил менен жарышып,
Мына ушундай өтүп жатат убактың.

Наалат айтпа, капаланба тагдырга,
Жашоо сонун өтүп жатат айылда.

Котормо

Казакчаға которулган ырлар

Қырғызшадан тәржімалаған
Серік Бейсен

ЖАНЫМДА БОЛСАҢ

Шақырды жасыл белес,
Бағында күйіп жанып.
Ол күндер болды елес,
Тамшы жас үзіп алып.

Өртеніп құшағында,
Айналып жыр жақұтқа.
Қолыңан ұстадым да,
Кенелдім бар бақытқа.

Жүргенім үміт үзбей,
Аңсарым ауып саған.
Сезімім жібек жіптей,
Жырыммен тұмар тағам.

Жолықсақ уақыт жетпей,
Сағыныш жанарымда.
Елесің естен кетпей,
Келесің таң алдында.

Босатқым келер емес,
Жүрегім қырық-құрақ.

Гүлденді жасыл белес,
Кетпеші меннен жырақ.

Уақыт бөгелмейді,
Зырлаған бейне сынап.
Сезімдер көнермейді,
Жүректен алған тұрақ.

Төзім бар сені сүйер,
Қиялым жеңілсе де.
Ұмыту қиын тиер,
Сен меннен жерінсең де.

ЖАҚСЫНЫ ҰМЫТПАЙМЫН

Қиялым қанат қағар сезімдемін,
Жақсыны жақсы көрер мезгілдемін.
Еш жанға тілемедім жамандықты,
Кешіргенмін өзімде көз ілмедім.

Өкініш өшігуді ұмытқанмын,
Аялы алақанмен жылытқанмын.
Өзгеге үлгі болып жүрү үшін,
Сабыр етіп тыныштадым.

Өтті деп күндерімді қайғырмаймын,
Биікпін мезгіл солай қабылдаймын.
Жаныңнан сая тапқым келгенімен,
Жүректің әміріне бағынбаймын.

Жаратқан бас иемнің қолындамын,
Жазылған тағдырымның жолындамын.

Мен сені сүйем өмір осыншалық,
Әр күнге қуанышпен жолығамын.

Жанымның гүлдеп тұрған шағындамын,
Жасыл белес көк орай бағындамын.
Қиялыммен әлемді кезіп кетем,
Болған соң мәңгі «муза»- табынғаным.

Қырғызшадан тәржімалаған
Сабит Елтай

КЕТЕРІМДЕ

Дерегіңді іздеп таптым, барайын,
Жан дүниеңе бір бүлікті салайын...
Ертең түнде жолға шығам Ошыма,
Кетерімде бір құшақтап алайын.

Отырамын ұзын түнді күзетіп,
Жүрегімде бір ғажайып гүл өсіп...
Кетерімде сағынышым тарқасын,
Жалт қарама көңілімді күз етіп.

Құштарлықтан білсең егер торықтым,
Келер сенімен таң атарда жолыққым.
Түні бен бір құшаққа алсам деп,
Бірақ саған оны айтуға қорықтым.

Дерегіңді іздеп таптым, барайын,
Жүрегіңе бір бүлікті салайын...

КЕТЭЭРИМДЕ

Дарегиңди таптым издеп, барайын,
Жан дүйнөңө бир алаамат салайын.
Эртең таңда жолго чыгам Ошума,
Кетээримде бир кучактап алайын.

Олтурамын узун түндү күзөтүп,
Жүрөгүмдө ыйык сезим гүл өсүп...
Кетээримде сагынычым таркасын,
Көргөнүңдө жалт караба түз өтүп.

Кусалыктан билсең эгер соолуккум,
Эртең таңда келди сага жолуккум.
Көргөнүмдө бек кучактап алам деп,
Кыялданып бүтпөй оюм, толкудум.

Дарегиңди издеп таптым, барайын,
Жүрөгүңө бир алаамат салайын...

ҚЫЗҒАЛДАҚ ДАЛАСЫНДА ЖОЛЫҒАМЫЗ

Сұраймын жаратқаннан көңіл емін
Гүл болып жүрегіңе егілемін
Бара атам, қуанышым, жасыра алмай
Қызғалдақ даласынан кезігемін

Даярмын құшақ жайып кездесуге
Бақытты пешенені бір кешуге
Қызғалдақ даласында жолығайық
Өзіңмен мәңгілікке үндесуге

Онсыз да ұзақ жерден келдің маған
Кезім жоқ, өзіңді іздеп, сағынбаған
Қызғалдақ даласында жолығайық
Махаббат ақ төсінде дамылдаған

Қызғалдақ даласында жолығамыз,
Сүйгенге құл, сүймегенге болып аңыз.

ҰМЫТА АЛМАЙМЫН...

Ешбір жанға көрсетпей булыққанды,
Кеттім талай аралап бұлттарды.
Құсалығым жанымды қинаса да,
Білмей келем мен сені ұмытқанды.

Көздің жасы мөлдіреп тұйықталды,
Күйсем-дағы, атқызам күліп таңды.
Үмітім де үзілмей үздігулі,
Қайтем енді білмеймін ұмытқанды?!

...Сенде мүмкін бәрі де ұмыт қалды,
Сенің бейнең көңілде құлыптанды.
Ауылыма бір іздеп келеді деп,
Ойыма да алмаймын ұмытқанды.

Жаным менен күтпегін ұмытқанды!

Қыдырбекұлы Бөрібай ОРАЗЫМБЕТтин котормолору:

САҒАН ҚАРАП ТҮЗЕЛДІМ

Түзелдім мен саған қарап ой артып,
Кешірімшіл болуға да төселдім.
Өзімшілдік мінезімді жоғалтып,
Ада еттім «көк бет» деген кеселді.

Талай-талай ызаланып жылағам,
Сен келгелі мүлде басқа адаммын.
Сабыр болды сенен алған сыбағам,
Содан ба екен, өзгеше боп қалғанмын.

Жүрегіңнен орын алса өлеңім,
Өзгеремін, ел алдында сөз берем.
Мерімімді тек өзіңе төгемін,
Мақсатыңа жету үшін көздеген.

R.S: Таңғы шықтан қуат алып табаның,
Алатаудан аса берсін талабың.
...Жердің шарын жеті айналып шықсаң да,
Мен боламын, сен іздеген адамың!

ҚАЙТАРЫП БЕР

Түскен тістей жоғалып қуанышым,
Орындалмай қалмасын сұранысым.
Қайтарып бер бал дәурен уақытты,
Ойлай қалсам, уылжып тұрады ішім.

Еркін жүрген жан едің тасып толған,
Кездесуге тек маған асық болған.
Сәл өзгертіп өзіңнің шешіміңді,
Қайтарып бер кезімді ғашық болған.

Таңсық болды өткеннің бәрі маған,
Саған тиді қуаныш зары маған.
Алып барып тасташы жылдарыма,
Өткен шаққа мен сені танымаған.

Зая кетті-ау жас кезгі уақытым....

ТЕЛЕФОНМЕН ТІЛДЕСТІМ

Үніңді есітіп тұрған сәт,
Көкке ұшқандай күй кештім.
Жүргенімді...
Келер күнді бірге аңсап,
Түсінбейді күйді ешкім.

Сағыныш үні меннен,
Шыққанын сезіндің бе?
Жаным-ау...
Мен құсап түніменен,
Дөңбекшіп көз ілдің бе?

Сен жайлы неше пенде,
Бұза алмас ойларымды.
Білерсің...
Сен жүрген көшелерге,
Гүл егіп қойғанымды...

ҰМЫТПАЙМЫН МЕН СЕНІ

Көрсетпеуге тырысып булыққанды,
Кеткім келді аралап бұлттарды.
Ұмыта алмай келемін әлі сені,
Бөрідей ғып құсалық ұлытқанды.

Талай-талай үмітім құлыптанды,
Сонда-дағы қарсы алдым күліп таңды.
Мен сен үшін күйермін, күйзелермін,
Шыдап бағам, атама ұмытқанды.

Мүмкін сенде бәрі де ұмыт қалды,
Бірақ, менен іздеме ұмытқанды.
...Таң сәріде бір іздеп келеді деп,
Жібек жіппен маталған үміт қалды...

ҚИЯЛДАНАМ

Сен маған сағынышты шерте келсең,
Арманымның шыңына жетелесең.
Қиялымның арманы орындалып,
Тек сенің құшағында еркелесем...

Түбіне жүрегімнің тереңдесең,
Бүгінде сүйерім сен, төрем де сен.
Айдың жүзін аймалап отырар ем,
Өшірмей үміт жібін, келем десең.

Қиялымда өзіңсің, санамда сен,
Ыр жазамын әнімен саған да әсем.

Кірпік ілмей түнімен отырар ем,
«Күт мені!» бүгін ұшып барам десең.

Түні бойы құшағында еркелесем...

ҚАЙТІП?

Сүймеймін! - деп, қайтіп айтам...
Сүюге жетелесең,
Сезімді себелесең,
Елжіреп еркелесең.
Ойламай қайтіп жүрем...

Ұзартып өмірімді,
Қалдырмай көңілімді,
Көрсетсең керім үлгі.
Сағынбай қайтіп жүрем...

Көз салып қарап жүрсең,
Аймалап жанап жүрсең,
Алтынға балап жүрсең,
Сүюді қайтіп қоям?...

Отыңа күйем десең,
Аймалап жүрем десең,
Өмірлік сүйем десең?!
Қайтіп?.. Қайтіп?..

КАНТИП?

Сүйбөйм деп кантип айтам?
Сүйүүгө жетелесең.
Элжиреп, эркелесең,
Бир сыйкыр себелесең.
Ойлобой кантип жүрөм?

Оорутпай көңүлүмдү,
Узартып өмүрүмдү,
Сыласаң көкүлүмдү.
Жалынбай кантип коём?

Ар дайым таяп жүрсөң,
Көз салып, карап жүрсөң.
Сен мен деп жашап жүрсөң.
Сүйбөйм деп кантип айтам?
Кантип? Кантип?...

* * *

Бітпеген ісім көп тізілген,
Жаншылып тұла бой үзілген.
Сағыныш, құсалық болмауға,
Сүй деп те айтпаймын жүзімнен.

Өйткені сезімді білгізбей,
Жүрекке ешкімді кіргізбей.
Өмірім өткенше жасырам,
Жүремін саған сөз тигізбей.

Шаңды да түсірмей үніңе,
Өзіңді тыңдаймын күніге.
Сұлулық дәрісін себейін,
Солдырмай сезімнің гүліне.

Мен сені сүйгенге қуанып,
Құсалық қалсыншы қуарып.
Өмірде жасырып жүремін,
Өтсе де сан жылдар, уақыт.

Жүремін саған сөз тигізбей,
Бір өмір еш нәрсе білгізбей.
Әлемде біздейлер бар ма екен,
Сағынып жүретін сіз, біздей?!

Ырларым – сырларым

КАЛКЫМ КАЛСЫН АВТОР БОЛУП

Сын угуп, ары-бери чайкаламын,
Баары бир көңүл калбай баш багамын.
Башкалар байлык топтоп үй кураса,
Мен ырдан урабаган там саламын.

Өчүрбөй коргоп алаар камкор болуп,
Ырыма калкым калсын автор болуп.
Сыясы элим үчүн төгүлгөн соң,
Ансайын жалындасын алоолонуп.

Сындоочу таразага сала берем,
Ырымды тынымы жок жаза берем.
Тажабай калкым эле колдоп турса,
Курчутуп калам менен каза берем.

Кылымдан, кылымдарга камкор болуп,
Ырыма калкым калсын автор болуп.

"АКЫНМЫН" ДЕП АЙТКАН ЭМЕС

Чаңкоонун баса турган булагы жок,
Көңүлгө бир ой батчу турагы жок.
Мен кантип акынмын деп мактанамын,
Төрт сап ыр жазып алып, кубаты жок?

Тажаткан ырды жазып жар салууга,
Эрк жетпей айткан сөздү майтарууга.

Өзүмө өзүм наамды берип салып,
Акым жок «акынмын» деп мактанууга.

Керилип көкүрөгүн каккан эмес,
Сынчынын оозун тыйып жапкан эмес.
Ырларын күтүп окуп, эл баалаган,
Алптар да «акынмын» деп айткан эмес.

Көкүрөк кагып улам мактанууга,
Акым жок акынмын деп жар салууга.

АЙТЫЛБАС СЫРЛАРЫМ

Мелтиреп өз оюм чайпалат,
Катсам да а мүмкүн байкалат.
Көп сөздөр айтылбай жашыруун,
Бүт өмүр жүрөктө сакталат.

Жадымдан жүрөмүн кетирбей,
Өзүмдү кечирип, кечирбей.
Мен менен билбеген сырларым,
Жашайт ээ, эч кимге сездирбей.

Жайнаган көзүмө жашынып,
Жол алам жашоодо жанчылып.
Айтайын деп барып тыйылсам,
Жан дүйнөм кыйналат карч уруп.

Эч кимге айтылбас сырларым,
Десем да жаздырат ырларым...
Төгүп ал дегендей дапдаяр,
Каламым жан курбум, кыйбасым.

Эч кимге айтылбас сырларым,
Ал менин ырларым, ырларым.

АЛ ЫРЫМ

Жапкан менен кыялымдын капчыгын,
Жабалбайм ойлорумдун баштыгын.
Көкүрөктө калкып жүргөн булуттай,
Бардыр менин катып жүргөн жан сырым?

Тийип-тийбей айланама жарыгым,
Туурабы же кандай өттү жаштыгым?
Көз каранды болбосом да эч кимге,
Ким бирөөгө сезилеттир бар сырым?

Ооба, менин кызык болсо тагдырым,
Издегенге изилденбейт тарыхым.
Жан дүйнөмү тамчы сезим курчаган,
Бирок, жашайт, жүрөгүмдө ал сырым.

Эч бирөөгө зыяны жок бар сырым,
Байкаганга баалуу болгон ал ырым!

АК ТАҢДЫН НУРУ ӨПСӨ

Акылым жеткен менен оюм жетпей,
Арзыган адамыма колум жетпей.
Сезилем ким бирөөгө аянычтуу,
Жүрсөм да мен сүйүүгө моюн бербей.

Сезимим сезимимди башкаралбай,
Сүйүүмдү бир адамга арнай албай.
Тагдырым ким бирөөгө табышмактуу,
Ырларды жаза берсем каалагандай.

Бир инсан көңүлүмдү ооруткандай,
Ыйлатып карегимди соолуткандай.
Туңгуюк менин жашоом, а бирөөгө,
Жүргөндөй сезилээрмин жолугалбай.

Элестеп ырларымды окугандар,
Башкача ойдо калат жолуккандар.
Ак таңдын нуру өпсө кубанамын,
Мен үчүн бийик турат окурмандар.

Туңгуюк, табышмактуу сезилемин,
Ыр менен окурманды сергитемин.

КЫЯЛДАНАМ

Оюмду кыялыма жетелетип,
Жашоомду ырым менен элестетип.
Келемин из калтырам деген ойдо,
Сооротуп, мен өзүмдү эркелетип.

Багынтып бир нерсени түптөөчүдөй,
Жашоодо ырлар менен гүлдөчүдөй.
Өзүмдү элестетип алган окшойм,
Көп нерсе кыялдансам, бүтпөчүдөй.

Кол сунуп бийиктикке жетким келет,
Ааламды ырым менен кезгим келет.
Таттуу даам, эч нерседе кайталангыс,
Өзүмдүн лирикамдан сезгим келет.

Көп нерсе кыялданып кубанамын,
Ойлонуп, калам кармап убарамын.

КЕЧИРГИЛЕ

Жашырып жамандыгым бекиткиле,
Жакшы ой болсо айтып ээрчиткиле.
Сиздерди жакшы көрөм журташтарым,
Тажаткан ырлар жазсам, кечиргиле.

Жаман сөз мен жөнүндө укпагыла,
Илешкен нерселерден куткаргыла.
Көңүлүм ушунчалык назик окшойт,
Жакшы кеп менен гана жубаткыла.

Колдоочум, таянычым сезилгиле,
Ыроолоп жакшы күндө кезиккиле.
Тажатып түркүн ырды жаза берсем,
Окурман, асылдарым, кечиргиле.

Сиздерди ушунчалык жакшы көрөм,
Каталык менден кетсе кечиргиле.

ЖООП БЕРАЛБАЙ КАЛГАНМЫН

Кээ бирөөлөр кесепетин тийгизип,
Телефонго чектөө алдым киргизип.
Ошондуктан жооп бералбай калганмын,
Айталбаймын же дайыным билгизип.

Телефонум койсо кантем талкалап,
Алалбаймын тосуп жүрөк калкалап.
Канча чектөө киргенине кайылмын,
Жүралбаймын мындан ары салтанат.

Түшүнгүлө сыноо бардай байкалат,
Жан дүйнөмдө билбейм эмне башталат?
Телефонго жооп бералбай калсам да,
Сиздер үчүн ырлар жазып, арналат.

Телефонум талкаланып калса да,
Алам жалгыз ырларымды калкалап.

* * *

Чылбырын тапсам, аламын дебе тизгиндеп,
Ийдирип башын, болбосо байлап, жиликтеп.
Таппайсың билем, ырымды окуп өрттөнүп,
Жашай бер сиңдим, бир өмүр мени изилдеп.

Кудайым берген талантын жүрөм аздектеп,
Кубалап сөздүн гүлдөрүн терип, алпештеп.
Ыр жазам ооба, зыяным тийбей бирөөгө,
Ойлогун мени жакшылык менен алек деп.

Болбосо келгин, кучагым жайып достошом,
Сырдашым болсоң, бир тууган жанга окшотом.
Элимден алып, элиме жазган ырымдан,
Түбөлүк өчпөс, лирика чебин орнотом.

Ырымды окуп, ыйлаба сиңдим, өрттөнбө,
Кучагым жайып тосомун сени көргөндө...

* * *

Көз күйүтүн жууса болот жаш менен,
А жүрөктү баштабайсың баш менен.
Ээ койчу деп, колуң шилтеп кетсең да,
Көңүл курган алданабы аш менен?

Кабыл алып, тоссоң дагы жаш менен,
Келген кезде далай уруп каш менен.
Жүрөгүңдү ээлеп алган адамды,
Каршылашып уралбайсың таш менен.

Кусалыкка курчап алып саз менен,
Канча ирет кыйнаса да жаш менен.
Жүрөгүңдүн кабыл алган чечими,
Жакшы жагын гана көрүп айт деген.

Сүйүү болот, сүйүү болот ал деген.

ЖАЛГАН СҮЙҮҮ САТЫЛАТ

Кызык эмес сенин кимге акылың,
Кызыктырат убактылуу багытың.
Болсо жетет жалган сүйүү алууга,
Бизнесменби, чоңбу, кандай жакының?

Кызыктырган эгер болсо байлыгың,
Канча жанга сөзүң өткөн кадырың.

Барбы анда, жалган сүйүү сатылат,
Ойлондурбайт келечегиң, тагдырың.

Жыргал жашоо түгөнгөнчө сабырың,
Тазалайсың толбосун деп арыгың.
Буюрбаса кетип калат сел болуп,
Убактылуу сатып алган бакытың.

Байлык, бийлик, болсо ээрчип багынат,
Азыр заман... жалган сүйүү сатылат.

БИР АДАМДЫ ЖАКТЫРУУ

Ооба бакыт – бир адамды сүйгөнүм,
Алоолонуп оттой ысып күйгөнүм.
Башка жанга ыраа көрбөй сезимим,
Ал деп гана согуп турган жүрөгүм.

Бакыт окшойт кыялданып жүргөнүм,
Жолун карап бир адамды күткөнүм.
Көз алдыма тартып алып элесин,
Ойлоп аны, ар бир өткөн күндөрүм.

Ооба бакыт, кыялдануу, сагынуу,
Сүйүү, күтүү же болбосо жактыруу.
Элестетип ойлоносуң миң түркүн,
Болгон өңдүү жалгыз өзүң бактылуу.

Билбесе да капаланып, таарынуу,
Бакыт окшойт – бир адамды жактыруу.

БИЗ ЭКӨӨБҮЗ

Жүрөгүбүз бирдей согуп тагдырлаш,
Биз экөөбүз өскөн өңдүү тамырлаш.
Сен да менсиз, мен да сенсиз жашоо жок,
Тагдыр бизди ушул жолдон айырбас.

Бул өмүрдүн даамын татып табакташ,
Оюбуз да бирдей чыгып тарапташ.
Сен да мени, мен да сени толуктап,
Кубанамын болгонума замандаш.

Бул турмуштун сыноосунан тайыбас,
Сезимибиз түбөлүктүү, арыбас.
Тоскоолдукту тоготпогон сыйкырдуу,
Биздин сүйүү эч нерсеге багынбас.

Жүрөгүбүз бирдей согуп тагдырлаш,
Биз экөөбүз бир даракпыз тамырлаш.

* * *

Бир жүрөк, бир тамырдан бөлүнбөгөн,
Сырыбыз чыгып сыртка көрүнбөгөн.
Сүйүүбүз жашаса да өчпөй, жанып,
Мен көлмүн, а сен тоосуң көрүшпөгөн.

Кулачын кенен жайган жолуң болом,
Тулку бой, дене болсоң, колуң болом.
Бир бүтүн сен экөөбүз бөлүнбөгөн,
Бишкексиң, а мен болсо Ошуң болом.

Төө-Ашуу сени дейин, Ысык-Көлмүн,
Чөл сымал кең талаасың, Салкын-Төрмүн.
Чыгыштан чыккан күндөй сүйүү чачкан,
Ортосу жүрөгүңдүн Бакыт-Көлмүн.

Жазылып бир баракка тарыхыбыз,
А бирок, эки башка тагдырыбыз.
Экөөбүз, биз экөөбүз бир даректай,
Соолуса бирдей соолуйт тамырыбыз.

АЛСЫЗ ЖҮРӨК

Кадамым жылбай эле кур намыстан,
Кутула албай жүрүп кусалыктан.
Көксөгөн максатымды кыялданып,
Утулуп жаткандырмын убакыттан.

Сагыныч коё бербей жара тиштеп,
Бул жолдон басуу татаал, араң шилтеп.
Туруштук берсе дагы алсыз жүрөк,
Калбырга салып көрдү сүйүү иргеп.

Жаратым катып ичке, өрттөнөмүн,
Сыртымдан сыр билгизбей көйкөлөмүн.
Кадамым карыш жылбай сен тарапка,
Мезгилим куса менен өткөрөмүн.

Кадамым жылбаса да оюм жылып,
Күтүүдөн талып барат моюн сынып.

КАНТИП ЖАЗАМ ЖАКШЫ ЫР

Купулуңа толуп мүмкүн жакмакмын,
Көкүрөгүм кагып сырым айтмакмын.
Сен жөнүндө жазып алсам жакшы ыр,
Оо анда мен, акын болуп калмакмын.

Сөздүн гүлүн ылгап терип, тапмакмын,
Жан дүйнөмө салып таптап бакмакмын.
Эрким жетсе, ысмың кооздоп чиймелеп,
Акын болуп сени гана жазмакмын.

Сөз курасам, бир калыпка кыналбай,
Баштап алып, аягына чыга албай.
Кантип жазам сен жөнүндө жакшы ыр,
Жүрөм дале эргүүсү жок, чыгарбай?

ЫР ОКУДУМ САГА АРНАП

Сыйкыр сезим жан дүйнөмдү аралап,
Китебимди колго алып, баратап.
Бүргөндүнүн кызгалдактуу талаасы,
Күбө болду ыр окусам сага арнап.

Унаа калды бизге кароол болгондой,
Жолубуздун узактыгын ойлонбой.
Кызыл килем кызгалдакты аралап,
Жүрө бердик убакытты тоготпой.

Ырларымда жашаса да сүйүүбүз,
Сөздөр бүтпөй, шаңдуу чыгып күлкүбүз.

Жолубуз бир болуп мына сапарлаш,
Бүгүнкү күн, экөөбүздүн күнүбүз.

Кызгалдактуу талааларды аралап,
Маңдайыңда ыр окудум сага арнап.

БЫЙЫЛКЫ КЫШ ДА УЗАДЫ

Карегим катып кусаны,
Кыялым сынды, урады.
Жолугуу бизге буюрбай,
Быйылкы кыш да узады.

Жоголуп куса көйгөйү,
Өзгөрүп нуру көздөгү.
Тосуп алса деп ойлойм,
Быйылкы жылдын көктөмү.

Сунганда колум жетпеген,
Оюмда жашап кетпеген.
Адаштырып акылым,
Арманым болдуң сен деген.

Үзүлбөй дале күдөрүм,
Үшүгөн бойдон жүрөмүн.
Узатып кышты кусалуу,
Көктөмдө сени күтөмүн.

Карекке катып кусаны,
Быйылкы кыш да узады.

КОШТОШПОЙТ ЭЛЕМ

Көөдөнгө бугум, карекке жашым толтурам,
Эч бирөө сезбейт, талпынам сага, кол сунам.
Кетпегин дебейм, эркиңе коём баарымды,
Аргасы жоктон коштошуу үчүн жолугам.

Билесиң, билем, таштадык кадам жаңылып,
Түшүнбөй калдым, өрт каптап келсе жабылып.
Чекитти албайм, чечимим сага угуздум,
Коштошом бирок, түбөлүк өтөм сагынып.

Кетээрсиң сен да, жүрөгүм менин ээлебей,
Жүралбайм сага, жүралбайм эми эркелей.
Акыркы ирет айтып ал болгон оюңду,
Мезгилим даба, унутам сени эстебей.

Коштошпойт элем, коштошуу үчүн жолугам,
Жакшы кал дейм да, белгисиз жакка жол улайм.

ТҮБӨЛҮК ЭСТЕП ЖҮРӨМ

Башымды жерге салып бекитейин,
Көзүмдө сагынычым сездирбейин.
Дегенде кучагыңа бекем кысып,
Билгендей жароокерим кетирбедиң.

Окудуң жамалымдан кусалыкты,
Жүзүмө алып келип нур, жарыкты.
Батыштан соккон шамал сылап беттен,
Кетиргим келбей турду бул бакытты.

Жол алып барганымды күтпөсөң да,
Кубандың, араң гана сүйлөсөм да.
Мен эмес, сен да мени сагынгансың,
Түшүндүм, кучагыңда сүрдөсөм да.

Өзгөртпөй, кечээ өткөн убакытты,
Түбөлүк эстеп жүрөм бул бакытты.

МЕН ЖӨНҮНДӨ АЙТПА

Сүйүү менен ооруп коюп жүрөмүн,
Сансыз кыял өмүр бою күдөрүм.
Айтпа, айтпа, мен жөнүндө эч кимге,
Сени ойлоп, сени гана сүйөрүм.

Бир карасам таш боор адам көрүнөм,
Бийик курчап сан миң ойго бөлүнөм.
Билбейм кандай, мерез жүрөк багынып,
Сени сүйүп калганыма өкүнөм.

Кыдырамын кыялымдын бакчасын,
Же адашып көзүм көрбөйт башкасын.
Эмнеликтен койдум сени унутпай,
Жүрөгүмдүн алып таштап санаасын.

Айланама таш боор адам көрүнөм,
Алсыз болуп калганыма өкүнөм.

КЕТСЕМ МЕЙЛИ АТУУГА

Байлыгым жок сүйүү сатып алууга,
Бийлигим жок сезим кенин казууга.
Эч мокобой колдоп турса калемим,
Эрким жетет сен деп ырды жазууга.

Үнүм жетпейт мени сүй деп айтууга,
Күчүм жетпейт жашырынып катууга.
Орун берсе сезимиме жүрөгүң,
Жалгыз сага сүйүү берем тартууга.

Айтса мейли алдырып эл ачууга,
Калсам мейли түшпөй ооздон талкууга.
Алтын, жакут, шуру, каухар көрсөтүп,
Келгендерге каршы чыгам сатууга.

Сезимимди жалгыз сага арнаймын,
Кетсем дагы мен сүйүүдөн атууга.

КӨП ЖЫЛ БОЛДУ

Көп жыл болду өзүңдү көрбөгөнүм,
Санаа тартып, сагынып өрттөнөмүн.
Кокус эле түшүмдөн көрүп калсам,
Кубанычтан жол карап көрктөнөмүн.

Көп жыл болду дайының билбегеним,
Калган сенден атырың, искегеним.
Карааныңды акмалап ар кай жерден,
Жалгыз өзүң билип кой издегеним.

Көп жыл болду жамалың таппай жүрөм,
Билесиңби, эч жерге батпай жүрөм.
Айланама жар салып атың атап,
Сүйөмүн деп, сүйөм деп, айтпай жүрөм.

Оюм сени ээрчиген, калбай жүрөм,
Көп жыл болду мен сени таппай жүрөм.

ЖАЗЫМ КЕЛДИ

Сүйүү берип жүрөгүмдү кулаткан,
Кечээ эле кош айтышып узаткан.
Жазым келди дагы кайра жаңырып,
А күткөнүм келбей жүрөт узактан.

Жан дүйнөмдү сагындырып ыйлаткан,
Аргасыздан сүйүү ырын ырдаткан.
Жазым келди жашыл көйнөк кийем деп,
А сүйгөнүм келбей жүрөт ыраактан.

Далай атып көчүн улайт жарык таң,
А күткөнүм ишендирип дасыккан.
Баратамын жазга калбай тосуп ал,
Деген эле, кебей койду алыстан.

Жазым келди кечээ эле узаткан,
А сүйгөнүм неге келбейт узактан?

БИЛСЕҢ ЭКЕН

Колдон түшпөйт, сүрөтүңдү тиктеймин,
Дайыныңды билбей калсам издеймин.
Өкүнүчтүн баракгарын баракгап,
Жемелеймин, мен өзүмдү тилдеймин.

Сүйөм сени, өмүр шамым өчкүчө,
Ойлойм сени жамгыр көздөн төккүчө.
Сенсиз кантип жашаарымды билбеймин,
Сүйөм сени бул ааламдан өткүчө.

Билбей калдым күндүн кантип батарын,
Же өзүңсүз таңдын кантип атаарын.
Сени ойлоп, сен деп согуп жүрөгүм,
Билсең болду сени сүйүп жашарым.

Болбосо да мен жөнүндө кабарың,
Билсең экен сени сүйүп жашарым.

АТАЙ АЛБАЙМ

Атыңды эч качандыр атай албайм,
Антсе да сүйөрүмдү ката албайм.
А тагдыр экөөбүздү бөлгөн менен,
Бөлөккө жүрөгүмдү сата албайм.

Сырдашып сүрөтүңдү карай албайм,
Сыргаңды кулагыма кадай албайм.
Сен берген тарагыңды катып жүрөм,
Сеңселтип чачым сылап тарай албайм.

Күнөөлөп мен өзүмдү сабай албайм,
Канча жыл өттү билем, санай албайм.
Мен сени сүйөрүмдү баары билет,
Андыктан сенин атың атай албайм.

КАРЕГИМ СЕНИ ИЗДЕГЕН

Зыянын бир бирине тийгизбеген,
Бир көзүм бир көзүмө билгизбеген.
Адаттан чарчабаган карегим ай,
Тымызын, тынымы жок сени издеген.

Багыты бирдей болуп өкүнбөгөн,
Бир көзүм бир көзүмө көрүнбөгөн.
А бирок, экөө дагы сени издеп,
Тигилип канча жанга көңүл бөлгөн.

Окшотуп адашпаган, жаңылбаган,
Оң көзүм, сол көзүмдү тааныбаган.
Билгизбей экөө бирдей издеп сени,
Каректен өчпөй үмүт, жалындаган.

Бир көзүм, бир көзүмө жеңилбеген,
Экөө тең бир багытта сени издеген.

ЖАЗЫП БҮТПӨЙМ

Өчпөгөн оттой жанып күйө берем,
Мен сени өмүр бою сүйгөн үчүн.
Кол кармап кыялымда жашай берем,
Өзүңдү өмүр бою күткөн үчүн.

Түн кирет, таң да атат, ойлой берем,
Жолугуп каламбы деп жолуң карап.
Кыш кетет, жаз да келет, ойлой берем,
Убакыт өтпөй улам саатым санап.

Сөз баштап алсам эгер сен жөнүндө,
Түгөтүп бир кылымда айтып бүтпөйм.
Ыр арнап жазам десем сен жөнүндө,
Кайрадан туулсам да жазып бүтпөйм.

Мен сени түбөлүккө айтып бүтпөйм,
Бир кылым жетпейт окшойт, жазып бүтпөйм.

* * *

Эмне болот эгер бирөө байкаса,
Таң калгандай мага башын чайкаса.
Жүрөгүмдү сүйүү ээлеп турганда,
Неге болбойт он сегиздей жашаса?

Алыс кетип ээрчип алган санаадан,
Бул жарыкта туулган өңдүү кайрадан.
Он сегиздей согуп турса жүрөгүм,
Мен сүйүүдө жашаганым жашаган.

Деген менен бул сыноону тандасам,
Сендикмин деп келсе сүйүү кайрадан.
Көтөралбай калса кантем жүрөгүм,
Он сегизден эки жолу жашаган.

Он сегизди эки жолу өткөрдүм,
Сүйүү сени көргүм келет өрттөнгөн.

КЫШКЫ ТҮН

Сен менен көп нерсени акылдашып,
Жүрөгүм жакшы сөздөн азыктанып.
Табият экөөбүзгө суктангандай,
Кышкы түн. Ай шооласы жарык чачып.

Айылым, итимдин да үнү чыкпайт,
Ак карда бизден алыс аяз сыздайт.
Мен сени бара бер деп ушул түнү,
Кетирип жиберүүгө көңүл кыйбайт.

Келгенсиң жана эле күн батарда,
Күттүрүп жолуктум ээ эл жатарда.
Сөзүбүз бүтпөй койду, бүтпөй койду,
Узадың аргасыздан таң атаарда.

Кучактап жамалымдан алдың өөп,
Ай шоола албадыбы бизди көрүп.

КЕЛГЕНИҢЕ КУБАНМАКМЫН

Баары бир билгизбестен уурданмакмын,
Көрүнбөй карап балким узатмакмын.
Карааның көрбөсөм да мейли эле,
Келдим деп койгонуңа кубанмакмын.

Алыстан балким сага көрүнмөкмүн,
Кааладың окшойт менин өкүнгөнүм.
Келди деп жат адамдан укканымда,
Билбедиң жамгыр болуп төгүлгөнүм.

Көзүңө урунмакмын, кезикмекмин,
Акырын карегиңди ээрчитмекмин.
Алыстан тиктеп коюп жамалыңды,
Бир ойго салып сени кетирмекмин.

Оорутуп көңүлүңдү не кыламын,
Жөн эле келгениңе кубанмакмын.

* * *

Торуңду кай таризде камдагансың,
Эмнеге мени гана тандагансың?
Сезимди тоготпогон мерез жандын,
Жүрөгүн сүйүү менен байлагансың.

А бүгүн сени бирөө ойлобосун,
Сезимдин сыйкыр огун октобосун.
Сүйдүрүп албадыңбы бир мерезди,
Ооба, чын, сен эч кимге окшобойсуң.

Жат адам жүрөгүңө орнобосун,
Сагынып, санаа тартып жоктобосун.
Бир мерез сени ойлоп сүйгөн кезде,
Жолуңду тосуп улам коргобосун.

Ааламда эч бир жанга окшобойсуң,
Мени да эч бирөөгө окшотпоссуң.

ЭГЕРДЕ СҮЙҮП КАЛСАМ ДУБАНАНЫ

Ишенген болсоң эгер кадырыңа,
Таянып келип алып байлыгыңа.
Сүүйүүмдүн өлчөп кунун баалап көрдүң,
Алмашпайм, убактылуу бакытыңа.

Карабай жолумдун да тардыгына,
Нан таппай жүрсө мейли азыгына.
Эгер мен сүйүп калсам дубананы,
Тандабай ээрчип кетем тагдырына.

Кызыкпайм кандай адам, тарыхына,
Кызыгам сыйлай билген акылына.
Мен сүйгөн адам мени сүйө билсин,
Жар салбай сезимин ал бардыгына.

Кызыкпайм жалтыраган жакутуңа,
Кызыгам тартуулаган бакытыңа.

СЕНИ КАРАП ТҮЗДӨНДҮМ

Үйрөнгөнмүн сени карап түздөнүп,
Негизгиси кечиримдүү болууну.
Өзүмчүлдүк мүнөзүмдү жоготуп,
Кетиргенмин көк бет деген ооруну.

Болбогонго ызаланып ыйлаган,
Сапатым жок азыр башка адаммын.
Сабырдуумун, сени көрүп түздөнүп,
Баштагыдан өзгөрүлүп калганмын.

Жүрөгүңдөн орун алып алган соң,
Өзгөрүлбөйм, эл алдында сөз берем.
Боорукермин, мээримдүүмүн жөнөкөй,
Сен күткөндөй кыялыңа төп келем.

Ойлогондой аткарылып талабың,
Негизгиси сен күткөндөй адаммын.

ӨЧ АЛАБЫЗ

Жалындаган отту кечип күйүүдөн,
Коркпойт элек бир бирибиз күтүүдөн.
Тоскоолдуктун жеңип туусун багынтып,
Өч алабыз сен экөөбүз сүйүүдөн.

Өтүп күндөр убакытка таарынган,
Артта калат биз мезгилге жалынган.
Сүйүүбүздүн бекемдигин көрсөтүп,
Өч алабыз ал учурдун баарынан.

Унут калып кусалыкка жүгүнгөн,
Күндөр келет сен экөөбүз сүйүнгөн.
Ажырабай кол кармашып жүргөндө,
Мезгил качат телефонго үңүлгөн.

Өч алабыз тоскоолдуктун баарынан,
Учур келсе жомок болуп жаңырган.

СЕНДЕ КҮНӨӨ

Билгизбей жүрөгүңө багындырып,
Дабасыз бир ооруга кабылдырып.
Сүйдүрүп алган мени, сенде күнөө,
Көзүмдү карааныңа зарыктырып.

Жүрөгүм шруп салып бурагандай,
Чыгарбай чынжыр байлап тушагандай.
Капканга илип алган, сенде күнөө,
Жүрөмүн араң жолум улагандай.

Салмагын өлчөө кыйын, көтөралбайм,
Акырын тартып алып өөнөй албайм.
Сезимиң артып берген сенде күнөө,
Жүрөгүң сүйүүм менен көзөй албайм.

Сүйүүңдү арнап берген сенде күнөө,
Эмнеге көтөралбайм, көтөралбайм?

* * *

Сезимди буюм көрбө алмашкыдай,
Жээрисең кетип жатка жармашкыдай.
Сүйөм деп айтып алган күнөөм эмес,
Душмандай кабыл алба, кармашкыдай.

Сезимим ажал эмес жан алгыдай,
Жолуңдан тороп чыгып табалгыдай.
Сүйдүрүп алган сенин күнөөң эмес,
Кабыл ал көрсөң мени абалкыдай.

Сезимим байлык болсо тараткыдай,
Бермекмин түбөлүк сен жараткыдай.
Көзүңө жок дегенде көрүнгөндө,
Колуңа уучтап берип караткыдай.

Сүйдүрүп алган сенин күнөөң эмес,
Жолуксам амандашкын абалкыдай.

УШУЛ ЖЫЛЫ

Карааныма кааласам зарыктырып,
Кай бир күнү көрүнбөй сагындырып.
Баш ийбеген жүрөгүң кантээр экен,
Ушул жылы алсам дейм багындырып?

Эркиң жетпей, жүрөгүң оолуктуруп,
Көргөнүңдө карааным соолуктуруп.
Ушул жылы сүйдүрүп алам сени,
Сезим деген жашоодон жолуктуруп.

Түшүнүксүз ооруга кабылдырып,
Кайра сенин жүрөгүң айыктырып.
Келгенимде, сен мендик болом десең,
Барар элем жашооңду жарык кылып.

Ушул жылы сүйдүрүп, сагындырып,
Биротоло алайын багындырып.

ТАШ ЖҮРӨК

Суурулуп тороп жолуң озунгандыр,
Сүйөм деп кимдер гана оолуккандыр.
Таш болгон жүрөгүңдөн даба таппай,
Аргасыз, аргасыздан соолуккандыр.

Түшүн да сен деп ойлоп жоруттубу,
Үмүтүн жыйнай албай соолуттубу?
Эх, сенин мерез болгон таш жүрөгүң,
Көңүлүң нечен жандын ооруттубу?

Мен дагы төгүп көз жаш оолуктумбу,
Көңүлүн кимдин билбейм ооруттумбу?
Таш жүрөк жайнап турган эки көзүң,
Сүйдүрүп алган үчүн жолуктумбу?

Башкача арбап алган сенин көзүң,
Жүрөгүм менин гана ооруттубу?

КЕРЕК ЭЛЕ

Күйүттөн кээ бир кезде жыгыламын,
Күтүүнүн чынжырында сыгыламын.
Жөн гана кабарлашып койсоң эмне,
Кандайсың? – деген сөзгө жылынамын.

Сагыныч санаасында араң басып,
Тоңомун кусалыктан тайгаланып.
А сенчи, кандай ойдо жүрдүң экен,
Кабарың билгизбейсиң каадаланып.

Сүйүүмө даба болуп берээр эле,
Ооруган жүрөгүмө себеп эле.
А мейли телефондон жок дегенде,
Кандайсың? - деген сөзүң керек эле.

Жылуулук берип менин жүрөгүмө,
Кандайсың? - деп коюшуң керек эле.

БЕШ МҮНӨТКӨ

Тагдырым беш мүнөткө жолуктурса,
Кучактап кучагыңа жыгылмакмын.
Жүз жылдык даба алып жүрөгүмө,
Мен сенден бир башкача жылынмакмын.

Өмүрдө беш мүнөткө кезигишсек,
Көзүңдөн көзүм албай тиктемекмин.
Кылымга сезимиме даба таап,
Артылып моюнуңдан искемекмин.

Жашоодо биз кайрадан жолугушсак,
Сүйөм деп айланама жар салмакмын.
Баягы түнт мүнөзүң өзгөрүлбөй,
А балким кылыгыма таң калмаксың.

Тагдырым беш мүнөткө жолуктурбайт,
Кыялым дал ошондой жолун улайт.

ӨЗҮҢСҮЗ

Сүйүү деп балким кимге күлдүм бекен,
Үндөбөй же келет деп күттүм бекен?
Сезимдин дайрасынан кезиккенче,
Өзүңсүз а мен кантип жүрдүм экен?

Келгенди кете бер деп түрттүм бекен,
Бүркөлгөн кабагымды бүрктүм бекен?
Жүрөгүм жүрөгүңө кезиккенче,
Өзүңсүз кантип жашап жүрдүм экен?

Сүйүүнүн оту жанып күйдүм бекен,
Жашырып же бирөөнү сүйдүм бекен?
Сагыныч, куса, күтүү дегендерди,
Өзүңсүз кандай ойлоп жүрдүм экен?

Өмүрдүн кемесинен жолукканча,
Өзүңсүз кантип жашап жүрдүм экен?

ЖАШАЙМЫН СӨЗ ТИЙГИЗБЕЙ

Санаа бар курчаган, бүтпөгөн,
Жанчылып калгандай бүт денем.
Жазылсын сагыныч, кусалык,
Бир келип жүзүмдөн сүй дебейм.

Анткени, сезимим билгизбей,
Башканы жүрөккө киргизбей.
Жашырып, өмүрүм өткөнчө,
Жашаймын сага сөз тийгизбей.

Чаң жукса а мейли жүзүмө,
Жукпасын эч нерсе сүйүүмө.
Аруулук азыгын себейин,
Сезимдин соолубас гүлүнө.

Мойнума артынып кусалык,
Мен сени сүйгөнгө кубанып.
Жашырып жашаймын өмүрдө,
Өтсө да сан миң жыл, убакыт.

Жашаймын сага сөз тийгизбей,
Бир өмүр эч нерсе билгизбей.

ТАРТЫНАМ

Кубанам күндө келип кабарлашсаң,
Суранам, башың ийкеп амандашсаң?
Эч кимге билгизбестен алик алам,
Таң калба ким дегендей саламдашсам.

Мен сени сүйөрүмдү билбегендей,
Баары эле экөөбүздү тиктегендей.
Тартынам кучак жайып учурашсаң,
Обу жок деп айтышып тилдегендей.

Тартынам кылыгыңа көнбөгөндөй,
Эч качан кучагыңды көрбөгөндөй.
Айланам айтышабы деп ойлоном,
Жөн эле учурашса, көйрөңдөнбөй.

Жүрөгүм кучагыңды эңсесе да,
Туюлам сага мүмкүн өзгөргөндөй.

АК ЖАМГЫР

Үшүдүң, үшүбө деп кучактады,
Басылсын жамгыр деди... узатпады.
Жан дүйнөм ушул сөздү күткөн өңдүү,
Оюм да коштоп аны кубаттады.

Токтобой жааса дедим сурангандай,
Ак жамгыр төгүп жаттың кубангандай.
Мен бүгүн сүйгөнүмдүн кучагында,
Дагы да калып кеттим узай албай.

Далилдеп ал дегендей сүйөрүмдү,
Ак жамгыр коштоп менин жүрөгүмдү.
Сезимдин сыйкырлаган нурун төксө,
Кучактап тура бердим сүйгөнүмдү.

Ашыктык кемесинен мени көрдүң,
Ак жамгыр бакыт менен сүйүү төктүң.

* * *

Түбөлүк жарык чачып күн кире элек,
Жер болсо, эч качандыр ай тийелек.
Көрсөтүп алып барчы эркиң жетсе,
Далилдеп сүйөрүңдү айгинелеп.

Болбосо ай жаркырап, таң атпаган,
Экөөбүз... башка эч ким үн катпаган.
Табият коюнуна алып барчы,
Тек гана сүйүү деген гүл жайнаган.

Убакыт, мезгил, учур, күн өтпөгөн,
Бакыттын нуру тийип, түнөрбөгөн.
Сыйкырдын өлкөсүнө алып кетчи,
Кучагың жайып салып, күлүңдөгөн.

Болбосо кучагыңдан чыгарбачы,
Сени эле сүйөмүн деп ыйлабачы.

ЖҮРӨГҮМ ООРУП ЖҮРӨТ

Ишенбе, жан дүйнөмдүн күйгөнүнө,
Ишенчи, жүрөгүмдүн күткөнүнө.
Көп болду түшүмө да кирбей калдың,
А мүмкүн уйкум качып жүргөнүнө.

Таарынам, кээде кайра жазыламын,
А бирок, сезимимди жашырамын.
Сөз болсо сен жөнүндө, кулак төшөп,
Бүт баарын кыял менен сапырамын.

Унуткан адам болуп сезилемин,
Өчүрүп чийип баарын кетиремин.
Өзгөрбөй сени сүйгөн жүрөгүмдү,
Күнөөлөйм, кайра эле кечиремин.

Көп болду неге түшкө кирбей калдың,
Жүрөгүм ооруп жүрөт, билбей калдың.

ЖҮРДҮҢ БЕКЕН МЕНИ АЯП

Үйрөндүм көп нерседен жашым тыйып,
Оорубай калбадыбы башым сынып.
Ашыкча сөз айтуунун кажети жок,
Мен сени ойлогондо жакынсынып.

Изилдеп кереги жок өткөнүңдү,
Сен мага алып келдиң өзгөрүүнү.
Куштармын жүрөгүңө жакындоого,
Унутуп мындан ары көйгөйүмдү.

Ойлонбойм абалкыдай мезгил санап,
Жүргөндөй сезилесиң мени таяп.
Жакындап алсам эле жүрөгүңө,
Түздөнүп жашай берем сени карап.

А мүмкүн жүрдүң бекен мени аяп,
Оорутуп албайын деп көңүл карап.

ТОРОГОН КУСА МЕНИ

Таң калар, кандай адам, көпкөн деги –
деп айтып, айланамда көргөн мени.
Артылып моюнуңдан бек кучактап,
Сырдашкым келип жүрөт көптөн бери.

Таң калсын, баары мени жемелешсин,
Талкуулап, кай бирөөлөр тебелешсин.
Кусалык оорусуна кабылганмын,
Кучактай берем сени, не дешпесин?

Бир күнү барарымды кулактайын,
Мезгилди өткөрүп мен узатпайын.
Сагыныч оорусуна кабылганмын,
Жеткенде шап моюндан кучактайын.

Сүйлөшкүм келип жүрөт көптөн бери,
Торогон куса деген көйгөй мени.

СҮЙӨРҮМДҮ СЕЗСЕҢ БОЛДУ

Тиктегенде кирсиз таза көзүңдү,
Көрүп алдым капысынан өзүмдү.
Сүрдөп кеттим, сүрүң дагы башкача,
Араң айтып амандашкан сөзүмдү.

Карегиңе батыргандай ааламды,
Билгизбейин десем дагы санаамды.
Жамалымдан байкагандай туюлуп,
Сүрдөтөсүң, сүрдөтөсүң адамды.

Дүкүлдөгөн жүрөгүмдүн кагышы,
Сага гана угулгандай дабышы.
Сүрдөп кетем келгениңде жаныма,
Сүйөрүмдү сезсең болду башкысы...

Өзгөрүлбөс өмүр чиркин жарышы,
Сүрдөтсөң да сенсиң сүйүү дарысы.

* * *

Сүйлөштүм телефондон,
Сен менен бүгүн көпкө.
Сөз бүтпөй кыялданам,
Учкандай болуп көккө.

А менин сагынганым,
Сөзүмдөн билиндиби?
Жүрөгү сыздады деп,
Көңүлгө илиндиби?

Муңайып жүргөнүмдү,
А мүмкүн эстедиңби?
Жол карап күткөнүмдү,
Айтпасам сезбедиңби?

Сүйлөштүм бүгүн көпкө,
Учкандай болуп көккө.

ООРУДУМ ДЕЙ АЛБАДЫМ

Түн кирди, таң аткыча кеталбадың,
Көрүнүп турдуң, бирок, жеталбадым.
Ал учур дене табым көтөрүлүп,
Оорудум, ооруп жатам дей албадым.

Телефон кубаты жок өчүп калган,
Сыркоолук жан дүйнөмдөн өчүн алган.
Сөз берген элем сага оорубайм деп,
Заматта өзгөрүлгөн өмүр жалган.

Кетпедиң, күтүп жолум карап турдуң,
Кетсе деп убакытты санап турдум.
Жашынып терезенин пардасына,
Мен сени ушунчалык аяп турдум.

Ооруган акыбалым көрбөсө деп,
Жолукпай кетээриңди каалап турдум.

КҮЧТҮҮ ЭКЕН КАПКАНЫҢ

Унутам деп жол алганда, кыялбай,
Айланчыктап тегеренип жылалбай.
Ооба көндүм, күчтүү экен капканың,
Калбадымбы, калбадымбы чыгалбай.

Убакыттын өткөнүнө терикпейм,
Сүйүү бердиң, бергениңе жекирбейм.
Ал анткени, бекем экен тузагың,
Сени ойлоп бул өмүрдө зэрикпейм.

Адат кылып жолуң карап күткөндү,
Кыялданып өткөрөмүн күндөрдү.
Секунд, мүнөт, керек болсо бүт өмүр,
Көнүп калдым сени ойлоп жүргөндү.

ДҮЙНӨ МЕНИ ӨЗГӨРТСҮН

Элестеттим келечегим бактылуу,
Багынамын адамым деп кадырлуу.
Таштап бир күн жан дүйнөңө чакырык,
Жасаганы турам сага кайрылуу.

Буюрбаса мейли, мейли элдешүү,
Кыялданам бир керемет кездешүү.
Мен дүйнөнү, дүйнө мени өзгөртсүн,
Жарыялайм бир күн сага беттешүү.

Багыт алам жүрө бербей жашынып,
Кадам таштайм, төлгө болсун жакшылык.
Сен деп согуп жаткан үчүн жүрөгүм,
Күтпөсөң да жасайм бир күн жаңылык.

Мен дүйнөмү, дүйнө мени өзгөртсүн,
Жүрөгүңө жетчү жолду көрсөтсүн.

ЭХ, МЕНИН ТААРЫНЫЧЫМ

Капалык курчап алса көңүл кирдей,
Уйкум жок, ойлоп сени көзүм илбей.
Кек сактап сүйлөбөйүн деген менен,
Кечирем кайра эле өзүм билбей.

Төгүлөм, өткүн болуп ыйлап алып,
Сүйлөбөйм, сүйлөбөйм дейм ызаланып.
Эх, менин, таарынычым беш мүнөттүк,
Ойлоймун сени кайра кусаланып.

Акырын жан дүйнөмө кирип бүттүң,
Капкандап жүрөгүмдү илип бүттүң.
Өткөрүп убакытты байланышып,
А сенчи, мүнөзүмдү билип бүттүң.

Эх, менин таарынычым, тагдырлашым,
Бүтпөсүн сага деген сагынычым.

ҮЙҮҢДҮ ТИКТЕП ӨТӨМ

Издеймин айылыма баратканда,
Үйүңдү тиктеп өтүп ар качан да.
Уйкуңдан ойгонгондо жүзүң сүйүп,
Жолуккум келе берет таң атканда.

Бир азга таяп койсоң канатымдан,
Арылып аз да болсо жаратымдан.
Кезикким келип жүрөт, билесиңби?
Кучактап жыттап алып, жамалыңдан.

Көрүнбөй издеттирип сагынтасың,
Келээр деп күттүрөсүң, жалынтасың.
Үйүңдү жол боюнда, тиктеп өтөм,
Бирок, сен, айылыңдан алыстасың.

Жол алып айылыма баратканда,
Тигилип тиктейм үйүң ар качан да.

САНАА ЖЫЙНАП КЕЛЕМ КАЙРА

Экөөбүзгө аалам дагы суктанып,
Ыраа көрбөй мени сенден башкага.
Анда шаңдуу тосуп алган айылың,
Тиктегендей бүгүн ким деп башкача.

Жамалымдан салкын жели сылаган,
Бак даректар кубанычтан ыргалып.
Ошондогу көрктүү болгон айылың,
А азырчы? Сени эстетет ыйлатып.

Далай өтөм айылыңдан, жолуңдан,
Карааныңды издей берем үйүңдөн.
Кабарыңды же дайыңды угалбай,
Санаа жыйнап келем кайра үйүлгөн.

Кучак жайып тосуп албайт ошондой,
Барганымда азыр мени айылың...

СӨЗ АЙТЧЫ КҮЙӨ ТУРГАН

Ойлосоң айланага угулат деп,
Ким бирөө сезип калса кубулат деп.
Шыбырап айтып койчу сүйөрүңдү,
Башкадан жүрөгүңдү кулпула деп.

Жолуңду карап күндө күтө турган,
Арбалып сени гана сүйө турган.
Угузбай эч бирөөгө, билгизбестен,
Сөз айтчы алоолонуп күйө турган.

Дүкүлдөп согуп жүрөк, жаным калбай,
Сөз айтсаң, жан дүйнөмө чагылгандай.
Көзүңдүн карасына тең айланам,
Дартыма даба сенден табылгандай.

Сүйөрүм эч бирөөгө угузба деп,
Сөз айтчы жүрөгүңдү кулпула деп.

ЖҮРӨГҮМ ЖЕҢИЛҮҮДӨ

Жебеңди жүрөгүмө мээлеп алып,
Сүйдүрдүң, биротоло ээлеп алып.
Чалынам, айланчыктап айланаңда,
Торуңду койгонсуңбу терең жайып?

Саресеп салып көрсөм суурулууга,
Жок сенден мүмкүн эмес кутулууга.
Аргам жок экендигин түшүнгөндө,
Баш ийдим сезимиңе утулууга.

Ооба, ал, сенин сүйүүң байлап алган,
Жүрөгүм алсыз окшойт тандап алган.
Жашоомду өзгөрбөгөн сезим коштоп,
Жылдырбай оюмду да кармап алган.

Баш ийип алсыздыктан чегинүүдө,
Жүрөгүм сага, сага жеңилүүдө?

БИЗ ДЕП АЙТ

Эстетпе, сүйүүбүздү эстебейин,
Деп алып, көз жаш төгүп эреркеймин.
Башкалар айтып бүтпөй баян кылган,
Ансыз да сыноо деген электемин.

Коштолуп же агабыз дайраларга,
Айтылып, талкууланып далайларга.
Сүйүүбүз үлгү болсун андан көрө,
Арзышып жетпей калган адамдарга.

А мүмкүн жанып кайра кабарыбыз,
Кетсек да өчүп эчак карааныбыз...
Жашайбыз кылымдардан кылымдарга,
Эч бүтпөй, бүтпөй биздин баяныбыз.

Биз деп айт, арзуу ырын ырдап жүргөн,
Жашынып, бирин-бири кыйбай сүйгөн.
Сүйүүсүн карегине катып алып,
Өчүрбөй үмүт отун, жылдап күткөн.

Биз дегин, бири-бирин кыйбай жүргөн,
Билгизбей ичтен сыздап, ыйлап жүргөн...

ЖАКШЫ КАЛ ДЕГЕНИҢДЕ

Жазылбас кусалыктын жолдорунда,
Сооротуп өзүбүздү коёбуз да.
Жакшы кал дедиң дагы, ойлуу карап,
Айтылбай көп сөз калды ортобузда.

Чочулап, айланаңдан корунгандай,
Кучактап алайын деп, колуң барбай.
Мекенден сырт тарапка кетем дединг,
Каламбы мындан ары жолуга албай.

Буулугуп жаш чыгарбай, ыйлап алдым,
Байкатпай жүрөгүңдү тыңдап алдым.
Жакшы кал деген сөзүң араң чыкса,
Коштошкон ал учурда сыздап алдым.

Жакшы кал дегéниңде ыйлап алдым,
Төгүлүп жамгыр болуп сыздап алдым.

КУСАДАН ЖҮРӨК ӨРТ АЛАТ

Күткөндөй бизди, толкуну коштоп көл тарап,
Барамын десем, кусадан жүрөк өрт алат.
Кылчактап улам жолуңду тосуп карадым,
Төгүлсө жамгыр, оюмдан кетпей сен жашап.

Ээлигип жүрөк, барамын дедим көлүмө,
Нөшөрлүү жамгыр көрүнбөй менин көзүмө.
Келет деп күттүм, кыялым алса жетелеп,
Жооп берип өзүм, жообу жок калган сөзүмө.

Оюма эрким баш ийе албай жанчылып,
Кусалык мени куюндай курчайт, сапырып.
Жамгырлуу эле, жагымдуу эле ошондо,
Экөөбүз барган көлүмдү жүрөм сагынып.

Күткөндөй бизди, толкуну коштоп көл тарап,
Барамын десем кусадан жүрөк өрт алат.

СҮЙӨ БЕРЕМ

Ачык бүркөө, же түнөргөн кабагың,
Айтчы неге бороон-куюн абалың?
Ашык болгон абалыма сезилбейт,
Сүйө берем кандай болсо жамалың.

Бир сөзүңдү улам айтып бакылдап,
Чарт-чурт кээде, чагылгандай чартылдап.
Кабыл алам, кандай катаал болсоң да,
Көрүнөсүң мага күндөй жаркылдап.

Кээ бир күнү кадимкидей октолуп,
Караганда, өкүнгөндөй токтолуп.
Көнүп калдым мүнөзүнө туруксуз,
Сүйө берем же кете албай, жок болуп.

Кабыл алам кандай катаал болсоң да,
Карегиңе төрт ок камдап койсоң да.

СҮЙҮҮНҮН СООЛУБАГАН ГҮЛҮН ТЕРИП

Оюңда абалкыдан башка адамсың,
А бирок, сезээримди байкагансың.
Жол карап күтүп калат дедиң бекен,
Бул сапар келээриңди айтпагансың.

Маанилүү эмес жолдун ыраактыгы,
Маанилүү мамилендин ынактыгы.
Ашыкпа күтүп калат деп ойлонуп,
Унааңдан абайлагын ылдамдыкты.

Чын эле, бүгүн кайра жолугабыз,
Ашыктык ыйык тоого жол улайбыз.
Сүйүүнүн соолубаган гүлүн терип,
Сырдашып, сыр бөлүшүп олтурабыз.

ЖАШАЙ БЕРЧИ, АРМАНЫМ

Унуталбай сени көзүм издеген,
Карек талбай тегерегим тиктеген.
Катыгүн ай, сезимимди сезбейсиң,
Адат таптым мен өзүмдү тилдеген.

Таңкы желге кеткенсиңби кошулуп,
Капилеттен бактылууга жолугуп.
А мен сени издей берем тажабай,
Келет бир күн деген ойдо кол сунуп.

Чын окшойт да көрүнбөстөн качканың,
Сезсең дагы мен санаада калганым.

Төгөрөгү төп келишкен адамдай,
Кыялымда жашай берчи, арманым.

Жол таппадым жүрөгүңө орногон,
Адат таптым, бирок, сени ойлогон.

БИР КҮН СЕНИ УНУТАМ

Каларымды билсем дагы өкүнүп,
Жүрөгүмдөн биротоло өчүрүп.
Даярдандым сенден алыс кетүүгө,
Жан дүйнөмдү башка нукка көчүрүп.

Эгер калсак ушул жолдон кезигип,
Карегимден тиктебеймин кетирип.
Кайра козгоп албаш үчүн жаратым,
Же болбосо өтөм сенден бекинип.

Ооба, билем, жүрөк сыздап буулугам,
Унуталбай таштан-ташка урунам.
Көнүп кетем, даба болуп убакыт,
Мен ошентип сени бир күн унутам.

БИЛГИЗБЕСТЕН ЭЧ КИМГЕ

Билбесең да тыңшатып жүрөгүмдү,
Жараткандан тилеймин сүйөрүндү.
Кучагымда ар күнү алып жатам,
Жаздыгымда катылган сүрөтүңдү.

Элестетем, мени да күткөнүңдү,
Кучагыңдан чыгарбай жүргөнүңдү.

Өзүң бардай сезилип, сырдашамын,
Албай көзүм, тигилип сүрөтүңдү.

Сенин гана мен ээлеп жүрөгүңдү,
Жашоо доорун мен менен сүргөнүңдү.
Билгизбестен эч кимге, кыялданып,
Алып жүрөм таштабай сүрөтүңдү.

Сага дагы көргөзбөй катып алам,
Сырдашыма айланган сүрөтүңдү.

ЖАКШЫ СӨЗ ЖЫЙНАП АЛЫП

Түшүрбөй келгениңде убайымга,
Жылытып алам десең кубатыңа.
Гүл эмес, мен күткөнүм башка нерсе,
Толтурчу жакшы сөзүң кучагыма.

Мезгилиң болбойт билем узартууга,
Шылтоолоп ашыгасың убакытка.
Жүз жылга жашарткыдай жылуу сөзүң,
Угалбай күтө берем убайымда.

А эрким жетпейт аны сурануунга,
Жүрөгүм муктаж болуп кубануунга.
Гүл эмес, белек эмес жалгыз нерсе,
Жакшы сөз жетээр эле жубатууга.

Жакшы сөз жыйнап алып кучагыңа,
Алып кел жүрөгүмдү кубантууга.

ЖАШАЙ БЕР ЖҮРӨГҮМДӨ

Дайыным билгизбестен кеткен болсом,
Сен дагы мендей болуп издейсиңби?
Ал өткөн күндөрүмдү эске салып,
Барагын кайра баштан тиктейсиңби?

Жакшы сөз уккум келип мен өзүңдөн,
Сырдашсам деген элем, сени менен.
А макул байланышты үзсөң дагы,
Жашай бер жүрөгүмдө мени менен.

Көзүмдөн жаш токтобой кетип жатам,
Зарыгып беш мүнөткө жолукканга.
Тек гана акыбалым сурап менин,
Убакыт таппай койдуң олтурганга.

МЕЗГИЛИ КЕЛСЕ БИР УЧУР

Көрүшпөй кеттиң, көңүлүм чөгүп турганда,
Көрбөдүң окшойт, колумду сага сунганда.
Кылчактап улам, кылчактап улам карадым,
Аракет кылып, көңүлүң мага бурганга.

Кезикпей кеттиң, жүрөгүм калды жанчылып,
Жетсе да эрким, барбадым сага талпынып.
Колумду шилтеп, койчу деп алыс кеталбай,
Көп күндөр өттү, жүрөмүн дале тартынып.

Көпчүлүк сезбейт, кабагым калды түйүлүп,
Оюмду жыйбай, бир жерди карайм үңүлүп.
Көрүшсөк дагы, мезгили келсе бир учур,
Ийилбейм мен да, саламым айтып бүгүлүп.

Ойлодуң мени, сүйүүдөн тайып курган да,
Жолукпай койдуң, жүрөгүм сыздап турганда.

КАЙЫЛМЫН

Сүйүү менен бүт денемди ууласаң,
Макул элем сезиминден куурасам.
Убактымдын баарын ээлеп ар күнү,
Мен кайылмын мезгилимди уурдасаң.

Дабасы жок бул сезимге таң калып,
Жүрөгүңдөн кетким келбейт айланып.
Сенин сүйүүң ээлеп алган баарымды,
Ошон үчүн жүрөт окшойм байланып.

Ыйык сезим алса мейли жанымды,
Макул ээлеп мезгилимди, барымды.
Сүйүп өтөм, сүйө берем өзгөрбөй,
Сага деген бекем сактап антымды.

Убакытым ээлесең да кайылмын,
Тоскоол болбой сени сүйгөн барыңмын.

КОШТОШУУНУ КААЛАБАДЫМ

Мага жат, тили да жат калаасынан,
Дем алып бөтөн жердин абасынан.
Барганда байланышам азыр эмес,
Ар кошкон адамдардын арасынан.

Узакка кетээримди айталбадым,
Жакшы жүр деп ичимден кайталадым.
Аялуу көздөрүңдү көргүм келбейт,
Анткени, коштошууну каалабадым.

Сан миң ой айнегинен көрүнөмүн,
Номериң терип кайра өчүрөмүн.
Сен менен коштошалбай кеткениме,
Ичимден сыздап, сыздап өкүнөмүн.

А бирок, жетип алып кабарлашам,
Мен сага чет өлкөдөн салам айтам.

АСМАНГА ЖЫЛДЫЗ БАТПАЙ

Кайрылып ал убакыт келбегидей,
Баягы сен жолуккан кечтегидей.
Асманга жылдыз батпай толуп турат,
Алып кал дегим келди эч кетирбей.

Оюмду айтканымда четтеттирбей,
Эртеңки жумуш күнүм эстеттирбей.
Сен менен жылдыз санап таң атырсам,
Кеч болду, кетесиңби, кет дедирбей.

Экөөбүз бирге жүргөн кездегидей,
Мезгилди элестетсем эртеңимдей.
Жан дүйнөм кыялданып алган менен,
Кайрылып ал убакыт келбегидей.

Бир өмүр алып калчы, эч кетирбей,
Дей албай жол уладым эч сездирбей.

АЛ КҮНГӨ БАРГЫМ КЕЛЕТ

Ойлорум кыялдансам орундалбай,
Дайының билген менен жолугалбай.
Ээрчишип ал күндөрдөй жүргүм келсе,
Жан дүйнөм эңшерилет, толукталбай.

Өткөндү көз алдыма элестетип,
Ооба мен дал ошондой жетелешип.
Баягы күндөрүмө баргым келет,
Кыялым алып учуп, сени эстетип.

А мезгил эгер келсе абалкыдай,
Ээрчишип жүрөбүзбү баягыдай.
Билбеймин мындан ары кандай болот,
Кыялым калып кетпе аткарылбай?

КАЙТЫП КЕЛ

Жылдызды кошо санап тээ асмандан,
Жашоону элестеткен кең ааламдан.
Андагы сени дайым издей берем,
Байланып карегимде тең айланган.

Сезимиң окуганда көздөрүңдөн,
Негедир коркор элем өзгөрүүдөн.
А азыр мурункудай болбой калдың,
Оюң да, мүнөзүң да өзгөрүлгөн.

Жүзүңдү алып качып карегимден,
Сөзүңдү укпай калдым жан эргиткен.
Баштагы мүнөзүңө кайтып келчи,
Жоготкум келбейт сени капилеттен.

АПАКЕҢ БЕРГЕН МОНЧОК

Боёксуз сага жаккан жамалымды,
Ал сырга ачат десең ажарымды.
Бүгүн да кулагыман албай жүрөм,
Улабай калсам дагы сапарымды.

Мен орун албасам да коюнуңдан,
Коркпоймун качан келсең жолугуудан.
Апакем сага берди деген мончок,
Түшпөгөн али дагы моюнумдан.

Сен мага тандап берген көйнөгүңдү,
Кааладым абалкыдай көргөнүңдү.
Кийгеним унутпастан жүрдүң бекен,
Издетип бүгүн дагы көздөрүңдү?...

БЕЛЕГИҢДИ КАБЫЛ АЛДЫМ

Ыраазы болуп дароо тагып алдым,
Кубанып, кубанычтан жашып алдым.
Куттуктап ыраак жерден жөнөттү деп,
Ырақмат, белегиңди кабыл алдым.

Таң атпай, жүрөк жылып кубанычта,
Жүз бир гүл менен кошо кучагымда.
«Ырақмат» дештен башка кеп айталбай,
Мен бүгүн көктү карай учамын да.

Белегиң өмүр бою тагып жүрөм,
Бактылуу күндүн бири, айтып жүрөм.
Көбүрүп кубанычтан жерге батпай,
Кучактап гүлүң жыттап, басып жүрөм...

СЕНИН ЖЫТЫҢ ЖЫТТАНБАЙТ

Азыр менин иренжиген көйгөйүм,
Жолугууга кийип барган көйнөгүм.
Ал анткени сенин жытың жыттанбайт,
Керек окшойт мындан ары өзгөрүүм.

Бүтпөй сөздөр, узун-узун сүйлөмүм,
Колтугуңа келген эле сүйөнгүм.
Алгач ирет жолугушуп жаткандай,
Коштошордо опкоолжуду жүрөгүм.

Белектердин түрүн камдап, ар кандай,
Келген күнүң болор эле майрамдай.

Жолукканча элестетип алганмын,
Сенин жытың көйнөгүмдө калгандай...

АЛМАШТЫРДЫМ КӨЙНӨГҮМ

Көңүл бөлүп көрөбү деп бийледим,
Сөз гүлүнүн эң даамдуусун иргедим.
Канча жандын арасынан суурулуп,
Кызыл көйнөк кийип келдим, билбедиң.

Сактабаймын сезимимди көмүскө,
Даярданам күндө сени көрүшкө.
Көңүл бөлүп калабы деп, а бүгүн,
Алмаштырдым көйнөгүмдү көгүшкө.

Кандай түскө жакын экен талабың,
Деп ойлонуп калбаганда амалым.
Даярдыксыз жашыл көйнөк кийгенде,
Суктангандай бир башкача карадың.

Кандайсың деп жарык чачкан жамалың,
Мага даба сенин айткан саламың.

КЫЗЫЛ КӨЙНӨК

Жамалыма жарашарын сезгендей,
Жаштыгымды кайра алып келгендей.
Кызыл көйнөк кийип келчи деп айтып,
Кучак жайып тосуп алдың кебелбей.

Чаң жолотпой аяр карап илгенмин,
Жактырарың өзүм дагы билгенмин.

Кызыл көйнөк жүрөгүңдү жаралап,
Алгач ирет таанышканда кийгенмин.

Сүйүүм кайра козголгондой сезилет,
Сагынычтан жүрөк туйлап, элжиреп.
Эчен жылдар өтүп бүгүн жолугуу,
Жаз шамалы кызыл көйнөк желбиреп.

ЖАНДЫРЫП СҮЙҮҮ ЧЫРАК

Сыйкырдуу жашыл белес, багымда күйүп жанып,
Бул күндөн калат элес, тамчысын үзүп алып.
Сөз бүтпөй кучагыңда, жалынып убакытка,
Кетиргим келген эмес, жанымда алып калып.

Үмүтүм дале үзбөй, жеңилсем ойго түтпөй,
Койгондо деп өкүнөм, же сени билбей, сүйбөй.
Жолугуп калган кезде, убакыт учуп өтөт,
Сүйлөшсөк сөздөр бүтпөй, а мезгил бизди күтпөй.

Жандырып сүйүү чырак, кыялым бакыт сунат,
А жашоо татаал сынак, оюмду кыркып бутап.
Коштошкум келген эмес, колуңдан кармап алып,
Удургуп оюм чубап, убакыт алып учат.

КЕЗДЕШҮҮ БҮГҮН, ЭРТЕҢ

Кусалуу тиктегеним сууруп көздөн,
Жагымдуу маанай буйруп ушул көктөм.
Көрүшпөй каламын деп ойлогондо,
Кездешүү бүгүн, эртең Ысык-Көлдөн.

Жолугуу, нурун чачып жарык таңдай,
Тартуулап сага, мага жакшы маанай.
Көрк кошуп жашообуздун боёгуна,
Күндөрдү арнаса дейм, дагы далай.

Баш ийип сенин айткан чечимиңе,
Ороном, орономун сезимиңе.
Көл бизди кучагына алган кезде,
Сүйүүдөн чыгабыз ээ, эркиндикке.

Даба таап кусалыкка ыйык көлдөн,
Жолугуу бүгүн, эртең Ысык-Көлдөн.

АЙТЫП КОЙ

Айтып кой, келээриңди кечикпейин,
Жүдөгөн акыбалда кезикпейин.
Жактырган көйнөгүмдү кийе албай,
Жалт карап мен өзүңдөн бекинбейин.

Билбечи, сагынычым сездирбейин,
Сагынган бир пендедей сезилбейин.
Угузуп койсоң экен кабарыңды,
Эмнеге айтпадың деп эзилбейин.

Оюма, ойлоп алган жеңилбейин,
Кыялым аткарылып жеңилдейин,
Жактырган көйнөгүмдү сактап жүрөм,
Сен келсең кийип алып сейилдейин.

* * *

Жаз эмес беле,
Сен менен таанышканда.
Талаада гүлдөр жайнап,
Экөөбүз табышканда.

Жай эмес беле,
Бөлөнүп кубанычка.
Бактылуу сезип өзүм,
Жүргөндө кучагыңда.

Күз эмес беле,
Кусалык орогондо.
Эки жол бөлүп бизди,
Мен сени жоготкондо.

Кыш эмес беле,
Ал жолдо кагышканда.
Эчен жыл өтүп кайра,
Экөөбүз табышканда.

ЧАКЫРЧЫ БИЙГЕ

Кучактап алып жытың искегенге,
Көзүңдөн көзүм албай тиктегенге.
Канакей, эрким жетсе барар элем,
Кол сунуп жеңил бийин бийлегенге.

Артылып моюнуңдан кучактасам,
Сөз айтсам угуп коштоп, кубаттасаң.
Тажабай, эч тажабай бийлээр элем,
Сен мени карыш дагы узатпасаң.

Шыбырап айтканымды байкабасаң,
Оюмду угузалбай тайсалдасам.
Көзүмдөн окуп баарын алсаң кана,
Сүйөм деп сезимимди айталбасам.

Чакырчы, жеңил бийин бийлегенге,
Көзүңдөн көзүм албай тиктегенге.

* * *

Кел бийлейли, кел бийлейли, майрамдап,
Көлдө жүргөн ак куу сымал сайрандап.
Текке кетпес жолугуунун мүнөтү,
Ушул күндү күткөн элем армандап.

Элестеттим ал индия киносун,
Мейли көрсүн, көрө берсин ким болсун.
А сен болсо колум кармап чыгарба,
Көздөгөнүң жеңил гана бий болсун.

Тартып алчы кыса кармап бооруңа,
Түшүрүп ал сыйкырлаган торуңа.
А мен болсо кубанганым билгизбей,
Макул элем, макул болом оюңа.

Санап саатты, күткөн элем күү камдап,
Кел бийлейли, ушул күнү майрамдап.

ЖОЛУГУШУУ... КОШТОШУУ

Кусалыктан арылууга кол сундум,
Кубанычтан толкуп сага жолуктум.
Азап берип кайра бизге коштошуу,
Кезигүүдөн жүрөгүмдү ооруттум.

Кала бердим сагынычым жазылбай,
Камдап жүргөн көп сөздөрүм айтылбай.
Жолугушуу кайра эле коштошуу,
Карегимден жаш куюлат басылбай.

А сен болсо көргөнүңө кубанып,
Ыйлабачы, ыйлаба деп суранып.
Алып кетем убакыт бер дегендей,
Коштоштуң ээ, айланаңдан уялып.

Мүмкүн эмес кетпечи деп токтотуу,
Бүтпөй келет жолугушуу, коштошуу,

КӨЛҮМ БИЗДИ САГЫНГАНДЫР

Кетпеген кусалык бар өбөктөгөн,
Жаз келчи жамгыр төгүп көнөктөгөн.
Мен сени көл жээгинен күтүп алам,
Экөөбүз кезикчү жай өзгөрбөгөн.

А мейли, бороон улуп кубаттасын,
Табият али суук деп кубанбасын.
Карабай тоскоолдукка баралычы,
Жамгырда көлүм бизди кучактасын.

Кусалык, сагынычка сынбайлычы,
Сырдашып көлдү жээктеп ырдайлычы.
Толкуну коштоп турса түнү менен,
Бекемдеп сүйүүбүздү чырмайлычы.

Көлүм да бизди күтүп сагынгандыр,
Кечикти деп ойлонуп таарынгандыр.

АЙ БОЛУП ТӨГҮЛӨЙҮН

Жетсем да сүйүү барган дарегиңе,
Жетпедим орун таппай, паанегиңе.
Бетиңден күндүн нуру өпкөн кезде,
Мен болуп көрүнөйүн карегиңе.

Унутуп калбаш үчүн караанымды,
Кабыл ал күндө барган саламымды.
Мен болуп туюлайын, сезесиңби,
Таңкы жел сылаганда жамалыңды?

Шыбырап шылдыр булак жай акканын,
Же болсо асман тунук, таң атканын.
Мен дегин, оюм сен деп жашап жүрөт,
Билбейсиң жүрөгүмдөн кан акканын.

Ай болуп жамалыңа төгүлөйүн,
Мен болуп карегиңе көрүнөйүн.

* * *

Эмнеге артта калып кубануудан,
Чыгалбай кыйналамын убайымдан?
Карегим карегиңди тиктей албай,
Майнап жок көз жашымды жубатуудан.

Ооруткан жүрөгүмдүн жарасына,
Кандайсың? Сөзүң эле дабасына.
Үнүңдү уга албай ызаланам,
Сагыныч чырмап байлап санаасына.

Табалбай барам десем, дарегиңди,
Издедим канча мезгил паанегиңди.
Кирпигим сени карап ирмей албай,
Күтүүнүн жашы ээлеп карегимди.

КҮТӨ БЕРЕМ

Кошо тыңдап жүрөгүңдүн кагышын,
Мен жанында боло албадым аным чын.
Ошентсе да мукам үнүң угууга,
Күтө берем коңгуроодун дабышын.

Укпасам да жүрөгүңдүн согушун,
Мен деп согуп жаткан өңдү добушун.
Көз алдыма не керемет элестеп,
Күтө берем сезиминдин оргушун.

Жүрөгүмдө жашап жүргөн байырлап,
Ак сүйүүңдү алып жүрөм кадырлап.
Телефондон сенин үнүң укканда,
Бергендейсиң жан дүйнөмдү дарылап.

Укпасам да сүйөм деген дабышың,
Күтө берем коңгуроодун кагышын.

АЛООЛОНТОТ СЕЗИМИҢ

Жүрөгүмдө ыйык сезим бийлеген,
Болсоң керек сезбеген да, билбеген.
Сырың бардай жамалында катылган,
Бакыт эле сенин көзүң тиктеген.

Карай берем карегимди алалбай,
Тиктегенде жанып көзүң панардай.
Бүт денемди алоолонтот сезимиң,
Жүрөгүмдөн атып чыккан жанардай.

Билип турам, мени бир күн кабылдайт,
Дегенимде жүрөгүң ай багынбайт?
Тиктегенде сыйкыры күч көзүңдү,
Бүткөн боюм жалындайт да, жалындайт.

Көрбөй калсам көңүлүм суз, издеген,
Бул да бакыт сенин көзүң тиктеген.

БИР СӨЗҮМДҮ КАЙТАЛАП

Айткандарым ойлоп көрүп, иргедим,
Жемеледим, мен өзүмдү тилдедим.
Бир сөзүмдү улам сага кайталап,
Же тажатып алдым окшойт билбедим.

Ошондо да угуп сөзүм жылмайып,
Ооба туура деген өңдүү кылчайып.
Бекем кыса кучагыңдан чыгарбай,
Таппагансың айтканымдан кыл айып.

Болбогонго замат эле кубарып,
Күнөөлөйсүң калбай менден уялып.
Макул сенден мен алыстап кеткенде,
Жүр деп айттың, мындан ары кубанып.

Айткандарым улам айтып, кайталап,
Алыптырмын сенин оюң талкалап.

ТАПТЫМ ДЕМЕК

Тиктегим келип жүрөт,
Көзүңдөн көзүм албай,
Сүйөм деп бирок, айтпай.
Тек гана кучагында,
Бир себеп, жөнү бардай.

Тыңдагым келип жүрөт,
Жүрөгүм жүрөгүңдү,
Же билбейм сүйөмүнбү?
Тумардай катып алган,
Караймын сүрөтүңдү.

Байкагым келип жүрөт,
Кубаныч көздөрүңдөн,
Сүйүнүч сөздөрүңдөн.
Чакырып жолугууга,
Башкача өзгөрүлгөн.

Жаныңа баргым келет,
Кучактап алгым келет.
Сүйүүмдү таптым, демек.

СҮЙҮҮМДҮ ЭСТЕЙ БЕРЕМ

Жараткан мага берген балким белек,
Чын эле аба суудай болуп керек.
Миң жылдык сезим ээлеп жүрөгүмдү,
Сүйүүмдү унуталбайм демек, демек.

Калбырлап жүрөгүмдү дагы элеп,
Өчүрбөй сыйкыр нурун улам себет.
Кайрадан бул өмүргө келип калсам,
Сүйөмүн, сүйө берем демек, демек.

Сагыныч, куса, күтүү баарын берет,
Жеткирбей темселетип мени жеңет.
Ошентип ылгаса да кайыл болуп,
Сүйүүмдү эстей берем демек, демек.

БИЗДИН СҮЙҮҮ ТАПТАЗА

Асман тиктеп кетпей сенин жаныңдан,
Түндү көрдүм толуп жылдыз жамынган.
Кучагыңда шекер сөздөр, сырдашкан,
Бүтпөй койду ал учурду сагынган.

Тили каткан жүрөгүмдү жибиткен,
Сүйүү таптым сыйкыры күч жигиттен.
Деп ошондо колуң кармап, жетелеп,
Элестеттим экөөбүздү бийиктен.

Түбөлүккө биргебиз деп айтканбыз,
Келечекти кыялданып жазганбыз.
Күбө болуп суктангандай жылдыздар,
Сезилгенбиз биз жашоодо армансыз.

Жетпесек да биздин сүйүү таптаза,
Экөөбүздө жашай берет башкача.

КУСАЛЫКТАН ЖАЛЫНДАДЫМ

Унутам дегенимде каадаланып,
Кеткенсиң, кеткен элең капаланып.
Убакыт даба болуп бере албады,
Сагынам сүрөтүңдү карап алып.

Тартылып турган болсоң карегиме,
Сөзүңдү эстегенде жан эргите.
Оюмдан алып салуу мүмкүн эмес,
Унутам деп айтамын кай эркиме?

Билсем да мени гана жактырганың,
Кааладым окшойт дагы жалынганың.
Унутам дегенимен мезгил өтпөй,
Мен бүгүн кусалыктан жалындадым.

Жаш алып сагынычтан карегиме,
Айттым ээ, унутам деп, кай эркиме?

ЫЙЛАДЫМ, ЫЗАЛАНДЫМ

Дайралар баягыдай жай акканын,
Түрүүлүк алга жылып баратканын.
Мен сенсиз кантип жашайм деген элем,
Көргөндөй болдум бүгүн таң атканын.

Ыйладым, ызаландым, жаным сыздап,
Жашоону калган элем такыр ылгап.
Мен сени унуталбайм деген элем,
Мезгилим даба болду акырындап.

Өзүңсүз күнүм өтпөйт деген элем,
Жол алдым ошол учур артта калып.

АК СҮЙҮҮМДҮН ЖАРЫК ТАҢЫ

Себебин түшүндүрүп айткым келбейт,
Сени деп кайра азап тарткым келбейт.
Сезимим алоолонуп жанган менен,
Тынчыңды мындан ары алгым келбейт.

Жашасам жүрөгүндө калып дагы,
Издедим, издеп көрдүм айып дагы.
Унутпайм, бирок сенден алыстайын,
Кечирчи, ак сүйүүмдүн жарык таңы.

Тоскоолдук жаратпайм деп ойлонгонум,
Жүрөккө бекем бөгөт орнотконмун.
Акыркы ирет сага жолукканда,
Айтпадым, айталбадым коштошконум.

Сөз бердим көңүлүңдү оорутпайм деп,
Айтпадым мындан ары жолукпайм деп.

* * *

Чыгалбай оттон алоолоп күйүп,
Чын эле мени калдыңбы сүйүп?
Ишенгим келет, ишене албайм,
Күтөмүн дейсиң, күталбай жүрүп.

Баралбайм дедиң, үмүтүм үзүп,
Ошондо дагы келет деп күтүп.
Ыйладым эле, ыйлаттың неге,
Келипсиң кайра жүрөктө түтүп.

Алыска баарын ыргытып түйүп,
Ал өткөн күндү жабайын бүгүп.
Билбеймин анда өзгөрөт эмне,
Калбаса кантем жоругуң бүтүп?

Жолуңду карап, дагы да күтүп,
Жүрбөсөм экен санаага түшүп.

ШАГЫНДА МАХАБАТТЫН

Сезимдин бешигине бөлөнгөндөй,
Шагында махабаттын көгөргөндөй.
Байырлап жүрөгүмдө жашап алдың,
Экөөбүз сүйүү үчүн төрөлгөндөй.

Оюмда ээрчип жүрөм, жалынгандай,
Эркиме жеңилгендей, багынгандай.
Тумчугуп бул күтүүнүн дайрасында,
Жашаймын жалгыз сени сагынгандай.

Жүрөгүм дегдейт эмне ээликкендей,
Кыялым алып учат, кезиккендей.
Убакыт, мезгил, учур, мүнөт, саатты,
Жашаймын сага арнап кетиргендей.

Жашаймын сени күтүп таң аткандай,
Ааламга мен сен үчүн жаралгандай.

ЭРКИН КУШ СЕЗИП ЖҮРӨМ

Кечирдим, кечиргим келген үчүн,
Түшүнчү, өзүмдү жеңген үчүн.
Карасаң кусалуу көзүң менен,
Бир түйүн оорута берген үчүн.

Көз караш жайдары, кезиккенде,
Шылтоо жок, тиктебей бекингенге.
Өзүмдү эркин куш сезип жүрөм,
Ооба мен жеңилдеп, кечиргенге.

Сен дагы карасаң бактылуудай,
Көрүнүп көзүмө жарык нурдай.
Заматта сыйкырлап алдың бекен,
Сезилип, баа̀ жеткис кадырлуудай.

Жеңилдеп, жеңилдеп кечиргенге,
Жайдары тиктеймин кезиккенде.

САГЫНГАНМЫН

Алгандай жүрөгүмдү деги коргоп,
Жүргөндөй сезилесиң мени колдоп.
Жашаймын жашоом сенсиз өтпөчүдөй,
Күн бүгүн баягыдай сени ойлоп.

Жайнаган көзүң мени багындырган,
Башкача кучагың ал сагындырган.
Качанкы мезгилиме алып барып,
Сүйүүңө жүрөгүм ай азгырылган.

Бир сезим алоолонот жанып улам,
Жетелеп сен тарапка жарык улам.
Кетпестен оттуу жылуу кучагыңда,
Мен качан сүйүү ырың канып угам?

УКТАЙ БЕРЧИ БАКТЫЛУУ

Түнкү Оштун кучагында ойлонуп,
Уйкум качат, уктай албайм ойгонуп.
Ал асылым уктагандыр мемиреп,
Түшүндө мен... сезимине оронуп.

Менин сүйүүм жүрөгүңө орнотуп,
Же коңгуроо жөнөтсөмбү ойготуп.
Түшүндө мен... жок, чочутуп албайын,
Деп олтурам мен өзүмдү сооротуп.

Сенде болсун сүйүп калуу, жактыруу,
Мени ойлоп, жүрөк туйлап, сагынуу.
Түшүңө мен ар күн кирип жашайын,
Уктай берчи узун түндө бактылуу.

Уктаганда жылдыз өпсүн бетиңден,
Мен чыкпастан жашасам ээ эсиңден.

* * *

Оорутпай ойло десең жүрөгүңдү,
Кучактап, коё бербей жүрөйүнбү?
Бүгүн да түн уйкуңду ээлеп алып,
Түшүңө кирип сени сүйөйүнбү?

Үмүттүн шамы күйсүн, жагайынбы,
Оюңда өчпөс оттой жанайынбы?
Уйкуңду ээлеп сенин өзүм эле,
Түшүңө кирип алып жашайынбы?

Тең бөлүп жүрөгүңдү жарайынбы,
Сүйүүмдү салып кайра жабайынбы?
Дабасы жалгыз гана өзүм болуп,
Өзүмө имерчиктен алайынбы?

МЕН БОЛОМУН СҮЙҮҮ ЧАГЫЛГАН

Кандай экен сезим менен катылган,
Жүрөк ооруп, сыздаганда кабырган.
Жан дүйнөңө бүлүк салып заматта,
Мен боломун сүйүү деген чагылган.

Алыстасаң алыстай бер чегинип,
Жашырынып, көрүнбөгүн бекинип.
Жүрөгүңө сезим менен каптаган,
Бороон болом мен айланды кетирип.

Кыялыңды сыйкыр менен торогон,
Мезгилиңди ээлеп алып тоногон.
Жалгыз сенин карегиңе көрүнүп,
Сүйүү деген туман болом орогон.

Сыйкыр сезим жүрөгүңө орногон,
Кандай экен, мени күндө ойлогон?

ЖҮРӨГҮҢӨ БАТПАДЫМ

Азгырганга алмаштырып сатпадым,
Мен сүйүүмдү сага жалгыз сактадым.
Далай жандын жүрөгүнө батсам да,
Жалгыз сенин жүрөгүңө батпадым.

Ыраа көрүп же башкага кыйбадым,
Сезимимди алып кетип, жылбадым.
Нечен жандын жүрөгүнө сыйсам да,
Неге сенин жүрөгүңө сыйбадым?

Темселедим, теңиңмин деп сыздадым,
Теңиң албай а сен болсо кыйнадың.
Не бир түйшүк тартканыма ыйлабай,
Мен эмнеге сени сүйүп ыйладым?

* * *

Эзилген камыр, эленбей калбыр,
Көзүмдө жамгыр, көрүнөм самтыр.
Ыйлатып сезим, сыздаган кезим,
Дабасы бардыр, билбеймин тагдыр.

Тар болуп дүйнөм, өрттөнүп күйөм,
Айпаган күнөөм, жабыркап жүрөм.
Сезет деп сени, ойлойт деп мени,
Жалынып күтөм, жашырып сүйөм.

Көрөм деп айтып, көрүнбөй качып,
Сан ойго батып, санаамды катып.
Кыйналам өзүм, кыялбай көзүм,
Сезимим ашып, жүрөмүн жашып...

* * *

Сүйгүзүп, сүйүү менен кыйнасаң да,
Күйгүзүп, табаң канып жыргасаң да.
Ооруган көңүлүмдү көрүп койгун,
Мен сенин жүрөгүңө сыйбасам да.

Сагыныч капасында ыйласам да,
Кусалык туткунуна чырмасаң да.

Көл кылбай көз жашыма даба болчу,
Сезимиң арнап мага кыйбасаң да.

Саргайган жалбырактай төгүлсөм да,
Көзүңө алсыз байкуш көрүнсөм да.
Өзүңдү сүйүп өтөм, сүйүп өтөм,
Жашоомдун шамын үйлөп өчүрсөң да.

СЕН САГА ӨКШОБОЙСУҢ

Жакшы кал деп кучактап, жол тосконуң,
Эсимден кетпейт ошол коштошконуң.
А бүгүн башка жансың, такыр башка,
Сен сага окшошподуң, окшошподуң.

Нур жанып жоодураган көздөрүңдөн,
Айырмаң башкача эле көптөрүнөн.
Билбеймин же токтолуп калдың бекен,
Сен десем, сен эмессиң өзгөрүлгөн?

Мени да керек болсо алып барчы,
Андагы мүнөзүңө кайтып барчы.
Жөнөкөй, карапайым адам болуп,
Жакшынам жакшы жолго багыт алчы.

Сен, сага окшобойсуң өзгөрүлүп,
Көргөндө сыздап кеттим төрт бөлүнүп.

* * *

Уйку көрбөй кезигем деп оолуктум,
Мына бүгүн ушул дарттан соолуктум.
Дегенимде, жан дүйнөмдү сыздатып,
Бир чай кайнам убакытка жолуктуң.

Жолуктуң да түшүндүрүп себебиң,
Айткан элең эрте жазда келээриң.
Андан бери дайының жок, кабар жок,
Күндү күтөм, мени алып кетээриң.

Кадимкидей сары түстөн оронуп,
Калды мына жалбырактар боёнуп.
Кайда кеттиң кабарыңды билгизбей,
Кечээ көргөн түшүм өңдүү жоголуп.

КӨЗ ЖАШЫМ ТӨККҮМ КЕЛБЕЙТ

Жолумдан күтпөйм эми, пайда болбо,
Мен сени араң гана унутаарда.
Жүрөктөн орун бербейм, кайра конбо,
Сезимдин шагын бутап сындыраарда.

Жашоомон кезикпечи, көргүм келбейт,
Карегим араң сени жоготкондо.
Көзүмдүн жашын кайра төккүм келбейт,
Сөз берип мен өзүмдү соороткондо.

Унутам, унутаарсың, жолукпачы,
Көрүнүп, сен сүйүүңү алып келип.

Кезигип көңүлүмдү оорутпачы,
Кайрадан жүрөгүмө аруу берип.

ТААРЫНАСЫҢ

Маселең бар сыяктанып орчундуу,
Сөз айтайын дедиң бекен олуттуу?
Түн бир оокум, сен коңгуроо кагыпсың,
Же жөн гана издеп шылтоо, жолугуу.

Себеп бардай өтө зарыл, жүйөлүү,
Коңгуроону албаганга күнөөлүү.
Таарынычка мүмкүнчүлүк түзүлдү,
Ошол түнкү буюрбаган сүйлөшүү.

Чечилбеген, чырмап алган маселе,
Экөөбүздүн ортобузда бар беле?
Албай калган бир коңгуроо айынан,
Таарынасың болбогонго бат эле.

ЭРКЕЛЕТЧИ

Толуктап жүрөгүмдү кубанычка,
Оронгум келип жүрөт кулачыңда.
Барайын, баягыдай тосуп алчы,
Көзүңдөн көзүм албай, кучагыңда.

Арбыбай кадамым да, сүйүнөйүн,
Алыстан көргөнүңдө үңүлөйүн.
Барганда кучагыңды ачып койчу,
Жакшынам сен тарапка жүгүрөйүн.

Кечиксем капысынан, келет дечи,
Кусалык чырмап алган, элестетчи.
Чачымдан сылап менин жүзүм сүйүп,
Жакшынам эркелетчи, эркелетчи.

* * *

Кааласаң ээрчитип ал, жүгүртүп ал,
Жүрөгүм отко ороп күйгүзүп сал.
Жашоого көзүң жетсе өкүнбөгөн,
Байкатпай кана мени сүйгүзүп ал.

Ишенсең багынтып ал, сагынтып ал,
Сүйүүнүн жүрөгүмө жарыгын сал.
Миң амал колдонорсуң, аны билбейм,
Сездирбей сезимиңе азгырып ал.

Түбөлүк кучагымда, бир өмүр кал,
Деп айтып эркиң жетсе көңүлүм ал.
Башканын сезимине багынбаган,
Баркыңды сезип алчу жүрөгүм бар.

Сүйүүңө чырмап байлап биротоло,
Сезимиң арнап мени багынтып ал.

ТОСУП АЛЧЫ

Чырмоок ороп алган өңдүү бутактап,
Жүрөгүңдөн чыкпай сүйүүм кучактап.
Ушул жазда жол аламын камданып,
Тосуп алчы, кош келдиң деп кубаттап.

Арылып мен кусалыктан соолуккум,
Келип жүрөт сага бир күн жолуккум.
Жыттап алсам жаз жыттанган жытыңдан,
Деп ойлонуп, кыялданып оолуктум.

Жүрөгүңө жол табайын, жетейин,
Кан тамырың сүйүүм менен кезейин.
Жан дүйнөңө берип алып жылуулук,
Ушул жазда сендик болуп кетейин.

Жол алайын убакытты кетирбей,
Тосуп алчы барганымда кечикпей.

КУСАЛЫКТЫН ЗАРДАБЫ

Кусалык жүрөгүмдү алды сыгып,
Кемирип барат кандай мени жыгып.
Сөз берип унутамын десем дагы,
Кеталбай койдум аттиң, оюм жыйып.

Унутуп кетем десем, кетпейм кыйып,
Боюмду түздөй албай калдым сынып.
Өрт кечип кусалыктын зардабынан,
Жашымды кургаталбай жүрөм тыйып.

ЧЕЧИМ ЧЫГАР АКЫЙКАТ

Канчалардын арасынан иргелсем,
Сени сүйүп мен жашоого бир келсем.
Эркиң жетет, чечим чыгар акыйкат,
Жароокерим, жүрөгүңө ишенсең.

Кабарың айт, кубандырып колдосоң,
Башка жандын сезиминен коргосоң.
Адилеттүү чечимиңди күтөмүн,
Эгер менин абалымды ойлосоң.

Сүйүү менен кеткис кылып байласам,
Өзүм эле сезип баарын талдасам.
Сени сүйөм бир өмүргө дегендей,
Карегиңден чечимиңди байкасам.

Сага гана сүйүү мени азгырат,
Чечим чыгар, суранамын акыйкат.

НЕГЕ КҮЛДҮҢ?

Сен кимди сүйөрүңдү билбесең да,
Мен сени сүйөрүмдү билип жүргүн.
Деп айтып коштошордо кубанычтуу,
Жылмайып мени карап неге күлдүң?

Ошондо сүйөрүмдү айталбадым,
Көзүмдөн жаш куюлуп кучагыңда.
Кетпе деп мен ичимден кайталадым,
Жалынып кайра-кайра убакытка.

А мейли, сени дагы кармабайын,
Деп айтып аргасыздан коштоштум да.
Канчалык кетирбейин десем дагы,
Билгизбей мен өзүмдү сооротту да.

Жылмайып мени карап неге күлдүң?
Алоолоп, ал ансайын сени сүйдүм.

ЫР ЖАЗАМ САГА АРНАП

Сезимиң жүрөгүмө орногондон,
Мен сени же ашыкча ойлогондон.
Сүйүүнүн чынжырына тушаламын,
Кол үзбө, коргоп мени колдогондон.

Ан сайын сүйүүм айтып барктагандан,
Тартынбайм кимдир бирөө байкагандан.
Ыр жазам, жаза берем сага арнап,
Бул сезим жүрөгүмө батпагандан.

Коркпоймун түйшүгүнөн, чарчагандан,
Бир өмүр жетпей сага чаңкагандан.
А сенчи, мага болгон сезимиңди,
Тайсалдап тартынасың арнагандан.

ЗАРЫКТЫМ

Жооп берем дедим бекен талабыңа,
Көнүпмүн, макул көрүп айтканыңа.
Жоготкон убакыттан эмне таптым,
Чыгарып алып сени асманыма?

Жөлөнүп, учуп жүрүп канатыңа,
Карадым күйпөлөктөп кабагыңа.
Ашыкча эркелетип алдым окшойт,
Зарыктым бүгүн сенин карааныңа.

Түшүнбөй коюп менин абалыма,
Уу себип кыйнабачы жаратыма.
Эркимди жыйнаганга алым жетсе,
Зарыгып калып жүрбө саламыма.

СЕКУНД ГАНА

Бирге жүрүп баспасам да карашып,
Оюм сени эч кетирбейт жанашып.
Мүнөт эмес секунд тиктеп алууга,
Мүмкүнчүлүк кайда кеткен адашып?

Сен жөнүндө же маалымат билбесем,
Кантип табам, кандай табам, издесем?
Жок дегенде карааныңа үңүлүп,
Жетээр беле секунд гана тиктесем?

Өчөт үмүт, сен жөнүндө угалбай,
Жүрөгүмдү каптайт бороон, куюндай,

Жамалыңды тиктеп алам дегенде,
Ошол секунд кетет окшойт буюрбай.

СЕЗИМИМДИ ЧЫНЖЫРЛАП

Кучактасаң, жүрөгүмдү тыңдасаң,
Сен деп эле согуп жатат тыңшасаң.
Сезимимдин сыйкырына чынжырлап,
Эмне дейсиң, башка жанга кыйбасам?

Чаржайытпы, оюң кандай жыйнасаң,
Жакын келчи, сен жанымдан жылбасаң.
Кантээр элең жалгыз сени сүйөм деп,
Кучагыңа боюм таштап ыйласам?

Жандай бассам, жалоорутсам, кыйбасаң,
Махабаттын өрттөнгөнүн ырдасам.
Эркин кушту айланчыктап учурбай,
Эч бирөөгө жолуктурбай жыргасам.

Жүрөгүңдү салып алып капаска,
Эмне дейсиң, сүйүүм айтып тынбасам?

КҮБҮЛГӨН КУБАНЫЧ

Түшкөн тиштей күбүлдү кубанычым,
Орундалбай кыйрады суранычым.
Айтканыма сен дагы эмне дейсиң,
Кайтарып көр, ал өткөн убакытым?

Эркин болуп кааласаң эркиндикти,
Чийип салбай угамын чечимиңди.

Тегеренет башымда түркүн суроо,
Кайтарып бер канакей, мезгилимди?

Жүрөгүңө жапжалгыз сыйганыма,
Ишенгенмин сезимиң кыйбасына.
Ошондогу мен сени тааныбаган,
Алып барып таштап кой, жылдарыма.

БАРАКТАЙБАЙМ КҮНДӨРДҮ

Учур келди кыялымдан түңүлгөн,
Ойлуу карап ал өткөнгө үңүлгөн.
Баракабайм мындан ары күндөрдү,
Унутууга бел байладым, бүгүнтөн.

Жомок дайра элестетип сүзүүдөн,
Жадап кеттим, жолуң карап күтүүдөн.
Ошондогу экөөбүздү унутуп,
Ишенип кой, ойлобоймун бүгүнтөн.

Каңырыкты түтөткөн бул сүйүүдөн,
Тажап кеттим сени ойлонуп жүрүүдөн.
Чыкпасаң да чыгарам деп оюмдан,
Унутууга бел байладым бүгүнтөн.

КИМДЕР ТЫҢДАЙТ ДАСТАНЫМДЫ?

Жолотпой келе турган коногумду,
Жүрөктөн камдап далай соболумду.
Жашоомду бир башкача элестетип,
Магдырап угуптурмун жомогуңду.

А бүгүн кимдер тыңдайт дастанымды,
Үйүлүп том-том болгон арманымды?
Түшүнүп түштөн кийин ызаланып,
Алып кет дей албадым азабыңды.

Көргөзбөй бекитемин күйгөнүмдү,
Көргөзөм жалган эле күлгөнүмдү.
А сенчи? Бал сөзүңө ишендирип,
Билбеймин, кимди кыйнап жүргөнүңдү?

ЖАНДЫРЫП ЧЫРАГЫМДЫ

Кечире берет бул деп ойлодуңбу,
Кыялдын желесинде тойлодуңбу?
Эч нерсе болбогондой келиптирсиң,
Бул эмне, ойлоп тапкан жомогуңбу?

Өзүңдү алдадыңбы, коргодуңбу,
Оюңду он жеринен толгодуңбу?
Өчөйүн деген кезде үмүт үйлөп,
Өчүрбөй, от тамызгы койбодуңбу?

Унуткан, унутат деп болжодуңбу,
Ураттың тосуп алган коргонумду.
Көтөрүп жерге түшкөн жылдызымды,
Жандырып чырагымды койбодуңбу?

Сен кайра келбединби, келбединби...

КУЛАТАМ СЕНИ ТАКТАН

Сөзүңө туруп айткан,
Сүйбөйм деп макул актан.
Жеңилип калып жүрбө,
Коргонуп бекем сактан.

Катымды окуп жазган,
Сүйдү деп айтып, мактан.
Кейпимди кийип калба,
Койгонмун сага капкан.

Сүйүүдөн болсоң арстан,
Арылып ушул дарттан.
Бир күнү баш ийдирип,
Кулатам сени тактан.

Алоолоп күйүп жанган,
Отума келип кактан.
Жүрөгүң сыздабасын,
Кулаган кезде тактан.

Торуман чыгарбаймын,
Түшүрүп алып тактан.

ЫЙЛАТАСЫҢ

Чөгөлөп тизе бүктүм,
Жолуңду тосуп күттүм.
Эч кимге ыраа көрбөй,
Эмнеге сени сүйдүм?

Көз жашым жыйылбады,
Же токтоп тыйылбады.
Канчалык уратсаң да,
Сезимим жыгылбады?

Боздотуп ырдатасың,
Бозортуп сыздатасың.
Сүйүүдө эмне күнөө,
Баары бир ыйлатасың.

* * *

Сен мендик, мендик гана сезилесиң,
Деп айткан сөзүң да жок, бекинесиң.
Не болот суроо койсок мамилеге,
Күндөрдүн күндөрүндө кезигесиң.

Сүйүүбүз жашыл арча, соолубасын,
Деп айтып анан эмне корунасың?
Болбойбу чыңдап алсак мамилени,
Мезгилдин шапатында жолугасың.

Багытын башка жолдун күтөлүбү,
Көрүшпөй, кезигишпей жүрөлүбү?
Чын эле чекит коюп мамилеге,
Сүйүүнүн барагын жаап, бүтөлүбү?

ОКТЯБРЬ

Октябрь айы бизди жакындаткан,
Канча жыл сүйүү деген шамын жаккан.
Адамдар суктангыдай жашоо берип,
Башкача үйүбүзгө жалын чачкан.

Октябрь. Бүгүн бизди алыстаткан,
Заматта куюн каптап, ажыраткан.
Арттагы күндөр аттиң кабыл албай,
Жолотпой сүйүү неге багын жапкан?

Октябрь. Экөөбүздөн айып тапкан,
Сыноонун сыноосуна коюп капкан.
Ооба сен, чын эле мен туткун болуп,
Биз окшойт туңгуюктун жолун баскан.

А бүгүн экөөбүз да урап тактан,
Жолубуз талкаланды улап жаткан.

БУЛ КАНДАЙ ЖАЛЫН?

Каптады күйүп, алоолоп жалын,
Сыздатып кайра жүрөктүн тагын.
Ыйладым бүгүн өзүндү эстеп,
Кызарта боёп көзүмдүн агын.

Көксөгөн жерге жетпеди алым,
Аралай албай сүйүүнүн багын.
Ашыкча мени азапка салган,
Бул кандай жалын, бул кандай жалын?

Падыша сүйүү көргөзүп каарын,
Кыйратып кыйнап оюмдун баарын.
Ушундай балким өкүмү чыккан,
Кармата берет калемдин сабын.

Өчүрбөй сактап сүйүүнүн табын,
Кетпеген менден бул кандай жалын?

СЕН ДА ЫЙЛАП

Кутула албай коюп убайымдан,
Издедим таппай күнөө убакыттан.
А балким, жүргөндүрсүң жолум карап,
Мен эмес, сен да тажап кусалыктан.

Унутам десем коркуп айрылыштан,
Өзүмдү алыс кармайм таарынычтан.
А мүмкүн уйку көрбөй жаттың бекен,
Мен эмес сен да ыйлап сагынычтан?

Күлпулап жүрөгүмдү бекитүүнү,
Ойлосом болбой сени кетирүүнү.
Ким билет, күткөндүрсүң мендей болуп,
Бир күнү жолугам деп кезигүүнү.

Сен дагы күнөө издеп убакыттан,
Арылбай жүрдүң бекен убайымдан?

МЕНДЕЙ ЖОКТУР

Жоктур сени мендей болуп сүйбөгөн,
Түркүн түстө боёп, чийип түрлөгөн.
Ак баракка элесиңди түшүрсөм,
Күндө жазчу ырларымсың бүтпөгөн.

Мендей жоктур сага сезим арнаган,
Жалгыз сен деп, сени гана тандаган.
Күтүп күндө тыңшап укчу тажабай,
Куш болоюн бутагында сайраган.

Мендей жоктур жүрөгүңө каттаган,
Башка жанга сезимин эч ачпаган.
Эчак эле сен ээрчитип жүрмөксүң,
Эгер болсоң сезимимди байкаган.

Мендей жоктур сендей жанды сүйбөгөн,
Ырга салып, ырлар жазып бүтпөгөн.

АЛ БИРӨӨ...

Кезигет деген ойдо ырларымда,
Ал өткөн ошондогу жылдарымда.
Жомокту элестетип араладым,
Жок издеп бүгүн дагы кыялымда.

Катылып арасында сүрөтүмдүн,
Бекинип түпкүрүндө жүрөгүмдүн.
Ал бирөө, жашап алып жашырынып,
Оюмдан кетпегенге жүдөптүрмүн.

Адашпай кыялымды ээлеп алган,
Бир өмүр жүрөгүмдү жердеп алган.
Кайрылбай кеткенине карабастан,
Жашоомо өчпөс болуп келген каарман.

Кезигип жалгыз гана ырларымда,
Ал бирөө, жашай берет кыялымда.

БИР КҮН КАЙРА КЕЛЕТТИРСИҢ

Көп күттүм, көпкө күттүм сезгендирсиң,
Кол шилтеп же койчу деп кеткендирсиң.
Дидарым ойлогондо кайра бир күн,
Өкүнүп бул учурду эстейттирсиң.

Эстебе, унут баарын эстебегин,
Күткөнгө кайыл болуп, жектебейин.
Алмашып көрөлүчү мейли бир саат,
Ордума коюп өзүң элестеткин.

Жолукпа, көргөн кезде жолукпагын,
Алыстап, менден алыс жол улагын.
Кылчактап ошондо да карайсың ээ,
Көңүлүм ооруп турат, оорутпагын.

Көп күттүм, көпкө күттүм сезгендирсиң,
Акыры бир күн кайра келеттирсиң...

ЭСКИРБЕГЕН СЕЗИМИМ

Дагы канча мезгил жүрөм буулугуп,
Андан көрө кусалыктан суурулуп.
Бейпилдиктин кечип тунук дайрасын,
Кетким келет эрким жетсе унутуп.

Чыгалбастан эрксиздикке байланам,
Чырмалышкан туңгуюкка арбалам.
Эчен жылдар эскирбеген сезимим,
Бир мүнөздүү богонума таң калам.

Мезгилимди арнап сага тонотуп,
Мүмкүн жүрөм убакытым коротуп.
Жүрөгүмдөн сууруй алсам эмине,
Биротоло жан дүйнөмдөн жоготуп?

КҮТӨМҮН КАБАР СЕНДЕН

Кабар жок али сенден,
Унутуп калбадыңбы?
Коңгуроо телефонго,
Убакыт таппадыңбы?
Түшүнбөй дале жүрөм,
Башка жол тандадыңбы?

Жыл күттүм кабар сенден,
Жашынып кеткендейсиң.
Жабыркап жүргөнүмдү,
Жакшынам, эч сезбейсиң.

А мүмкүн жүрөгүң муз,
Болду сен эстебейсиң.

Күтөмүн кабар сенден,
Көңүлүм оорутпачы.
Жолумдан тосуп чыгып,
Жашоомду толуктачы.
Сагынтып ыйлатасың,
Карегим соолутпачы.

Күтөмүн кабар сенден,
Кабар ал келип менден.

* * *

Кызгантып жүрөгүмдү сыздатсың,
Оорутуп көңүлүмдү козутасың.
Багына бир сулуунун жаралдыңбы,
Сагынтып, мени күндө ыйлатасың.

Согушун жүрөгүмдүн тыңдабасаң,
Сүйүүңдү арнап айтып жыргабасаң.
Багына деги кимдин жаралгансың,
Сүйбөсөң мейли, бирок, кыйнабасаң.

Сүйүүнүн ырын мага ырдатасың,
Жаратым улам кайра ырбатасың.
Эх, таш боор, ким үчүн сен жаралгансың,
Көзүмдү жашым менен кызартасың.

КЫЗГАЛДАК ТАЛААСЫНАН КЕЗИГЕБИЗ

Таарыныч жамалымдан бекитемин,
Капалык сууруп ойдон кетиремин.
Утурлап сен тарапка баратамын,
Кызгалдак талаасынан кезигемин.

Даярмын кучак жайып, кол сунууга,
Кызгалдак талаасынан жолугууга.
Көктөмдүн тартуулаган кубанычын,
Сен менен бирге көрүп олтурууга.

Ансыз да узак жерден келдиң мага,
Кездешчү жерди болжоп, гүлдүү талаа.
Баратам кубанычым жашыра албай,
Жоголуп жан дүйнөмөн күтүү, санаа.

Кызгалдак талаасынан кезигебиз,
Кел бүгүн, эң бактылуу сезилебиз.

КЫЗГАЛДАК ТАЛАА

«Кызгалдак талаа, өзүңсүз мага окшобойт,
Билбеймин сенсиз, сыйкырлуу сезим коштобойт».
Деп айтып таңда, коңгуроо кактың кусалуу,
Көөдөнүң туман, көзүңдө жамгыр шолоктойт.

«Сен менен барган изимди таппай сагындым,
Түшүнчү мени, адашып мүмкүн жаңылдым».
Деп айтып таңда, уйкумду бузган коңгуроо,
Жолугуу болжоп, эмнеге кайра чакырдың?

Кызгалдак талаа, билемин сага кызыксыз,
Өткөндү эстеп, жүрөгүң сыздайт тынымсыз.
Ичиңден ыйлап, сыртыңдан күлүп билгизбей,
Көрүндүң окшойт, өзгөгө балким кынтыксыз.

Коңгуроо кагып, өткөндү айтып сыздадың,
Кызгалдак талаа... эстетсе мени, ыйладың.

СҮЙӨМҮН СЕНИ ДЕМЕКМИН

Көп нерсе ойлоп, кыялым менен ченепмин,
Мен бүгүн сага колумду сунган сенекмин.
Билгенде эмне, жүрөгүм ооруп каларын,
Жолуңду тороп, сүйөмүн сени демекмин.

Оо анда алдуу, койчу деп күлгөн мерезмин,
Колумду шилтеп, али да сүйө элекмин.
Деп жүрүп билбей, адашып калган окшоймун,
Түшүнсөң эгер кечигип келген белекмин.

Өзгөгө эмес, өзүмө гана керекмин,
Дейт элем анда, мээримсиз мүмкүн сенекмин.
А бүгүн кайра, көңүлүң бөлүп аярла,
Мен бүгүн сага чаңкаган алсыз терекмин.

Билгенде аттиң, макулмун сага демекмин,
Ошондо эле, сүйөмүн сени дебепмин.

СҮЙҮҮ ЖАРАТЫ

Жараты жеңил болгондо эмне сүйүүнүн,
Жадымда жашап, азабын сезбей күтүүнүн.
Жүрөктү тоскон, орнотуп алып бейпилдик,
Ойлобой сени, тынч жашайт элем күнү-түн?

Билгизбей басып жүрсөм да күлүп эч нерсе,
Карегим тарткан сүрөтүң тиктеп, эп келсе.
Кыялга батып, шурудай тизип оюмду,
Кубанып алам, кудуңдап ичтен кез-кезде.

Үмүтүм өчпөй, өткөрүп ар бир мезгилди,
Көтөрө албай көйгөйүн артсаң, сезимди.
Чынжырлап койгон сүйүүдөн качып кете албай,
Сагына берем тынч жашап жүргөн кезимди.

Кыялым менен кезиге берсең күнүгө,
Кете албай жүрөм, "сени" жок ошол күнүмө.
Жараты жеңил, деп ойлоп алба бир адам,
Алыстан тиктеп, чок салып коюп сүйүүмө?

Жараты жеңил болгондо эгер сүйүүнүн,
Ойлобойт элем, издебейт элем күнү-түн...

КЫЙНАЙСЫҢ ЖҮРӨГҮМДҮ

Түшүндүм, менин сенден жолум бөлөк,
Коё албайм ойлоруңа капкан, бөгөт.
Кыялым чарк айланып учкан менен,
Багынып бардыгына башым көнөт.

Жеңилдим, мезгилимди алдың өөнөп,
Кыйнайсың жүрөгүмдү улам көөлөп.
Сагыныч, куса, күтүү баарын бердиң,
Таяныч болбосоң да мени жөлөп.

Өкүндүм, өкүнүчтөн көңүл чөгөт,
Үмүтүм жанып кайра, кээде өчөт.
Туткунуң ушунчалык татаал беле,
Чыгалбай жүрүп аттиң... мезгил өтөт.

ЖҮРӨГҮМДҮ АБАЙЛАГЫН

Жан дүйнөм толгон менен сагынычка,
Акым жок, эч акым жок таарынышка.
Үндөбө, мен да сага үндөбөйүн,
Көзүмө көзүң тиктеп чагылышса.

Сан ойду калчап көрүп, ойлонгонмун,
Мамиле үзүлсүн деп токтотконмун.
Күдөрүм акылыма араздашып,
Анткени, сени менен коштошконмун.

Ооруган жүрөгүмдү абайлагын,
Көргөндө абалкыдай карабагын.
Жалт карап улам-улам тиктей берип,
Жанчпачы ойлорумдун алааматын?

Жол бербе мамилени улантууга,
Сагыныч жан дүйнөмдү уратууда.

КЕЧИР ДЕП АЙТПА

Ашыкча болсом, алып сал мени оюңдан,
Унутчу анда, арылам десең ооруңдан.
Жолуңду тороп, экинчи тоскоол болбоюн,
Чыгарам сени, чыгарам мен да оюмдан.

Күнөөсүз үмүт, үзүлгөн гүлдөй соолуган,
Кусалык, күйүт кетпеди курчап тооруган.
Эркиңе коём, эч качан тоскоол болбоймун,
Чыкпачы сен да, чыкпайын мен да жолуңдан.

Мезгилиң кетсе, сагынып, тиктеп сүрөтүм,
Кайрылып келсе, өткөндү эңсеп күдөрүң.
Кечир деп айтпа, кеч болуп калып жүрбөсүн,
Акылың жетсе, башкарып көрчү жүрөгүң.

КУТКАРЫП АЛ

Жалооруп караганым сездиң бекен,
Таш боорсуң же болбосо эркиң бекем?
Сагындым дей албадым жолукканда,
Сөз айтпа, уккум келбейт кечир деген.

Бозоргон жамалымда кусалык бар,
Колуңдан келет сенин, куткарып ал.
Алсырап баратканда үмүт берип,
Жүзүмө сыйкыр нурлуу кубатың сал.

Жашоомо сезим шамын жагып келчи,
Болбосо сен жаныңа алып кетчи.

Аптаптуу саратандын деми менен,
Жол алам жүрөгүңө, багыт берчи.

Байкачы, жамалымда кусалык бар,
Боздотпой келип мени куткарып ал.

МҮМКҮН ЭМЕС ЧЕГИНҮҮ

Мүмкүн десем макул сени кечирүү,
Мүмкүн эмес мындан ары кезигүү.
Деп айттың да телефонуң өчүрүп,
Себеп эмне, айталбадың чегинүү?

Канча десең кунун мейли төлөйүн,
Болсо күнөөм жазасын айт, өтөйүн.
Суранарым жүрөгүңдөн өчүрбө,
Жалындаган жалынымды төгөйүн.

Болжоп айткан жериң издеп барайын,
Бороон, чапкын сынооңо да калайын.
Мен сен үчүн жаралганмын деп айткан,
Сөздөрүңдү эми кайдан табайын?

Мүмкүн сени, мүмкүн мени кечирүү,
Мүмкүн эмес кайра артка чегинүү.

ЖҮРДҮҢ БЕКЕН МЕНИ ТАППАЙ?

Коңгуроок күткөнүмдө кирпик какпай,
Дайының билгизбедиң неге айтпай.
Номериң алмаштырып койдуң бекен,
Карааның издеп жүрөм сени таппай.

Кол шилтеп, койчу кетем десем күтпөй,
Жүрөгүм коё бербейт, бирок түтпөй.
Акыркы катым жазып калтыралбай,
Мен кайра ойлойм сенден үмүт үзбөй.

Мезгилдин бактары калып актай,
Өзүңсүз эч нерсеге көңүл тартпай.
Коңгуроок кайсыл күнү кагылат деп,
Сагыныч жан дүйнөмө койду батпай.

Жоготуп алып мүмкүн телефонуң,
Же сен да жүрдүң бекен мени таппай?

ЫЙЛАБАЙМ ДЕГЕН ЭЛЕМ

Кең аалам, кеңдигине сыйбадым да,
Кечээки күндөрүмө сыздадым да.
Жамгырлуу май айынын таасиринен,
Ыйлабайм деген элем, ыйладым да.

Сан миң ой жамгыр болуп келип жатты,
Токтобой жерге сиңип кетип жатты.
Айтпадым кусалыктан кыйналганым,
Табият баарын туюп, сезип жатты.

Сөзүңдү уккум келген, байкабадың,
Коңгуроо күтөм дедим, талдабадың.
Сагынган мендей жанга даба болуп,
Беш мүнөт же үнүңдү арнабадың.

Телефон колго кармап сыздап жаттым,
Билбедиң, бүгүн кечке ыйлап жаттым.

* * *

Таң десем короз али кыйкырбаган,
Безилдейт телефонум чырылдаган.
Тааныш үн кандайсың деп угулганда,
Кайрадан жүрөгүмдү сыйкырлаган.

Кусалык кетпей ороп кыбыраган,
Сагыныч жарасынан тызылдаган.
Оорубай жүрөсүңбү деген сөздү,
Укканда жүрөк курган жымыңдаган.

Куураган үмүт дале кыйылбаган,
Күтүүдөн көзүм нөшөр тыйылбаган.
Ошол үн угулганда өзгөрүлүп,
Чачылат сезим гүлү жыйылбаган.

Басылып жүрөк оорум тызылдаган,
Ал сенин үнүң эле сыйкырлаган.

БИЛДИҢ БЕКЕН?

Айтпасам да жаныңа келээримди,
Эске салдым ал өткөн, кечээкимди.
Түркүн ойго чырмалам ойлоп сени,
Билдиң бекен борборго келгенимди.

Кучагыңда жалооруп күлгөндөймүн,
Сенин эле жаныңда жүргөндөймүн.
Бүгүн, эртең көрүшүп калабыз деп,
Кеталбастан жол карап күткөндөймүн.

Билсең дагы дилимден сүйгөнүмдү,
Билбейсиң да борбордо жүргөнүмдү?
Сен экөөбүз жолуккан Ала-Арчага,
Жалгыз келдим оорутуп жүрөгүмдү.

КЕТИРГИМ КЕЛБЕЙТ СЕНИ

Өзүмдү сан миң ойдон куткарамын,
Сен болуп элестетип бүт ааламым.
Калаадан келгениңди укканымда,
Жанымда жүргөнүңдөй кубанамын.

Издеймин жолугууга канча себеп,
Ан сайын сагынычым арта берет.
Айылың сен келгенде өзгөчөдөй,
Билбеймин кучагына тарта берет.

Өзүмдү тиктегенде кетем жакпай,
Буулугуп ыйлап алам кээде айтпай.
Айылдан кеткениңди укканымда,
Кыйналам ушул турган жерге батпай.

Кетиргим келбейт сени келгениңде,
Кетпе деп айталбаймын кетээриңде.

БАРБАЙ КАЛДЫМ

Барбай калдым, өзгөрүлүп багытым,
Эртеңки күн күтпө мени жакыным.
Зарыл жумуш, билесиң го бүтпөгөн,
Бирок, сени ушунчалык сагындым.

Суроо салып, "эми качан келесиң?",
Келе бер да, кайра эле кетесиң.
Макул болуп ушул күндү болжосом,
Кубанычтан күтүп алам дегенсиң.

Панорама, кечки Бишкек ай толгон,
Мезгил эле жолугушуу болжогон.
Обондору сезим сырын угузуп,
Жаңырмак ээ, ошол күнү тоолордон.

БАРАМ СЕНИ КУТТУКТАП

Күтпөсөң да жолум тосуп утурлап,
Алсаң мейли жүрөгүңдү кулпулап.
Камдап жүргөн белегимди тартуулап,
Барам сага жаңы жылда куттуктап.

Саат жебеси он экиден өткөндө,
Таң калбагын, барганымда көргөндө.
Жамалыңдан кубанычты сезейин,
Жакшы маанай менен тосуп, өзгөрбө.

Таарынычты унуткарып болбогон,
Кездешели аянтчадан, борбордон.
Мүмкүн улап мемиленин чынжырын,
Сүйүү жанар, жаңы жылда ортодон.

ДОБУШ ЧЫГАТ СҮРДӨГӨН

Жараткандан тилеп жолуң аманат,
Күткөнүмдө, жан дүйнөмдө алаамат.
Көптөн бери көрүшпөгөн адамым,
Жергебизге келип алдың саламат.

Оо андагы артта калып сагынуу,
Таарынычты жеңип кетти багынуу.
Кучагында унуткарып өткөндү,
Кандай сонун тосуп алдым бактылуу.

Келгениңде күн ачылды бүркөлгөн,
Булут кетти кабагымда түнөргөн.
Сен да, мен да жаңы гана тааныштай,
Ортобузда добуш чыгат сүрдөгөн.

Бул көрүнүш бир өмүргө өчпөсүн,
Биздин сезим бүрдөй берсин, көктөсүн.

ЭЭРЧИТИП КЕТЕСИҢБИ?

Жакшынам! Калаабызга келгенсиңби,
Же менин ооруганым сезгенсиңби?
Ыраактан барып калам, барып калам,
Баргыча мени күтүп, кетпейсиңби?

Берекем! Көп күн эле жүрөсүңбү,
А менсиз кусалыкка түтөсүңбү?
Ыраактан эки күндө барып калам,
Келет деп жолум карап күтөсүңбү?

Бакытым! Сен оорубай элесиңби,
Сагындым, сагынганым сезесиңби?
Эмнеге келгениңди билбей турам,
Ээрчитип мени алып кетесиңби?

Эки күн, эки күндө барып калам,
Же күтпөй мен баргыча кетесиңби?

КУСАЛЫККА ОРОНГОМ

Көзүңдү күлмүңдөгөн сагындырып,
Көргөзбөй карааныңа зарыктырып.
Күтпөстөн келээримди, кетиптирсиң,
Дагы да кусалыкка багындырып.

Келгенмин, келген элем көңүлүм ток,
Аэропорт, күтүү залы... карааның жок.
Ишенбей кайра-кайра издей бердим,
Жаркылдап тосуп алчу жамалың жок.

Сөзүңө телефондон тойбогонмун,
Барганда жолугат деп ойлогонмун.
Участан түшкөнүмдө сен учупсуң,
Билбедиң кусалыкка оронгонмун.

САН ОЙЛОРДУН КУРЧООСУНДА

Капилеттен жумуш калды болжогон,
Күтүп алам бир адамды ойлогон.
Ак жол каалап, амандыгын тиледим,
Келем десе эртең таңда борбордон.

Жамалымдан арылгандай кусалык,
Көйнөгүмө батпай жүрөм кубанып.
Сан ойлордун курчоосунда тушалып,
Таңга чейин кантип өтөт убакыт?

Экөөбүзгө күбө болсо жарык таң,
Мен ошондо кусалыктан арылам.
Камдап коём сен жактырган тамагың,
Ак жол каалайм, аман келгин, жакшынам.

Күтүп алам бир адамды ойлогон,
Ушул таңда келип калат борбордон.

ЧАЧЫЛГАН ОЙ

Борборум, сенин жытың жыттангандай,
Кучактап бирок сүйүп, жыттай албай.
Калаадан карааныңды издеп жүрөм,
Чачылган ойлорумду жыйнай албай.

Тигилип телефонум улам тиктейм,
Байланыш же болобу, аны билбейм.
Эсепсиз адамдардын арасынан,
Көрүнүп калабы деп сени издейм.

Иргелдим, калааңды да жаттап болдум,
Издедим, карааныңды таппай койдум.
Кайтууга туура келди аргасыздан,
Сен жүргөн борборуңа батпай койдум.

Дайыным, кабарыңды айтпай койдуң.

КӨГӨРТҮП СҮЙҮҮ ТАМЫРЫ

Канча жыл издеп таппай дайыныңды,
Оорутуп күтүүдөн мен сабырымды.
Жүргөндө дал ушул күн кабарлаштың,
Көгөртүп сүйүү деген тамырымды.

Жүргүзүп сенден калган кайыгымды,
Өчүрбөй үмүт деген жарыгымды.
Ааламдан издеп, издеп жар салганда,
Дал ушул күнү айттың дайыныңды.

Айтпадың, ал өткөндү, айыбымды,
А бирок, билдим сенин кадырыңды.
Арадан канча жылдар өтүп кайра,
Тапканмын ушул күнү жакынымды.

Капыстан дал ушул күн кабарлашып,
Тутантып бердиң сүйүү жарыгымды.

ДОС ДЕГЕН ШЫЛТОО САГА

Өзгөрүп дүйнөм, аалам,
Тынчыбай жүрөт санаам.
Токтотуп мамилени,
Дос болуп кантип калам?

Андагы сыйлоо кана?
Дос деген шылтоо гана.
Заматта алып келдиң,
Жүдөтүп кыйноо мага.

Ар убак колдойм дейсиң,
Башкадан коргойм дейсиң.
Эркиңе баш ийдирип,
Досум деп ойлойм дейсиң.

Алыстап, жолобоюн,
А макул дос болоюн.
Багынтып жүрөгүңдү,
Өзүңө корголоюн.

САГЫНЫЧ САНААСЫ

Сен экөөбүз бирдей көрүп талаасын,
Бир аймактын жутуп жүрүп абасын.
Мезгил өтүп эки бөлөк калаада,
Тартабыз ээ, сагынычтын санаасын.

Оюбуз да, сезимибиз тагдырлаш,
Болгон менен куса бизден жазылбас.
Сен келгенде мен кетемин айылдан,
Өтүп күндөр көрүшпөстөн кайчылаш.

Көрөм десем убакытты өткөрүп,
А сен мүмкүн калгандырсың өзгөрүп.
Айыл турат абалкыдай калыпта,
Сездиң бекен барганыңда көз көрүп?

ПЕЙИЛИМ ӨЗГӨРҮҮДӨ

Кызганыч жок оюмда, көңүл кенен,
Ал учурда билбеймин, өткүр белем?
Түшүнүксүз... жан дүйнөм тарып эле,
Сен болбосоң ааламды көрксүз сезем.

Болбогонду аламын көңүлүмө,
Кандай жанмын түшүнбөйм же өзүмө.
Убактыңды кызганып менсиз өткөн,
Ишенсем да, ишенбей сөздөрүңө.

А мен сенин пейлиңди үйрөнүүгө,
Эрким жетпей сезимиң сүрдөтүүдө.
Чалкып жаткан деңиздей кучагыңда,
Сан миң ойго жеңилип, күн өтүүдө.

Ишенсем да ишенбей сөздөрүңө,
Эмнеликтен пейилим өзгөрүүдө?

* * *

Акмалаймын карааныңды кайтарып,
Жүрөгүңдүн чынжырына байланып.
Ыраа көрбөй сени сүйгөн селкиге,
Өтүп жүргөн жолуң тосом айланып.

Безелентип сүйүү кушун сайратып,
Сен искеген сыйкыр гүлүн жайнатып.
Унуттуруп ошол сүйгөн селкиңи,
Жүрөгүмө алып келем арбалтып.

ЖҮРӨКТҮ ЧАРПЫП ЖАРАЛАП

Оюмду жыйып, ортого айтып сапырып,
Жүрөгүм ооруп жардамга кел деп чакырып.
Жар салам деймин, колумдан келбей эч нерсе,
Өзгөдөн эмес өмүрдө сенден тартынып.

Чыгарбай үнүм буулугуп ичтен чачыртам,
Сен эмес эле, өзүмдү өзүм басынтам.
Өзгөрүү татаал, унутуу кыйын экенин,
Экран эмес, көздөрүм менен чагылтам.

Ошондо дагы күнөөлүү сезем өзүмдү,
Борошо каптайт арылбай курчап көзүмдү.
Астымдан тосуп сурасаң келип акыбал,
Тартына берем жеткире албай сөзүмдү.

Жүдөткөн шамал, канымды куюн аралап,
Жүрөгүм чарпып, кеткениң качан жаралап?

МАХАБАТ ДАБАСЫН ТААП

Жаңыдан төрөлүп мен,
Өмүргө келгендеймин.
Кыйнаган дартты мына,
Унутуп жеңгендеймин.

Өмүрдүн балын татып,
Жашоону сезгендеймин.
Таптаза бир аралды,
Кыдырып кезгендеймин.

Көздөгөн максатыма,
Акырын жеткендеймин.
Мажнун дарттан бүгүн,
Алыстап кеткендеймин.

Махабат дабасын таап,
Түйүнүн чечкендеймин.
Туткундан чыгып алып,
Оорумду жеңгендеймин.

СЕН

Уурусу мезгилимдин,
Башчысы чечимимдин.
Сени айтам сураганга,
Султаны сезимимдин.

Байлыгы жүрөгүмдүн,
Багыты күндөрүмдүн.
Каныма сиңип калган,
Нотасы күүлөрүмдүн.

Сырдашы жаздыгымдын,
Курдашы жаштыгымдын.
Сүйүүсүн ичип алган,
Шарабы мастыгымдын.

ТИКТЕБЕШИМ КЕРЕК ЭЛЕ

Бир сыйкыр күч оюмду ээлейт неге,
Тиктебешим а мүмкүн керек беле?
Азгырылба жүрөгүм, азгырылба,
Ал көз караш жөн гана себеп эле.

Тиктегениң оюмдан кетпейт нёге,
Бүгүн дагы кайрылып келбейт беле?
Жамалыңды издеймин, жамалыңды,
Кезиккенбиз болбосо кечээ эле.

Бүтпөсө деп тиктешүү сөздөрүбүз,
Сырдашкандай ошондо көздөрүбүз.
Сыйкырланган дүйнөгө жетеленем,
Сактап калып учурду өзгөрүүсүз.

АЛБА МЕНИ ЖОГОТУП

Мокоп калдым окшойт сага сөз өтпөй,
Кабыргаңа кайра катчы көргөзбөй.
Курчуса да гүлдөй назик мүнөзүм,
Жашынганда сүйүүм калат өзгөрбөй.

Кыялымда ойрон кылам, кыйратам,
Сезимимдин жибин ийрип чыйратам.
Ооба сүйүү койгон үчүн жоошутуп,
Сени карап жүрөгүмдү ыйлатам.

Убактымды бөөдө жүрөм коротуп,
Сенин сүйүүң койгон болсо мокотуп.

Ушул темпте кетсе мүмкүн жүрөгүм,
Алба мени, койбо мени жоготуп.

МЕНИН СҮЙҮҮМ

Сени менен барам десем соңуна,
Чырмайсың да сезиминдин торуна.
Андан көрө убактымдын четинен,
Аласыңбы жүрөгүмдүн ордуна?

Алгын десем кирип алып акырын,
Талкалаба сен деп соккон тамырым.
Жандашууга сан миң амал ойлонуп,
Жетпей жүрөт сезимиме акылым.

Менин сүйүүм кереметтен жаралган,
Сезим жашайт тирүүлүк деп саналган.
Талкаласаң жанчылбады жүрөгүм,
Бүттү демек, сыйкырланган батадан.

БАГЫНДЫРГАМ

Сыйкыр күч жетелесе күдөрүмө,
Ишенбейм сезимимдин бүтөрүнө.
Жеңилип тоскоолдук да жолдо калды,
Там бердим сени сүйгөн жүрөгүмө.

Оо анда, бир башкача оргуп күйгөн,
Сүйүүңө даба таппай ооруп жүргөн.
Жеңилди мансиз азыр жашай албай,
Жүрөгүң башка үчүн согуп жүргөн.

Өзгөрүп кыялданган багытынан,
Ой басып, ойлоп мени сагындырган.
Сыйкырым бардай болуп мен өзүмө,
Там бердим жүрөгүңдү багындырган.

Бакыттын нуру жанып гүл өңүмдө,
Сен деген сезим жашайт жүрөгүмдө.

КАШААГА АЛЫП САКТАП КОЙ

Үтүрдү эмес, чекитти мүмкүн тандадың,
Оор келди окшойт илепти сага айтканым.
Кашаага алып сөзүмдү койсоң эмине,
Капалык сенден, ызалык сенден байкадым.

Бөлөбү десем, көбөйтүп кайра күтүүнү,
Кемитпей эле, азапка коштуң күнүмдү.
Кашаага алып токтотуп турсаң эмине?
Сага арнап келген, сени деп келген сүйүүмдү.

Тажасаң эгер өчүргүч менен өчүрүп,
Жоготом дебе тазалап мени көчүрүп.
Так калат менде, из калат сенде кетпеген,
Каласың издеп, кадырым билип, өкүнүп.

Калтырып мени кашаага алып, сактап кой,
Кай убак болсо кашаадан чыгам кетиксиз.
Жарыгым чачсам, жүрөгүң издеп таап алат,
Үтүрдү улап, улансын сүйлөм чекитсиз.

КӨЗҮМ СЕНИ КӨРӨТ БАШКАЧА

Жөн адамдай сезилээрсиң байкаса,
Көзүм сени балким көрөт башкача.
Жашай берем жүрөгүмдөн чыгарбай,
Кандай жансың, кемтиги жок таптаза?

Жүрөгүмдүн көзү менен карадым,
Төгөрөгү төп келишкен аппагым.
Ары-бери, кайра-кайра сынатып,
Кемтигиңди издесем да таппадым.

Жан дүйнөмдү бир алаамат каптаса,
Согуп жүрөк бөлөк жолду тандаса.
Ошондо да сүйүп өтөм билип кой,
Көзүм сени көргөн үчүн башкача.

Кемтиги жок кандай жансың таптаза,
Көзүм сени көрөт окшойт башкача?

КӨЙНӨГҮМ ТУРАТ АЛИ КИЙИЛБЕГЕН

Убакыт өтүп жатат билинбеген,
Күтүүдөн сыздап жүрөк дирилдеген.
Сен келсең кийемин деп даярдаган,
Көйнөгүм турат али кийилбеген.

Эч кимге ыраа көрбөй сактап жүрөм,
Жугузбай чаңдан алыс, барктап жүрөм.
Сен келсең жолугууга кийемин деп,
Жолуңдан көзүм албай карап күтөм.

Оюмда эч бирөөгө багынбаймын,
Сын айткан дос-тууганга таарынбаймын.
Ар күнү тиктеп алып көйнөгүмдү,
Жол карап сени күтүп жалындаймын.

Убакыт өтүп жатат билинбеген,
Көйнөгүм турат али кийилбеген.

БИЛИП АЛДЫҢ САГЫНГАНЫМ

Билгизбей жашырсам да таарынганым,
Билдиң ээ, билип алдың сагынганым.
Бир күнү капысынан жолукканда,
Билбеймин, билбей калам жазылганым.

Көңүлүм ооруганын жашырганым,
Көзүмдөн тыйбай жашым агызганым.
Көрбөдүң жолукканда, мөлт-мөлт этип,
Көргөзбөй араң-араң басылганым.

Бүтпөгөн кусалыкка багынганым,
Бүркөлгөн туман жолго кабылганым.
Бүт баарын билбей калам сени көрүп,
Бүдөмүк ойдон кантип арылганым.

Билгизбейм деп ойлосом таарынганым,
Билдиң ээ, билип алдың сагынганым.

САГЫНДЫҢ БЕКЕН?

Өкүнүп кийин калбагын мени эскерип,
Күтүүдөн катып калгандай болдум эстелик.
Жүрөгүм сыздап, карегим ыйлап сагынам,
Сүйдүргөн эмес эч бир жан мени сенчелик.

Сүйүүнүн мени толкуну урса темселип,
Жүрөгүм сен деп токтобой согуп термелип.
Кыйналып бүттүм, сыздатып бүттүң сездиңби,
Сагынган эмес эч бир жан сени менчелик?

Жолумдан чыкчы, капыстан макул, кез келип,
Кучактап алчы жүрөккө жүрөк кептелип.
Өзгөрбөй сүйөм, өрттөнүп күйөм, билип жүр,
Багынган эмес эч бир жан сага менчелик.

Сагынды бекен, ким бирөө сени менчелик,
Сүйдүргөн эмес эч бир жан мени сенчелик?

ЫЗАЛЫККА ОРОП ӨРТТӨГӨН

Борборумдан издеп таппай жоктодум,
Күтүп алам деген элең, жок болдуң.
Узун жолдун билип туруп түйшүгүн,
Барганымда кучак жайып тосподуң.

Элестетип... жолум карап күткөнүң,
Артта калат куса болгон күндөрүм,
Деген элем ызгаар кыштын суугунда,
Сездиң бекен ызаланып бүткөнүм?

Максатыма жакындасам көздөгөн,
Кыялымда алып учуп, көксөгөн.
Жеттим десем өчүрүлгөн телефон,
Ызалыкка ороп алып өрттөгөн.

Миң чакырым артта калып барганда,
Ыза мени чок тиштегем, өрттөнгөм.

ҮЗҮЛГӨН БАЙЛАНЫШТЫ УЛАЙ АЛБАЙ

Тосуп ал дей албаймын келгенимде,
Санааркап Төө-Ашууга жеткенимде.
Байланыш болуп калар деген үмүт,
Үзүлөт мен Ошума кеткенимде.

Зарыгып секунд айтчу саламыңа,
Жашырып кусалыкты канатыма.
Байланыш мүмкүн болбой мен эңсеген,
Кайтамын даба таппай жаратыма.

Билгизбейм деген менен таарынычым,
Бүтпөдү, бүтпөйт сага сагынычым.
Үзүлгөн байланышты улай албай,
Жолукчу жолум таппай жаңылыштым.

А сенчи.... келгенимди билбейсиң да,
Капыстан көрүп калсаң тилдейсиң да.

КҮТҮП ЖҮРӨМ

– Коё бербей бекем кысып колуңду,
Ушул кышта кайра жайып торумду.
Жолугууга жетип барам заматта,
Аппак карлар кучактаса Ошуңду...? –

Дегениңди, укkан кезден тосууну,
Күтүп жүрөм улам карап жолуңду?
Бир кездеги биз экөөбүз таанышкан,
Сагындыңбы, ак кар жааган Ошумду?

Күттүм, күттүм табияттын ак карын,
Айланамды кучактаган ак таңын.
Кечиктирбей экөөбүздү жетелеп,
Сыйкырына алып барып катканын,
Күтүп жүрөм...

ТАГДЫРЫБЫЗ КАЙЧЫЛАШ

Калаа көрксүз, келгенимде өзүң жок,
Келдиңби деп кабарлашкан сөзүң жок.
Эркин сезип шаар ичин кыдырып,
Сен бар үчүн жүрө берчүм көөнүм ток.

Мен борборго, а сен Ошко жөнөдүң,
Болгон үчүн зарыл жумуш, көйгөйүң.
Биз экөөбүз Токтогулдан кайчылаш,
Өтүп кеттик, байкабадың, көрбөдүң.

Деги кандай жүрдүң экен Ошумда,
Болсом керек деп ойлоном оюңда?
Жалгыздатпай жетип эле бармакмын,
Күүлөнүүгө канат болсо колумда.

Жолугушуу буюрбаган. Экөөбүз –
Бул жашоонун мыйзамына көнөбүз.
Сапардабыз тагдырыбыз кайчылаш,
Мен түштүккө, сен түндүккө жөнөйбүз.

ҮНҮҢ УГУУ БОЛДУ АРМАНЫМ

Куп жарашчу сени менен басканым,
Толуп жылдыз, бизди тиктеп асманым.
Түнкү Оштун кучагынан чыкпаган,
Ал мезгилди күтө берип чарчадым.

Ал азырчы, ыраактасың ардагым,
Үнүң угуу болду менин арманым.
Күтө берем колдон түшпөй телефон,
Көп күттүрүп азабыңа салбагын.

Бул кусалык, айламды бүт кетирет,
Ош да сени сагынгандай сезилет.
Качан, кантип жолугам деп ойлонсом,
Тосуп алчу күндөр келбей кечигет?

Учак карап, кучак жайып кубанып,
Кезикчү күн неге менден бекинет?

СҮЙҮҮ ТАЛААСЫ

Көл куралат төгүлгөн көз жашыман,
Ээрчитесиң калтырбай сен артыңан.
Таштан эле жүрөгүң жаралгандай,
Таш боорсуң да, таш боорсуң, ээ жакшынам.

Издетесиң сүйүүнүн талаасынан,
Көрүнөсүң жылдыздар арасынан.
Тийгизалбай жебемди жүрөгүңө,
Чыгалбадым оюмдун санаасынан.

Унутканмын өзүңө таарынганды,
Кантип эле сезбедиң сагынганды?
Тоо уратып, көл курап көз жашыман,
Билбей турам, канткенде басылганды.

Токтой албай, токтобой төгүлөмүн,
Көз жашымдын көлүнө чөмүлөмүн.

* * *

Ажырап, үзүлгөндөй толтосунан,
Жүрөгүм тең бөлүндү ортосунан.
Сүйүүмдү кастарлабай, аттиң, аттиң,
Ураттың сезимимди ордосунан.

Таш уруп жүрөгүмдүн аркасынан,
Көрөт деп ойлодуңбу башкасынан.
Эмнеге үмүтүмдү актабадың,
Мен сени бийик көрсөм канчасынан?

Асмандан түшкөн өңдүү сезилесиң,
Ааламды багынткандай керилесиң.
Тунжуроо кучагына кирип алып,
Кезикпей шылтоо айтып, бекинесиң.

Анан да кечиримди сурай берип,
Аймалап, сен айламды кетиресиң.

САГА ГАНА ТОКТОЛОМУН

Чок өчпөйт жүрөгүмө салып берген,
Чектебей мага түйшүк артып берген.
Унутуп калбасын деп ойлойсуңбу,
Элесиң карегимде калып кеткен?

Ойлогум келбей кээ күн жол тосомун,
Оюмда, сенден качып жок боломун.
Эстебей калбасын деп ойлойсуңбу,
Эмнеге сага гана токтоломун?...

БИРГЕ ЭМЕСМИН

Уктасаң жакындаган түш эмесмин,
Карегиң тартып алган бир элесмин.
Деп ойлоп сыздап жүрөк ойго батам,
Анткени, сени менен бирге эмесмин.

Ойгонсоң тийип турган күн эмесмин,
Ооруткан жан дүйнөңдү бир элесмин.
Сезимдин кесесинен балын татып,
Аттиң ай, бул өмүрдө бирге эмесмин.

Сүйдүрүп, сүйүү нуру жаркылдаган,
Башкача, бир башкача ташкындаган.
Дайрадан эчак эле агып кетип,
Ал мезгил эми бизге кайрылбаган.

Мен сага тааныш, бирок, жат эмесмин,
Сүйүүңөн калып калган бир элесмин.

КЕТЕСИҢБИ УЗАККА?

Айланабыз алса кантем суракка,
Илингенмин дечү элем тузакка.
Күтүү чынжыр тагып коюп мойнума,
Келесиңби, кетесиңби узакка?

Токтобогон жаш айланып булакка,
Кыш келгенде ак кар баскан бубакка.
Аяз кыздай тоңуп калсам кантесиң,
Мени таштап кете көрбө узакка?

Илип коюп жүрөгүмдү тузакка,
Мени таштап кетпе жаным, узакка.
Эми гана бирге басып көнгөндө,
Чын эле сен кетесиңби узакка?

* * *

Кусалык көйнөгүмдү кийип алып,
Жамалың карегиме чийип алып.
Биз баскан жолдон сени издеп жүрөм,
Мезгилдин санаасына кирип алып.

Ачык айт, балким сага жакпай калдым,
Орун жок жүрөгүңө батпай калдым.
Экөөбүз аралачу даректарга,
Сүйөм деп жазган сөзүң таппай калдым.

* * *

Карекке тартып алып көргөнүмдү,
Качанкы элестетип өткөнүмдү.
Өзгөртө албай койдум эмнеликтен,
Сүйүүдөн сен кийгизген көйнөгүмдү.

Унутпай сүйөмүн деп айтканыңды,
Улабай башка жолго сапарымды.
Ушунча жылдар артта калса дагы,
Бир көрө албай жүрөм жамалыңды.

Жоготкум келбей неге кечээкимди,
Алганмын элестетип эртеңимди.
Кыялдын кемесине түшүп алып,
Билбепмин сен унутуп кетээриңди.

ЖАШАЙТ БЕЛЕМ?

Сенде бар мүмкүнчүлүк менде болсо,
Чыгарбай кучагымда кармайт элем.
Колуңду мен эч кимге карматтырбай,
Колтуктап, жетелешип жандайт элем.

Сендеги ал, күч, эгер менде болсо,
Оюмдан эч качан да кайтпайт элем.

Капыстан кирип келген тоскоолдукту,
Жолотпой тосуп жолдон, арбайт элем.

Сенде бар бийлик балким менде болсо,
Айттырбай жүрөгүңдү баштайт элем.
Кусалык, күтүү деген илешкенди,
Алыска көргөзбөстөн таштайт элем.

Сендеги амал мүмкүн менде болсо,
Башкага кайыл болуп барбайт элем.
Жалынып сүйөмүн деп жалган айтып,
Бир өмүр ыйлап-сыздап жашайт белем?

УНУТМАКМЫН

Үзгөндө эчак үзүп күдөрүмдү,
А сенсиз ойломокмун күндөрүмдү.
Жүрөгүм сактап өтөт кылымдарга,
Карегим тартып алган сүрөтүңдү.

Унутсам сени эчак унутмакмын,
Башканы сүйөмүн деп угузмакмын.
Жетелеп бир сулууну коё бербей,
Көзүңө же бир жолу урунмакмын.

Урунуп келди балким, байкабадым,
Жүрөгүм издеп башка, тандабадым.
Карегим тартып алган сүрөтүңдөн,
Башканы жолотподум, жандабадым.

* * *

Күбүлгөн жалбыректай күзүндөгү,
Нурумду төккүм келбейт жүзүмдөгү.
Чыгарбай көз жашымды араң тыйсам,
Буулукканы кетпейт дале үнүмдөгү.

Эңсесем, мени бирөө түшүнгөндү,
Кааласам, жүзүм күлүп сүйүнгөндү.
Мен сени эчак эле унутмакмын,
Сезбейсиң ооруп жүрөк үшүгөндү.

Мен сенсиз жашай алам десең дагы,
Ойлобойм сага деген түңүлгөндү.

КҮН КЕЛЕТ

Асманга батпай жылдыз толуп турган,
Кезик деп мезгил бизге колун сунган.
Кайталап берип кайра, ал өткөндү,
Күн келет экөөбүздү жолуктурган.

Тоскоолдук чалып жолдон жеңилдирген,
Жолотпой тороп тосуп кечиктирген.
Мезгилдин баары биздэн өтүп кетип,
Күн келет экөөбүздү кезиктирген.

Жеткирбей убакытты жарыштырган,
Туңгуюк ойлор курчап, кагыштырган.
Ал учур артта калып акырындап,
Күн келет кайра бизди табыштырган.

Сүйүүбүз сүйүүбүзгө толуп турган,
Күн келет кайра бизди жолуктурган.

* * *

Үзүлүп бара жаткан,
Үмүтүм токудуңбу?
Көзүмдө катып жүргөн,
Сырымды окудуңбу?

Сен менен ооруганым,
Чын эле тактадыңбы?
Бозоргон жамалымдан,
Бир нерсе байкадыңбы?

Көз албай тиктей бердиң,
Сүрдөтүп жамалымды.
Жүзүмдөн сырым окуп,
Түшүндүң абалымды.

Көздөгөн максатыма,
Сен бирге жетесиңби?
Кол сунсам, колуң сунуп,
Ээрчишип кетесиңби?

Кетээрде эки жүрөк,
Бир бирин кыялбады.
Жообу жок тиктешүүлөр,
Ошентип кыялданды.

Үн чыкпай... сүйлөшөбүз,
Жөн гана көздөр менен.

Жомокко аралашкан,
Керемет сөздөр менен.

БАРАТАБЫ ТОКТОЛУП?

Жүргөн элең алоолонгон от болуп,
Кызганычтан кээ бир күнү чок болуп.
Сендей жандын жүрөгүндө туйлаган,
Баратабы ыйык сезим токтолуп?

Бир күн эле дайынымды билбесең,
Ызаланып ыйлачумун тилдесең.
А азырчы, биз жөн гана тааныштай,
Сыздап кетем, байланышсам «Ким?» десең.

Сени сүйгөн, сен деп жүргөн от жашайт,
Түбөлүктүү эч өчпөгөн чок жашайт.
Токтогулдун суусу бөлүп чыгарган,
Жүрөгүмдө канча ампер ток жашайт?

СҮЙЛӨШТҮ КӨЗДӨР

Дегендей өзгөр,
Түгөнбөй сөздөр.
Тигилип улам,
Сүйлөшөт көздөр.

Багынып эрким,
Баягы сезим.
Кезикти кайра,
Баамдабай эч ким.

Сүйлөштүк көпкө,
Оронуп өрткө.
Бирикпей ойлор,
Бөлүнүп төрткө.

Жетпеди колум,
Жетсе да оюм.
Багыты башка,
Билесиң жолум.

Кезигип калдык,
Кечир деп айттык.
Тиктешип көздөр,
Убайым тарттык.

Жаныңа барбай,
Жакындай албай.
Коштоштук акыр,
Кылчактап карай.

Сүйлөштү көздөр
Бүтпөдү сөздөр...

ТӨКТҮМ ДА КӨЗ ЖАШЫМДЫ

Токтотуп сага болгон таарынганды,
Тоготпой болбогонго кайгырганды.
Бүгүнтөн өзгөрүүнү баштайм десем,
Сыздатат ооруп жүрөк кабыргамды.

Сени деп эки көзүм көп жашыды,
Ойлоймун мындан ары өз башымды.
Дегиче болбой эле кусалыктан,
Төктүм да бүгүн дагы көз жашымды.

Жолотпой саанаага мен кабылганды,
Жеңилбейм сезимиңе багынганды.
Дарылайм жүрөгүмдү акыл менен,
Десем да унуталбайм сагынганды.

Каалабай бул өмүрдөн жаңылганды,
Бул дарттан билбей жүрөм айыкканды.

САНАА МЕНЕН ОРОНГОН

Себеби жок таарынычтан жазылбай,
Уйгу-туйгу сыздап жүрөк басылбай.
Бирдей ооруп сагынычтан экөөбүз,
Жүргөндөйбүз ушул дарттан арылбай.

Толбой эле жан дүйнөбүз бөксөрүп,
Күндөр өтүп, мезгил улам өзгөрүп.
Жүргөндөйбүз калп жылмайып билгизбей,
Сен да, мен да кусалыктан өрттөнүп.

Тынч уйкубуз санаа менен оронгон,
Жүзүбүздөн үмүт өчкөн, жоголгон.
Жашайбыз да сүңгүп кирип кыялга,
Кезигишип сен экөөбүз жомоктон.

СЕНИН СҮЙҮҮҢ

Жараткандын бергени бул тартуулап,
Алып жүрөм бир өмүргө кадырлап.
Тагдырыма таарынууга акым жок,
Сенин сүйүүң жакшылыкка чакырат.

Татаал болсо тандап жолун, чанбаймын,
Сезиминди бийик кармап, барктаймын.
Ал анткени, мага келген оомат бул,
Түйшүгүнөн, сыноосунан качпаймын.

Жашоо жомок, түркүн ойдо гүлдөймүн,
Сага деген жан дүйнөмдү түздөймүн.
Сенин сүйүүң мага түйшүк артса да,
Кыялданып, кылыктанып бүтпөймүн.

Сенин сүйүүң жакшылыкка чакырат,
А мен сени сүйө берем жалындап.

АЙТЧЫ, АЙТЧЫ?

Илинип кирпигиме тамчы, тамчы,
Жүрөгүм тилинүүдө кайчы, кайчы.
Ой басып жүргөнүмдү сезгендейсиң,
Же мени сүйөсүңбү айтчы, айтчы?

Кетпейин, кучагыңа катчы, катчы,
Сагыныч, кусалыгым жазчы, жазчы.
Чыгарып сезиминдин туткунунан,
Сен мени коргойсуңбу айтчы, айтчы?

Жообу жок кандай азап тапчы, тапчы,
Кошулуп бул түйшүктү тартчы, тартчы.
Болбосо жүрөгүмдү сууруп берем,
Оюма макулсуңбу, айтчы, айтчы?

ЖАМГЫРЫҢМЫН

Жакшынам, жүзүңдү жуу ойлонбостон,
Же мени издей бербе, жоктобостон.
Анткени, сага барып төгүлөмүн,
Нөшөрлөп жамгыр болуп токтобостон.

Эстетип күндөрүңдү жадыңдагы,
Сыздаткан сезимиңмин жазындагы.
Сүйүүнүн аптабына чыдабасаң,
Жамгырың болуп келем жайындагы.

Жаңыртып көйнөгүңдү сүйүүдөгү,
Тазартып сезиминди үстүңдөгү.
Мен сени өзүм эле кезиктирем,
Жамгырың болуп келип күзүндөгү.

Ак таңды тосуп укkан жаңы ырыңмын,
Издебе, сага жааган жамгырыңмын.

КӨЗҮМДӨГҮ ЖААН

Токтото албай бүгүн өзүмдү да,
Көзүмдөн дагы жамгыр төгүлдү да.
Жазылбай сага деген сагынычым,
Көңүлүм сан миң ойго бөлүндү да.

Келемин жолугууга дагы далай,
Деп айтып жамалыңда жакшы маанай.
Коштошуп кеткениңе сыздап жүрөк,
Жамгырдан койбодумбу арыла албай.

Жолугуу сагынычтан коргободу,
Кетирбейм деген оюм окшободу.
Келемин дегениңе карабастан,
Сен кетип жамгыр көздөн токтободу.

ЖАМГЫРДАН СЕНИ ИЗДЕЙМ

Сыйкырың күчтүү окшойт жетелеген,
Сени эстеп ойлуу карайм терезеден.
Күз, жамгыр экөөбүздү жакындатып,
Баш тарта албай жүрөм неге сенден?

Сагынтып жүрөгүмдү тилесиң да,
Түйшүгүн сезиминдин илесиң да.
Нөшөрлөп токтобостон төгүп жаткан,
Жамгырдан сени издейм билесиң да.

Чынардын коргоп анда жалбырагы,
Сүйөм деп сүйлөшкөн күн жамгырдагы.
Сезимдин дайрасына жетелеген,
Керемет болгон күздүн жарым сааты.

ӨЗГӨРТТҮМ САГА ОЮМ

Бир чынжыр бириктирип ортобузду,
Жүрөгүм кайра сен деп опкоолжуду.
Анткени, сенин сүйүүң чексиз мага,
Жеңемин жолдо болгон тоскоолдукту.

Өзгөрттүм, бүгүн ойлоп кайра оюм,
Багытын баштап барат таңда жолум.
Күн дагы күлүп чыгып уясынан,
Сунганда күбө болот сага колум.

Пардасын жүрөгүңдүн ачып кирем,
Кучагың кайра мага ачык билем.
Тоготпой тоскоолдукту жеңип чыгам,
Сезимдин сыйкырынан жайып килем.

ЖҮРӨГҮМ ООРУП КАЛГАН

Ал күндөр өттү, кетти кайрылбаймын,
Өкүнүп ыйлаганмын, кайгырганмын.
Такалып мен сүйүүнүн элегине,
Жүрөгүм ооруп калган жарты жанмын.

Сен дагы өткөн күнгө кайрылбагын,
Жөн гана бир сыноо деп кабыл алгын.
Өкүнүч, куса, күтүү сөзүң айтып,
Эстетип жаракатым жаңыртпагын.

Ооба ал өттү, кетти кайра келбейт,
Десем да бизден алыс жашай бербейт.

Оорутат, сагындырат, өкүндүрөт,
Жүрөгүм кыялымда сага дегдейт.

* * *

Үзүлсүн дедиң бекен күдөрүмдү,
Сыздатып кайра менин жүрөгүмдү.
Алмашат күндө үч маал профилиң,
Көргөзүп улам түшкөн сүрөтүңдү.

Тиктетип кайра-кайра көздөрүмдү,
Көрсүн деп билип туруп көргөнүмдү.
Жазылсын деген болсоң сагынычым,
Жазалбайт ал да бирок көйгөйүмдү.

Кааладың унуткарып көнгөнүмдү,
Кусалык ээлеп алган көөдөнүмдү.
Билгизбей сүрөтүңдү топтоп жүрөм,
Басат деп сагынычтан көйгөйүмдү.

ИЗДӨӨ САЛАМ

Неге менин жүрөгүмдү күүлөдүң,
Сезбей калба туткунумда күйгөнүң.
Эртең эмес, жекшемби күн кечинде,
Издөө салам, жарыялап сүрөтүң.

Даяр турам ким экениң жазууга,
Буюртманы берген элем басууга.
Мүмкүнчүлүк, убакыт аз, сезип кой,
Кабарың айт, түшкүчө сен талкууга.

Алсыз дебе, алдуу болуп адашып,
Жүргөнүңдү сезбей калба жанашып.
Сүрөтчүгө сүрөтүңдү тарттырып,
Илип алам элдин баарын каратып.

Издөө салам ошентип...

САЯПКЕРИМ

Жүрөгүмө татыктуу талапкерим,
Көңүлүмө төп келген саяпкерим.
Шылтоо болсун жолугуу экөөбүзгө,
Аргымагым жетелеп сага келдим.

Сынап көрчү калтырам, байкайсыңбы,
Аргымагым а мүмкүн таптайсыңбы?
Көрүү үчүн өзүңдү барганымда,
Күлүгүңдү көргөзүп мактайсыңбы?

Кызыккансып сырыңды билгим келет,
Ишеничке акырын киргим келет.
Аргымагым шылтоолоп саяпкерим,
Сенин дагы жүрөгүң тилгим келет.

ЖҮРӨМ ДАЛЕ ҮЙРӨНБӨЙ

Сен асманда, а мен жерде жүргөндөй,
Оюм жетип, колум жетпей... күткөндөй.
Өткөн күндөн көрсөм дагы өзүңдү,
Жүрөм дале бүгүнкүмө үйрөнбөй.

Мейли салкын нуруң чачып төгүлчү,
Ай болсоң да бир аз күнгө көрүнчү?
Баягыдай болбосо да сезимиң,
Кусалыктан сууруп чыгып көөнүмдү.

Ооба, биздин багытыбыз өзгөргөн,
Тагдыр сынап эки жолду көргөзгөн.
Канттиң экен? Унуттуңбу, билбедим,
Бийик коём дале сени өзгөдөн.

КОҢГУРОО КАКПАЙ КАЛДЫҢ

Күтөмүн, кусаланып,
Кээ күнү туталанып.
Коңгуроо какпай калдың,
«Кутман таң» айтпай калдың.
Тажатып алдым окшойт,
Обу жок сурак алып.

Ал күнүм майрам эле,
Өзгөчө сайран эле.
Коңгуроо какканыңда,
«Кутман таң» айтканыңда.
Куткарып кусалыктан,
Бир сөзүң дарман эле.

Өзүңдү күтүп жүрөм,
Билгизбей күлүп жүрөм.
Үзбөймүн үмүтүмдү,
Жол карап күнү-түнү.
Телефон колдон түшпөй,
Кусадан үшүп жүрөм.

Коңгуроо какпай калдың,
“Кутман таң” айтпай калдың.

КҮН ЧЫКТЫ ЖАРЫГЫ ЖОК

Торолуп калган өңдүү туңгуюкка,
Төгүлө албай жатам жамгыр болуп.
Жаш толуп турган менен карегиме,
Чыгалбайт эмнеликтен тамчы болуп?

Жеталбай көздөп алган багытыма,
Жан дүйнөм алсыроодо жапырандай.
Оюмду тороп чыккан белгисиз күч,
Шамалдын чаңын мага сапырандай.

Билбеймин, карегимде көл толкуну,
Чайпалат, ары-бери багыты жок.
Капыстан куюн ороп көңүлүмдү,
Күн чыкты – бүгүн мага жарыгы жок.

КЕТЭЭРИҢДЕ СҮЙҮП КОЙ

Жан дүйнөмө аянычтуу сыр салып,
Көңүлүң суз тиктей көрбө кылчайып.
Кетээриңде мени карап күлүп кой,
Эстеп жүрөм сен келгенче жылмайып.

Алыс качып ортобуздан таарынуу,
Торой берсин мейли бизди сагынуу.
Жолуң карап, келээриңди күткөндө,
Элес калсын карегимде бактылуу.

Сен да мага, мен да сага багынып,
Куса, күтүү, сагынычты жашырып.
Кетээриңде бек кучактап сүйүп кой,
Жүрөгүмдө калсын баары жазылып.

ШЫЛТООҢ БҮТПӨЙТ

Тигилемин саат жебесин кубалай,
Күтүп сени бүгүн түнү уктабай.
Айтпай эле койсоң эмне барам деп,
Жашып алдым дайыныңды угалбай.

Уктап калба, барып калам кечинде,
Деп айтканың болду бекен эсиңде?
Үмүт үзбөй азыр дагы жол карап,
Мен алсыз ай, кыялыма ээрчиме.

Эмне болду деген ойдо санааркап,
Кайра-кайра жазган катың баракта.
Сага чалсам телефонуң өчүптүр,
Күтүү менен ушул күн да аяктап.

Бүтпөйт экен, бүтпөйт шылтоо сендеги,
Билбейсиң да кусалыкты мендеги.

УРУНБАЙ КАРЕГИМЕ КОЙСОҢ ЭМНЕ?

Мезгилим эгер болсо алыс эмес,
Сен мага, мен да сага тааныш эмес.
Жүрөгүм кулпуланып жүрө бермек,
Көрүнбөй көзгө сезим, жарык элес.

Эх, качан, качан... кантип кабыл алды,
Жүрөгүм ээ-жаа бербей багыт алды.
Тынч жаткан жан дүйнөмө бүлүк салып,
Өзүңдү ойлоп тосом жарык таңды.

Жөнөкөй замандаштан болсоң эмне,
Жөн гана купулума толсоң эмне?
Билбеймин, өзгөчөсүң өзгөлөрдөн,
Урунбай карегиме койсоң эмне?

ТҮШҮМӨ КИРДИҢ

Болбоду угуп суроомо жообуң,
Өзгөрүп багыт, бурулуп жолуң.
Түшүмө кирдиң, түн уйкум бөлүп,
Жетелеп алып башканын колун.

Билгизбей дегем, чыгарбай үнүм,
Ыйлабайм дегем, ыйладым бүгүн.
Түшүмө кирдиң, сыздатып жүрөк,
Өтүүдө билсең, сени ойлоп күнүм.

Түшүмө кирчи, жөн гана күлүп,
Аярлуу карап, жүзүмдөн сүйүп.
Жазылбай калган сагыныч сага,
Кусадар жүрөк кубансын күтүп.

АМАН ЖҮР ЭЭ?

Канатыңа бек кучактап чыгарбай,
Кетээриңде көпкө турдуң кыялбай.
Жолуң узак, бөтөн элдин жерине,
Канттиң экен, жеттиң бекен кыйналбай?

Жок эле да мен билгенден көйгөйүң,
Сыр каттың ээ, кай максатты көздөдүң?
Ийиниңе жамгыр болуп төгүлүп,
Кал деп айттым, айтканыма көнбөдүң.

Чоочун колго жөнөткөндөй өзгөнүн,
Кетээриңде алоолонуп өрттөндүм.
Кош деп айттың эки жылга коштошуп,
Билип туруп сага гана көнгөнүм.

Кучагына кирбесең да өзгөнүн,
Аман жүр ээ, мекенинде өзгөнүн?

ЖҮРӨГҮМДҮ КУЛАТПАГЫН

Убакыт улам жылат тынчтык бербей,
Суурулуп кучагыңдан чыккым келбей.
Билсем да бүгүн сенден кетээримди,
Жол алам, мүдүрүмөн сынгым келбей.

Жөнөсөм, кош деп айтып узатпагын,
Жөн гана коштошордо кучактагын.
Аттасам астанаңды коштоп чыгып,
Оорутуп жүрөгүмдү кулатпагын.

Ансыз да сагынычым жазылбаган,
Жүрөгүм алоолонот жалындаган.
Бир түйүн кусалыгым чечилбестен,
Жол алам айланама жанып жалган.

Сүрүлүп таң агарса сулап жаттым,
Сен дагы кучагымда уктап жаттың.

САГА ДЕГЕН БЕЛЕГИМ

Камдап койгон сага деген белегим,
Билбей турам кантип айтып беремин?
Жөнөтөйүн дегенимде таң калып,
Сурабагын, сураба ээ себебин.

Берди дебе белегимди таңуулап,
Түшүнбөстөн же оюңда талкуулап.
Көңүлүңдү келип жүрөт көтөргүм,
Мен жөн гана сага белек тартуулап.

Ал аргымак жакшылыктын жарчысы,
Даяр баары, токулгасы, камчысы.
Кыялымда элестетип алганмын,
Сени гана улакчылар башчысы.

Түшүндүрүп айтпасам да себебин,
Бир аргымак сага деген белегим.

ЖҮРӨГҮМДҮ КУЛПУЛАГАН

Жалбырак бир четинен саргаюуда,
Даректар табиятка жалбарууда.
Сен менен эки жолго түшкөн учур,
Күз мына... башталууда, башталууда.

Жок сени, андан бери унуталбайм,
Дартымды эч бирөөгө угузалбайм.
Күбүлгөн жалбырактай төгүп жашым,
Кусалык азабынан кутулалбайм.

Пардасы сезимимдин жабылгандай,
Оюмду дале жүрөм, жаңырталбай.
Күз менин жүрөгүмдү кулпулаган,
Ушул жол чарчатса да, алым калбай.

Угузсам, уккандарга арман эле,
Күз менин жүрөгүмдү жапкан эле.

ТӨЛГӨ КЫЛЫП АЛГАНДАЙ

Алып кетсең кайылмын, кетээр элем,
Айың сөздү акырын жеңээр элем.
Дүңгүрөтүп дүйнөңдүн төгөрөгүн,
Жүрөгүңдүн төрүнө жетээр элем.

Жүр деп айтчы, кетейин бүгүн эле,
Балким ушул ооматтуу күнүм эле.
Төлгө кылып алгандай ишембини,
Ушунчалык жол карап күттүм эле.

Келгениңде сөз айтсам чеги менен,
Кетемин деп камынып сени менен.
Жөнөгөндө бүгүн да үндөбөсөң,
Мамилени токтоткун мени менен.

Төлгө кылып алгандай ишембини,
Ушул күнгө дагы бир ишендимби?

СҮЙЛӨБӨЙМ ДЕП СӨЗ БЕРДИҢ

Жүрөгүмдө жазылган мыйзамдагы,
Укугумду четинен тыйсам дагы.
Алып келип өзгөрүү жан дүйнөмө,
Сүйлөбөйм деп сөз бердиң мындан ары.

Жипсиз байлап алгандай оолугасың,
Билип турам өкүнүп, соолугасың.
Макул сенин эркиңе коюп берем,
Жолум тороп бир күнү жолугасың.

Кең аалам да четинен тарып барат,
Сезим нуру акырын батып барат.
Сүйлөбөйм деп сөз бердиң, сүйлөбөгүн,
Билбейм, сенден көңүлүм калып барат.

Эркиң жетсе а мейли, сүйлөбөгүн,
Уккум келбейт ансыз да сүйлөгөнүң.

КАБЫЛ АЛ ЖҮРӨГҮҢДҮН КӨЗҮ МЕНЕН

Сүйлөбө жат бирөөнүн сөзү менен,
Ынанып ага макул, көөнү менен.
Чын эле мени сүйөм деген болсоң,
Кабыл ал жүрөгүңдүн көзү менен.

Башына кеңеш берчү акыл толуп,
Сөз айтса моюбагын макул болуп.
Чечимиң кабыл алган жүрөк болсун,
Өзүң да угуп көргүн калыс болуп.

Бул сезим түшүнүксүз күмөн десең,
Мен кимди, кимди гана сүйөм десең.
Жүрөгүң туура жолго багыт берет,
Сүйүүдөн чындык таппай жүрөм десең.

Ойлобо жат адамдын сөзү менен,
Кабыл ал, жүрөгүңдүн көзү менен.

МЕН ДҮЙНӨМДҮ ӨЗГӨРТӨМ

Жүрө берчи дал ушундай, багынбай,
Калам бир күн сага дагы таанылбай.
Мен дүйнөмү сенден баштап өзгөртөм,
Жаңы жолго таштап кадам, жаңылбай.

Азыр сени тороп жүрсөм куюндай,
Дал ушундай жашай берет кубулбай,
Деп ойлосоң, далил менен көрсөтүп,
Кетээрим чын карегиңе урунбай.

Өтөсүнөн чыкпаган соң, жарытпай,
Жашай берем кең дүйнөнү тарытпай.
Санаа, күтүү, кусалыкты сезимден,
Жоготомун жан дүйнөмө батырбай.

Мен жашоомду сенден баштап өзгөртөм,
Аалам күбө, далил менен көрсөтөм.

ЫРЛАРЫМДАН ИЗДЕГИН

Суроо берип, күмөн карап, ким дегин,
Мейли аңтар ар бир сабын тизмегин.
Сен жөнүндө кандай ойдо экеним,
Менин жазган ырларымдан издегин.

Таппай калсаң табамын деп тиктегин,
Талса көзүң кирпигиңди ирмегин.
Сен өзүңдү башка жактан карабай,
Менин гана ырларымдан издегин.

Аяр кара, аттап кетип жүрбөгүн,
Жообун айт деп кайра менден күтпөгүн.
Таппай калсаң ырларымдан өзүңдү,
Күмөн карап дал ошондо күйбөгүн.

Сен жөнүндө кандай ойдо жүрөмүн,
Калем кармап ырларымда күтөмүн.
Кездешебиз кыялымда ар бир күн,
Мен ошону жазып жүрөм, сүйгөнүм.

ЖАШЫРЫНЫП ТУРАСЫҢ

Күндүн нуру белги берсе сүйгөнүм,
Ойлоп сени бир башкача жүдөдүм.
Билип турам мага жакын жердесиң,
Айтпасаң да, сезет менин жүрөгүм.

Бир башкача нурун төгөт чачырап,
Мээрим ороп тийип ооба жаркырап.
Келгениңди табият да сезгендей,
Дал ушул күн, күн жаркырап ачылат.

Жашырынып, аркы жээкте турасың,
Сен да менин ой-кыялым туясың.
Жакын жерге келгениңди айта албай,
Акылыңа каршы чабак урасың.

НЕГЕ КАЙРА?

Арнадым бир өзүңө жүрөгүмдү,
Далилдей алам дейсиң сүйөрүңдү.
Сен анда алган элең он сегизде,
Көрсөтчү сага берген сүрөтүмдү?

Сен үчүн оттой жанып күйгөнүмдү,
Билбейсиң ээлеп алып жүрөгүмдү.
Деп айтып талабымды аткаргандай,
Көрсөттүң ошондогу сүрөтүмдү.

Санаага салып менин күндөрүмдү,
Сапырып ал өткөндү, бүт өмүрдү.

Арадан он сегиз жыл өткөн кезде,
Козгодуң неге кайра жүрөгүмдү?

ЖЕ ЖҮРӨСҮҢ СҮРӨТҮМДҮ ТАРТАЛБАЙ

Айтпаганмын алып кел деп таңуулап,
Сен экөөбүз сүйлөшкөндө талкуулап.
Берем десең, күтүп жүрөм унутпай,
Колго тарткан сүрөтүмдү тартуулап.

Андан бери беш жалбырак алмашып,
Даярдаган орду турат саргайып.
Эчак эле жат адамга айтканда,
Калар беле балким сүрөт жайгашып.

Болбосо да жарашыктуу, коозунан,
Чыкса десем жалгыз сенин колуңдан.
Дагы айтам деген менен эрк жетпейт,
Өчкөн окшойт ошол талкуу оюңдан.

Билинбестен беш жыл өттү байкалбай,
Же жүрөсүң сүрөтүмдү тарталбай.

СЕН ДА БОЛЧУ КҮНӨӨКӨР

Куса, күтүү, көз жаш, алсыз күбөлөр,
Сен эмес мен бул сүйүүгө күнөөкөр.
Башка нукка буруп бир күн канатым,
Мезгил келсе бийик учуп күүлөнөр.

Иргеп оюм, муктаж болбой жардамга,
Кетким келет сенден алыс жактарга.

Эми гана унутамын дегенде,
Өчөшкөндөй көрүнөсүң жана да.

Кыялыңа жетеленип жеңилип,
Мен да сага күчтүү болуп сезилип.
Тороп алып ой түбүнөн чыгарбай,
Алсам кана үмүтүңдү ээрчитип.

Коштоп алып куса, күтүү күбөлөр,
Бул сезимге сен да болчу күнөөкөр.

КЕЗИГЕЛИ ОРДОДОН

Алыс таштап сагынычты торогон,
Сууруй алсам таарынычты ортодон.
Сен тарапка багытымды бурайын,
Барганымда кучак жайып колдосоң.

Көңүл чөгүп кусалыктан чарчасам,
Же жагымдуу сөздөрүңө чаңкасам.
Барганымда баягыдай тосуп ал,
Көзүң жумуп бир чекилик байкасаң.

Унуталбай сен да мени ойлосоң,
Же сагыныч саламыңды жолдосоң.
Бүгүн эле сен тарапка жол алам,
Жүрөгүмдү башка жандан коргосоң.

Кезигели, биз жолукчу ордодон,
Артка таштап таарынычты ортодон.

ООРУТПА КӨҢҮЛҮМДҮ

Теңелгим келген эмес, алыстасаң,
Мейли деп кала бердим багынбасаң.
Сезгенмин, бирок кайра келээриңди,
Ыңгайсыз тиктеп улам жакындасаң.

Чыгарып чечиминди көрүнбөсөң,
Башканын сезимине көңүл бөлсөң.
Урунбай мындан ары карегиме,
Кете бер деген элем өкүнбөсөң.

А мейли келиптирсиң, кечирейин,
Өткөндү унуткарып кетирейин.
Оорутпа көңүлүмдү мындан ары,
Жол ачып жүрөгүмө ээрчитейин.

Сезгенмин бир күн кайра келээриңди,
Унутуп, унуткарып кечээкиңди.

ОЮМ ЖАШАЙТ ӨЗГӨРБӨЙ

Өлчөөсү көп өмүр мени өзгөртсө,
Сага болгон оюм жашайт өзгөрбөй.
Отко салып, чокко кактап куйкалап,
Калчап көрсүн, кала берет өрттөнбөй.

Өкчөсө да тагыр сынап талкалап,
Сен жөнүндө оюм калат сакталып.
Жүрөгүмөн орун алып бир өмүр,
Өтөөрүң чын каламымда даңкталып.

А сен менин карегимде бактылуу,
Жүзүң жашайт, жанып нуруң өчпөгөн.
Кадимкидей ээлеп алып оюмду,
Сенсиз билсең бир күнүм да өтпөгөн.

Сактап жүрүп, сактап өтөм өзгөртпөй,
Сен сөнүндө жашайт оюм өзгөрбөй.

СЕЗИЛЕСИҢ ИЗДЕГЕНДЕЙ

Түшүмө бир да жолу кирбегендей,
Укпаган же болбосо билбегендей.
Үзөмүн мамилени деп ойлонсом,
Сен мени сезилесиң издегендей.

Көңүлүм сага бир да бөлбөгөндөй,
Тааныбай, бул өмүрдөн көрбөгөндөй.
Унутам мындан ары деп ойлонсом,
Жалгыз сен туюласың көлөкөмдөй.

Дартыма даба өзү табылгандай,
Кыялым максатыма багынгандай.
Эстебейм эч убакта деп ойлонсом,
Көзүмө элестейсиң сагынгандай.

Алыстайм мындан ары деп ойлонсом,
Боломун анда неге жаңылгандай?

ҮЗҮЛГӨН ҮМҮТҮМДҮ УЛАП АЛАМ

Жамалың бура качып, амандашпай,
Катыма жооп да жазбай, кабарлашпай.
Мен сенден үмүтүмдү үзгөнүмдө,
Кете бер дей албадым саламдашпай.

Жок болсоң, кайра бир күн байланышып,
Сезимиң жүрөгүмө жайгаштырып.
Үзүлгөн үмүтүмдү улап алам,
Башымды алгансыңбы айландырып?

Сагыныч жан дүйнөмдү оюп алган,
Кусалык жүрөгүмө колун салган.
Мезгилде кайда кетип, кайда жүрдүң,
Же учур келээр бекен көңүл калган?

* * *

Угузбаймын жүрөгүмдүн кагуусун,
Сезип калба, билип калба арзуусун.
Сен да мендей татаал жолду багынтып,
Ашып көрчү сүйүү тоонун ашуусун.

Тиктегенде көздөрүмдүн карегин,
Таап аласың сезиминдин дарегин.
Миң кыр сыноо жолуң тороп курчасын,
Издеп көрчү жүрөгүңдүн паанегин.

Билгизбейсиң, билгим келет оюңду,
Көркө бөлө баса турган жолуңду.

Жүрөгүмө соолбос сезим гүлүн эк,
Кайра суна турган болсоң колуңду?

ЫЗАЛЫГЫМ ҮЗҮП КОЙДУМ

Санаамды сага байлап төңкөрбөстөн,
Тамчысын көз жашымдын көргөзбөстөн.
Таарынып калганымды билгизбедим,
Кабагым абалкыдан өзгөртпөстөн.

Үмүттүн шамын жагып эртеңиме,
Сагындым жароокерим дегениңде.
Капамын, ошентсе да билгизбедим,
Жылмайып тосуп алып келгениңде.

Кучактап жамалыңдан сүйүп койдум,
«Кыйналбай келдиңби?» деп күлүп койдум.
Көңүлдөн кетпей жүргөн ызалыгым,
Билгизбей ушул күнү үзүп койдум.

Бир да сөз жаман айтып тийгизбедим,
Таарынып жүргөнүмдү билгизбедим.

АР ДАЙЫМ СЕНИ ОЙЛОНОМ

Жайгашып алып, жаңаша жашап көөнүмө,
Жеткенсиң кантип, билгизбей жүрөк төрүнө?
Карегим тарткан, өчүрө албай сүрөтүң,
Унуткум келбейт, уруна берсең көзүмө.

Агарып аткан таң менен тосуп ойгоном,
Сагыныч курчап, тушаса санаа ороном.

Адашып калбай ээрчитип алып акылым,
Эмнеге экен, ар дайым сени ойлоном?

Сен деген оюм, түгөнбөйт неге түгөнбөйт?
Кыялым кайра арзуумду коштоп түгөлдөйт.
Акылга сыйбас, сүйүүнү жүрөк батырып,
Ноктолоп алып, жүгөнү менен жүгөндөйт.

Унуткум келбей, ар дайым сени ойлоном,
Кусалык курчап, ак таңды тосуп ойгоном.

БАКТЫЛУУГА СЕБЕПЧИ

Тоскоол болгон, сүйүүбүзгө айыптуу,
Кимдер десең? Азыр алар бактылуу.
Экөөбүзгө алып келип өкүнүч,
Жашап жатат, жашап жатат татыктуу.

Көбөйүүдө жоопсуз калган соболдор,
Өкүнбөйлү, сүйүүбүз бар сооротор.
Бактылууга сен экөөбүз себепкер,
Бакыт даамын татса эгер, ошолор.

Ал анткени, жашоо деген ошондой,
Кандай сыноо келсин мейли тоготпой.
Ооба биз деп, бактылууга себепчи,
Жашайлычы, өткөн күндү ойлонбой.

Бактылууга сен экөөбүз себепчи,
Алар менин ырларыма серепчи.

БОЛСОҢ ЭКЕН БАКТЫЛУУ

Көргөнүмдө дайым сени кайгылуу,
Тагдырыңа күнөөлүүдөй, айыптуу.
Жүрөк ооруп, тынчым кетип, кыйналам,
Мен эмес сен болсоң экен бактылуу.

Тагдыр бизди табыштырып, кошпогон,
Эки жээкке бөлүп куса, коштогон.
Сыртыбыздан көрүп билген адамдар,
Санаасы жок бактылуу деп ойлогон.

Күндөрүмө кетип калып андагы,
Жүргөнүңдү көргүм келет жайдары.
Жакын жүрүп кучагыңда эркелеп,
Жамалыңдан сүйсөм эмне таңдагы?

Жетеби деп сунганымда эми кол,
Бирок, бизди бириктирбей эки жол.
Жүрөгүмдө жашай берчи түбөлүк,
Кайда жүрбө, кайда болбо, эсен бол.

Болгум келбейт тагдырыңа айыптуу,
Мен эмес сен болсоң экен бактылуу.

БИР АДАМ БАР

Табийгаттын бороон-чапкын шамалы,
Туман каптап ачылбаган жамалы.
Эмнегедир мага ушундай туюлат,
Ал көрүнүш бир адамдын кабагы.

Бороон келсе тийип мага эпкини,
Сыздап көңүл кейитет да зээними.
Жамгыр жааган жаз күнүнө окшошом,
Сел жүргөндөй боёк каптап бетими.

Мезгил өңдүү акырындап коштошуп,
Кээде күзгө, кээде кышка окшошуп.
Кеткен кезде байланышат сагынып,
Кусалыктан кутулалбай бошошуп.

Төрт мезгилдей мени дайым коштогон,
Бир адам бар табиятка окшогон.

* * *

Адат болду күтүү менден кетпеген,
Кыялданып, колум сунсам жетпеген.
Ошентсе да түйшүгүнө көндүрүп,
Бир адам бар, мерез жүрөк сезбеген.

Санаа тартам сыйбай ичке батпаган,
Жан дүйнөмдү алааматың каптаган.
Оңолууга себеп болор бир адам,
Угасыңбы, менин дартым башкадан?

Тажасам да жолуң карап күтүүдөн,
Тажабаймын сени ойлоп жүрүүдөн.
Дайыныңды билгизбеген бир адам,
Көрбөгөнмүн сендей мерез сүйүүдөн.

Ден соолукта аман жүрсөң болгону,
Мен ойлогон, мен жетпеген бир адам.

* * *

Сүйүү дебейм ичер суум, ууртаган,
Бирок мени жомок жашоо курчаган.
Жок деп айтам таарынычым болсо да,
Бир адам бар жүрөгүмдү тыңшаган.

Ооба менин сезилет ал тагдырым,
Сезимиме жан киргизген тамырым.
Ар күн эле эргүү берип тургандай,
Туюлат да эмнегедир таңкы ырым.

Кыялымды таяп алган жөлөгүм,
Чын окшойт да өмүрдөгү өрнөгүм.
Жайнап турган эки көзүн көргөндө,
Унутамын жашоодогу көйгөйүм.

Биротоло оюм курчап, жердеген,
Бир адам бар жүрөгүмдү ээлеген.

ЭКӨӨБҮЗ БИРГЕ ЖҮРГӨН

Кыялдар оюбузда белен эле,
Узун жол, сенин көчөң кенен эле.
Асманга жылдыз толгон ошол жазды,
Өткөндөй элестетем кечээ эле.

Убакыт, убакыт ээ, учат сызып,
Токтобой саат жебеси улам жылып.
Арадан канча жылдар өтсө дагы,
Элестейт ал өткөн жаз кубандырып.

Ошондой, дал ошондой таң атса да,
Күз, жаз, жай эчен ирет алмашса да.
Унута албай койдум, мүмкүн эмес,
Сан миң ой тороп, тосуп жармашса да.

Экөөбүз бирге жүргөн ошол жазды,
Өткөндөй элестетем кечээ эле...

Сиз жана мен – бир бүтүн

ӨЗҮҢДҮ ЖАКТЫРАМ

Ойлобойсуз, бирок замат табылам,
Жүрөгүңүз таштай болсун, катылам.
Мен жактырган окуу жайдын мүдүрү,
Бир кечеде жеңил бийге чакырам.

Түшүңүздөн же болбосо кезигем,
Айлаңызды амалын таап кетирем.
Жүрөгү таш, окуу жайдын мүдүрү,
Акыр бир күн сүйөмүн деп ээрчитем.

Үшүсөңүз күн нурундай көрүнөм,
Ысысаңыз жамгыр болуп төгүлөм.
Ал кеченин баарын текке кетирбей,
Карегиңиз тартып алсын, өтүнөм.

Бир кечеде жеңил бийге чакырам,
Ал анткени, өзүңүздү жактырам.

СҮРДӨЙМ АГАЙ

Бир сезим байкасам да үнүңүздөн,
Айбыгам жолой албай, сүрүңүздөн.
А мүмкүн мен жөн гана жүрөр белем?
Сүйөм деп айтпасаңыз күтүүсүздөн.

Сиз сунган искей берем гүлүңүздөн,
Даам таткан өңдүү карап сүйүүңүздөн.
Жылмайып кыялдарга баткан менен,
Сүрдөймүн агай мынча, сүрүңүздөн?

Бет келип чыгып калсам жолуңуздан,
Берилип салам сунган колуңуздан.
Араңдан алик алып сүрдөсөм да,
А бирок, чыккым келбейт оюңуздан.

Бир сезим байкасам да үнүңүздөн,
Сүрдөймүн, сүрдөйм агай сүрүңүздөн.

ЖАШАЙСЫЗ ЫРЛАРЫМДА

Амалын жолугуунун билбей келем,
Кыялым сизден алыс кеталбастан.
Уктаарда сүрөтүңүз тиктей берем,
«Түнүңүз бейпил болсун» дей албастан.

Акмалап карааныңыз издеп калам,
А бирок, сиз жашайсыз ырларымда.
Таң атпай сүрөтүңүз тиктеп алам,
Кутман таң каалап ар күн кыялымда.

Ийгилик коштоп ар бир күнүңүздү,
Бактылуу өтө берсин мезгилиңиз.
Талашпайм, талап кылбайм сүйүүңүздү,
Ал сиздин кабыл алган чечимиңиз.

А бирок, жашай бериң ырларымда,
Болбосо менин гана кыялымда.

АГАТАЙ

Чагылгандай карегиңиз жагат ай,
Жүрөгүмдү сан миң ойго салат ай.
Бүгүн кайра жолугууга келипсиз,
Амансызбы, амансызбы, агатай?

Оюм сизди ээрчип алды тажабай,
Кайыл болуп убакытты санабай.
Жүз көрүшүп каларымды сезгенмин,
Эсенсизби, эсенсизби, агатай?

Сиз жок күндөр кадимкидей азап ай,
Жүрө берем секунд, мүнөт санаркай.
Биз көрүшпөй калган кезде а мүмкүн,
Ойлойсузбу, мени дагы агатай?

Сүйүп койсом эч нерсеге карабай,
Чагылгандай көзүңүздөн агатай.

* * *

Билсем да тоодой бийик баркыңызды,
Байкабай мени сүйгөн дартыңызды.
Жообу жок калып кеткен суроо үчүн,
Агатай, капа болуп калдыңызбы?

Жөн гана кабар алып, саламдашып,
Агатай барайын дейм амандашып.
Издесем жооп айтууга сан миң амал,
Жүрөмүн шылтоо таппай, санаа тартып.

Мен дагы кыялымда кезигемин,
Сиз менен жетелешип, ээрчишемин.
Күткөндөй сурооңузга жооп даярдап,
Айта албай жүрөгүмө бекитемин.

Билемин, жашайм сиздин оюңузда,
Бактылуу күндөр жакын жолугууга.

КЕЧИРИП КОЮҢУЗЧУ

Түйшүккө салып сизди, түшүнбөй оюңузду,
Күттүрүп койгон болсом, кечирип коюңузчу.
Тамаша сөз айтам деп, таарынтып алдым окшойт,
Билгизбей улайсызбы, а мүмкүн жолуңузду?

Көңүлү назик жан деп, жөн гана аяңызчы,
Жолугуп барам бүгүн, түшүнүп караңызчы?
Тамаша сөз айтууга менин да акым бардыр,
Кучактап абалкыдай чачымдан тараңызчы?

Ооба, сиз, кечээ күнү жол тосуп, барыптырсыз,
Келдим деп айтканыма, ишенип алыптырсыз.
Кызгалдак талаасында, күттүңүз сезип турам,
Коңгуроо какканымда, үндөбөй калыптырсыз...

Тамаша сөз айтам деп, таарынтып алдым окшойт,
Жол алсам жолугууга, бир санаа мени коштойт.

КЕТПЕДИҢИЗ ОЮМДАН

«Айыктырып тороп алган оорудан,
Чыгарып ал кусалыктын торунан».
Деп айтсаңыз жерге батпай кубандым,
Кезигели күн чыгыштын жолунан.

Кетпедиңиз, сиз да менин оюмдан,
Күтүү менен бүтпөй күндөр созулган.
Кезиккенче кат жазышып туралы,
Жолугалы ушул айдын соңунан.

Жетелеңиз, коё бербей колумдан,
Калсын артта куса, күтүү тооруган.
Ооба деңиз, экөөбүзгө ыңгайлуу,
Жолугалы Сулаймандын тоосунан.

Сиз да менин кетпедиңиз оюмдан,
Чыгыңызчы, кана бир күн жолумдан?

СЫЙКЫР СЕЗИМ

Катыңызды өчүрбөй сактап жүрөм,
Ширин, шекер сөзүңүз жаттап жүрөм.
Сизге дагы белендеп сөздөрүмдү,
Бир далайын айтам деп камдап жүрөм.

Кыялданган сүрөтүм тартасызбы,
Толтура кат дагы да жазасызбы?
Сан миң ойго чөмүлүп алган кезде,
Жолугам деп же бир күн айтасызбы?

Сүйүп алгым келсе да көзүңүздөн,
Сүрдөй берем эмнеге өзүңүздөн?
Кайра кайра коңгуроо күтө бердим,
Сыйкыр сезим угам деп сөзүңүздөн.

Кат жазыңыз өчүрбөй барктап алам,
Жүрөгүмө түбөлүк сактап алам.

* * *

Акыркы жолугушуу ал эсимде,
Тоюнда кезигиштик бир адамдын.
Ооба ал август айы, жай кечинде,
Жылдызы күбө болгон бүт ааламдын.

Сиз дагы жүрөгүмө багындыңыз,
Сүйөм деп камдагандай сөзүңүздү.
Музыка, жеңил бийге чакырдыңыз,
Тигилип карай албайм көзүңүздү.

Ал тойдун көркүн ачып бийлегенбиз,
Сүрөгөн айланабыз бизди гана.
Жолукпай каларыбыз билбегенбиз,
Суктантып каратпадык кимди гана.

Көрүшпөй каларыбыз билбегенбиз,
Ал тойдо бир керемет бийлегенбиз.

СҮЙҮҮНҮН ШАРАБЫНА

Ойлойсуз карегиме жаш толгондой,
Тыйылбайт, мүнөзүм бар тарс, ойлонбой,
Мен сизди жакшы көрөм дегендирмин,
Сүйүүнүн шарабына мас болгондой.

Чын эле мээлеп келип чак конгондой,
Сезилдим далай ирет тап койгондой.
Сезимим куюн болуп каптаса да,
Былк этпейт жүрөгүңүз таш коргондой.

Дүйнөңүз барган жанга тар колоттой,
Капилет келген дартты сак жолотпой.
Дагы да сүйөмүн деп айтпасын деп,
Жүрөктө калкан барбы нак болоттой?

Ойлойсуз карегиме жаш толгондой,
Сүйүүнүн шарабына мас болгондой.

ЖАН ДҮЙНӨМДҮ ТАЗАРТАТ

Көргөзүүгө ыраа көрбөй өзгөгө,
Сизден алган белегимди өзгөчө.
Жамалыңыз сагынганда көз албай,
Тиктей берем коюп алып өөдөгө.

Бүт ааламдын байлыгына алмашпайм,
Эч бир жанга кол тийгизип карматпайм.
Сизди кандай жакшы көрсөм ошондой,
Бир өмүргө таза кармап, ардактайм.

Белегиңиз жан дүйнөмдү тазартат,
Ортобузга сыйкыр сезим жаратат.
Табитимди кайдан, кантип билдиңиз?
Бүт оюмду сизге буруп баратат.

Башкаларда болбосо деп кыйналам,
Ал белекти эмне мынча кызганам?

КИМ ТҮШӨТ ТОРУҢУЗГА?

Жылмайып кимди карап күлгөнүңүз,
Сиз мени тиктегендей сүрөтүңүз.
Билгизбей кыялымда сырдашамын,
Ким деп согуп жатты экен жүрөгүңүз?

Айлансам сүйүү деген ооруңузга,
Сүрөтүм түшпөй сиздин колуңузда.
Кыялым элестетип алган менен,
Азыр ким жашап жүрөт оюңузда?

Жол тосуп мезгил карап күткөнүңүз,
Мен болуп калсам экен сүйгөнүңүз.
Туңгуюк ойдон чыкпай кыйналамын,
Ким ээлеп жүрөт сиздин жүрөгүңүз?

Сүйөм деп колун алып колуңузга,
Ким түшөт билбейм, сиздин торуңузга?

КАТ ЖАЗДЫМ ДА

Кароолчудан же болбосо сураңыз,
Чарчагандай ошол күнү кубатсыз.
Көпкө жүрдүм айланчыктап кеталбай,
Жол боюнда турган экен унааңыз.

Болбойт беле башка күнгө сыйгалыш,
Бүтпөй койду сиз өткөргөн жыйналыш.
Алаксытса үч мүнөт телефонум,
Кетиптирсиз бир заматта кыйчалыш.

Кайыл элем, мейли мени узатпа,
Билетим бар кетээрим чын узакка.
Ак жол деген сөзүңүздү угалбай,
Мезгил келип шашып калдым учакка.

Кат жаздым да кароолчуга таштадым,
Кетип жатып сизден алыс, узакка.

КЕЧИРЕСИЗ!

Оюмду тушагандай сезилесиз,
Жөн койбой кыялымды ээрчитесиз.
Күн чыкпай коңгуроонуз кабыл алдым,
"Кутман таң!" дей албадым, кечиресиз.

Ал эртең жолум бирге, кезигесиз,
Мен кантип салам айтам, кейитесиз.
Апкаарып ансыз дагы сан ойдомун,
"Кутман күн!" дей албасам, кечиресиз.

Шылтоо таап сөз баштасам, теригесиз,
Жолугам деп айламды кетиресиз.
Кечигип барып калып капысынан,
«Кутман кеч» дей албасам, кечиресиз.

Башкача, сүрдүү болуп сезилесиз,
Сөз таппай сүрдөп кетсем, кечиресиз.

«БАКТЫЛУУ КҮН»

Бир себеп эмнегедир тапкым келди,
Түштөнүп келели деп айткым келди.
А кайра сизге тоскоол боломбу деп,
Ойлорум аткарылбай калып кетти.

Кылчактап карай бердим сөзүм бардай,
А балким, туюлдумбу өчүм бардай.
Мен сизден ушунчалык сүрдөсөм да,
Тиктедим көзүңүздөн көзүм албай.

Карегим тартып алды, сактап койдум,
Жүрөккө сезимиңиз кадап койдум.
Бир саамга тиктеп алган учурумду,
«Бактылуу ушул күн» деп атап койдум.

БИР ИРМЕМ

Бир көз ирмем менде жүрөт сакталып,
Керек болсо ырларымда айтылбай.
Карааныңыз көрүнгөндө нес болуп,
Актай барак калса кантем жазылбай?

Ал көз ирмем балким сизге бүдөмүк,
Качан, кантип пайда болгон, сезбейсиз?
Жан дүйнөмдө жашай берет түбөлүк,
Кат жөнөтөм, сиз ошондо эстейсиз.

Бир көз ирмем жүрөгүмдү башкарып,
Сизди дайым мүнөт, секунд издетет.
Кусалыктан арга таппай калганда,
Таңдан кечке сүрөтүңүз тиктетет.

КАНТЕМ?

Өрттөнүп күйө берсин чырагыңыз,
Сезимдин бүрүн ачып чынарыңыз.
Деп айтсам башка жанды ойго салып,
Сүйдүрүп алса кантем, чырайыңыз?

Арналсын десем мага мезгилиңиз,
Бөлөсө башка жанды мээриминиз.
Кантемин, отко боюм таштайынбы,
Ким бирөө болуп жүрсө сезиминиз?

Жалгыз мен дейин десем көргөнүңүз,
Тиктесе башка жанды көздөрүңүз.
Жүрөгүм сиз деп согуп калган кезде,
Ким бирөө болсо кантем көйгөйүңүз?

СИЗ БАР ҮЧҮН

Кароол кейпин кийип калдым кеталбай,
Багыт алаар жериме да бет албай.
Сиз бар үчүн жашап жүрөм Ошумда,
Жакын туруп жаныңызга жеталбай.

Убакытты карап шашып жүгүрөм,
Салам айтып күндө бир маал жүгүнөм.
Сиз бар үчүн Ошум көрктүү сезилип,
Карааныңыз көрүнгөндө сүйүнөм.

Жан дүйнөмө орноп алып чагылган,
Жекшемби күн келбесе деп жалынам.
Сиз бар үчүн Оштон алыс кеталбай,
Билбеймин ай, эмне мынча сагынам?

Сиз бар үчүн Ошум көрктүү көрүнөт,
Сиз бар үчүн оюм онго бөлүнөт.

ДАГЫ КАЧАН ЖОЛУГАБЫЗ?

Билгизбейм десем дагы сүрдөгөнүм,
Билгизди бүт баарымды сүйлөгөнүм.
Кездешип бир мүнөткө сиз жана мен,
Жолугуу, капысынан күтпөгөнүм.

Агатай, сиз да менден сүрдөдүңүз,
Араңдан кандайсың деп сүйлөдүңүз.
Бүгүнкү бир мүнөттүк кездешүүнү,
А мүмкүн чындап эле күтпөдүңүз.

Бир күнү кездешүүгө кол сунабыз,
Бөксөргөн күндөрүбүз толтурабыз.
Дей албай бөлүнөбүз аргасыздан,
Билбеймин, эми качан жолугабыз?

Сырдашып, сыр бөлүшүп олтурабыз,
Агатай, дагы качан жолугабыз?

АКЫМ ЖОК ӨЧҮРҮҮГӨ

Жүгүртүп, карегимди соолутууга,
Сүйдүрүп, жүрөгүмдү оорутууга,
Себепчи бир жигиттин үнүн угуп,
Чакыруу бүгүн алдым жолугууга.

Бейкүнөө жүрөгүмдү кечирүүгө,
Акым жок сезимимди өчүрүүгө.
Деп ойлоп кыялыма жетеленип,
Жол алдым ал жигитке кезигүүгө.

Келди деп ойлобоңуз көрүнүүгө,
Жол бербейм кийин, соңку өкүнүүгө.
Дартыма даба болор бир сөз айтың,
Барганда мен сиз менен көрүшүүгө.

"Мен дагы сени сүйөм" деп койсоңуз,
Жол таппайм, билесизби, өкүнүүгө?

ҮНДӨБӨЙСҮЗ АГАТАЙ

Убакытты бааласам сатасызбы,
Же көргөзбөй мезгилди катасызбы?
Агатайым, бүгүн да үндөбөйсүз,
Билбей турам, сиз неге, капасызбы?

Жолугууга чакырсам келесизби,
Же жооп бербей алыстап кетесизби?
Көргүм келип сагынып жүргөнүмдү,
Сезесизби агатай, сезесизби?

Сөз баштасам угасыз, сүйлөбөйсүз,
Сүрдөсөм да аргасыз сүйлөтөсүз.
Жооп берет деп канчалык күтсөм дагы,
Үндөбөйсүз агатай, үндөбөйсүз.

АЙДООЧУҢУЗ БОЛОЮНЧУ

Милдетин айдоочунун аткарайын,
Кызматтык унааңызды башкарайын.
Агатай, кандай дейсиз сунушума,
Жүрөктөн орун алып, жай табайын?

Башкарам унаа десем, ишенбейсиз,
Эмнеге жүрөгүмдү кишендейсиз?
Татаал жол сынагынан өткөнүмдү,
Көргөнмүн, көргөн элем, билем дейсиз.

Сынаңыз, керек болсо жарышайын,
Жобоңуз башкачабы, таанышайын.

Айдоочу кейпин кийип агатайым,
Сиз менен чын жүрөктөн табышайын.

АЙЛАНСАМ КАБАК, КАШЫҢЫЗДАН

Чыгарып жат сезимди оюңуздан,
Кетирбей кармап алып колуңуздан.
Сүйүүмдү айткым келет, айткым келет,
Ар күнү тороп сизди жолуңуздан.

Эркелеп баягыдай өзүңүзгө,
Элестеп жашап кайра көзүңүзгө.
Жүрөктөн орун алып кадимкидей,
Жанашып алгым келет төрүңүзгө.

Айлансам сиздин кабак, кашыңыздан,
Жат ойду сууруп алып башыңыздан.
Бир өмүр кайыл болсом баарыңызга,
Чыгарбай жүрөсүзбү жаныңыздан?

МЕНИ СҮЙГӨН БИР АДАМ

Айланаңыз байкагандай акмалап,
Тиктесеңиз барганымда жалт карап.
Сиз деп айтам, мени сүйгөн бир адам,
Коштоп карап, сезсе мейли чар-тарап.

Болсо дагы мага айтаар сөзүңүз,
Үндөбөстөн ээрчип алат көзүңүз.
Билем, билем, мени сүйгөн бир адам,
Мезгил келсе сөз баштайсыз өзүңүз.

Башкаларга бийик болгон башыңыз,
Түшпөсүн деп ойлойсузбу баркыңыз.
Көздөр гана сүйлөшкөндөй сезилет,
Эмнеликтен сүйлөбөйсүз, айтыңыз?

Түшпөсүн деп даражаңыз, баркыңыз,
Көмүскөдө канча жашайт арзууңуз?

СИЗ КЕЛСЕҢИЗ

Кабар берип, барарымды айтпадым,
Күткөн элем, көзүм талып батпадым.
Чоң иш чара, келет го деп ойлосом,
Келбептирсиз, издеп сизди таппадым.

Кантип айтам, барамын деп кечеге,
Издегенсиз мени дагы кечээ эле.
Жолугушуу экөөбүзгө буюрбай,
Биз жашынмак ойнойбуз да эмнеге?

Барарымдан болгондурсуз кабардар,
Чегиндирип артка кайтып кадамдар.
Мен да барсам, сен да келсең кечеге,
Сезип калат дегендирсиз адамдар.

Сиз келсеңиз, бир бирибиз издебей,
Олтурмакпыз айлананы тиктебей.

КАНТИП ЭЛЕ УНУТАЙЫН

Жообу жок, ой калтырып сөзүңүзгө,
Сүрөтүм тартып берип көзүңүзгө.
Көз көргүс, кулак уккус жакка кетип,
Көрүнбөй койгум келет өзүңүзгө.

Карабай кабагыңыз, кашыңызга,
Кусалык туусун байлап артыңызга.
Мен сизден алыс, алыс, кетким келет,
Туңгуюк ой калтырып башыңызга.

Канчалык көрүнбөйүн, урунбайын,
Жоголуп сизге такыр угулбайын.
Деп ойлоп алыстагым келген менен,
Мен сизди кантип эле унутайын?

ТАНГО БИЙИН БИЙЛЕЙЛИ

Адамдар болсо балким, байкабаган,
Таң калсын карап бизди канчалаган.
Бийлейли, макулсузбу, танго бийин,
Кетирбей сизди бүгүн аянтчадан?

Музыка коштоп турсун барганымда,
Жакындап жаныңызда басканымда.
Титиреп кетсе керек колдоруңуз,
Кол сунуп жеңил бийге тартканымда.

Оюмду сезимиңиз тейлеп алды,
Сүйүүңүз жүрөгүмдү мээлеп алды.

Мызыка, аянтчада сиз жана мен,
Жок танго кыялымды ээлеп алды.

* * *

Дартыма даба болчу жардамыңыз,
Кандай? – деп жылуу сөз айтканыңыз.
Түшүнөм сизден кабар күткөн менен,
Узак жол сапар алып чарчадыңыз.

Кабатыр болдум бирок жолуңузга,
Мен учуп баргым келип колуңузга.
Чарчады деген менен билбей турам,
Бир жолу келдим бекен оюңузга?

Кайрылбай бийик учуп канатыңыз,
Жок болсо керек сиздин жаратыңыз.
А мейли убактылуу көрүшпөйбүз,
Байсалдуу боло берсин сапарыңыз.

Кандайсың – деген сөзгө кубанамын,
Ойлонуп сизди гана убарамын.

БАЛКИМ ЖҮРӨК МАС ЭЛЕ

Оюм сизге болгон билем, каршы эле,
Алыстадым кыялымда жакшы эле.
Алгач ирет жамалыңыз көргөндө,
Билбей турам же жүрөгүм мас бале?

Ооба, ал күн жан дүйнөмдө жаз эле,
Тил табышып кетпедикпи бат эле.

Кантип сүйүп калганымды билбеймин,
Арбап алган сыйкырыңыз бар беле?

Көрүнөсүз сезими жок, сак эле,
Сезилээрмин мүмкүн сизге жат эле.
Сүйөрүмдү айтпасам да баары бир,
Билбегендей жүрөсүзбү калп эле.

Сыйкырлаган жамалыңыз жаз эле,
Ошол күнү балким жүрөк мас эле.

КАРЕК ЖАНЫП

Айтпайбыз, бирок, баарын түшүнөбүз,
Жылмайып толкуп жүрөк сүйүнөбүз.
Көзүбүз үнсүз гана сүйлөшкөндө,
Билгизбей бир сезимге жүгүнөбүз.

Кечикпей, болжогондой табылабыз,
Көрсөтүп жакшы мүнөз, жагынабыз.
Көзүбүз сүйлөшкөндө карек жанып,
Сиз мага, мен да сизге багынабыз.

Чын эле жолугууга кечикпейбиз,
Мезгилди бөөдө текке кетирбейбиз.
Биз үнсүз жүргөн менен көз сүйлөшүп,
Экөөбүз, сиз жана мен зерикпейбиз.

Айттырбай эле баарын түшүнөбүз,
Көзүбүз тиктешкенге сүйүнөбүз.

УНУТАМБЫ?

Унутайын деген ойдо, айылдап,
Узак кеттим, ооба сизден алыстап.
Канча мезгил жүрөрүмдү билбедем,
Же болбосо баратамын жакындап.

Кыялымдын дайрасына чөмүлбөй,
Мүмкүн болсо сизге койсом көрүнбөй.
Эгер кетсем чындап эле алыстап,
Жашай алат белем балким өкүнбөй?

Кантип, билбейм, түшүп калдым санаага,
Мен эркимди коё берип талаага.
Унутууга жол алганмын бел байлап,
Барбай эле койсом окшойт калаага.

Унутамбы, азгырылбай санаага,
Кутулармын барбай койсом калаага.

ТҮШҮМӨ КИРИПТИРСИЗ

Даба болуп бербесе да сүйүүмө,
Сыйкырлаган шоола чачып жүзүмө.
Табышмактуу көзүңүзгө сыр катып,
Кириптирсиз бүгүн түндө түшүмө.

Мезил, учур, убакыт тар, саналуу,
Сизди карап тиктеп турам аялуу.
Жүзүңүзгө жүз үйрүлүп түшсөм да,
Сүйлөбөйсүз таарынгандай капалуу.

Бир нерсеге түйшөлгөндөй оюңуз,
Билбей калдым же шашылыш жолуңуз.
Көз алдымда кала берди кетпестен,
Саламдашып араң сунган колуңуз.

Сагынычтан ооруп жүрсөм жаралуу,
Түшүмө сиз кириптирсиз капалуу.

СИЗДЕЙ ЖАНДЫ ТИКТЕГЕНДИН

Оюмда көп нерсеге санаркаймын,
Жок дедим, күтпөңүзчү баралбаймын.
Талкууга жем чачпасын жолугушуу,
Чын айтам беш мүнөт да калалбаймын.

Билгизбей тороп жолду буугансыды,
Чөп, суу, таш баары көңүл бургансыды.
Тек гана телефондон сүйлөшөлү,
Эл көзү сизди карап тургансыды.

Жок дейли, бизге эч ким үндөбөсүн,
Көрсө да, көңүл бөлүп сүйлөбөсүн.
А бирок, сиздей жанды тиктегендин,
Болк этип жүрөгү бир күүлөнбөсүн.

Андыктан ушул күндө жолукпайлы,
Сиз башка, мен да башка жол улайлы.

ЖЕТТИҢИЗБИ?

Калыптырмын кечээ күнү сурабай,
Жол алгансыз колуңузду булгалай.
Кыжаалатмын эмне болду деп ойлоп,
Жетип алдым дегениңиз угалбай.

Эмнегедир башка амал издедим,
Бирок таппай телефонум тиктедим.
Кабатырмын качан жообун угам деп,
Жеттиңизби, үйүңүзгө билбедим.

Капа болдум сырыңызды катсаңыз,
Күтүп жатам... же sms жазсаңыз?
Кадимкидей көңүлүм да жай алмак,
Келип алдым деген сөздү айтсаңыз.

КӨРБӨЙБҮЗ ТААРЫНЫЧТЫ

Бул эмне түшүнбөстүк ортобузда,
Таарыныч сүңгүп кирген ордобузга?
Кетире албай жүрөм, кетпей жүрөт,
Жашынып, жашап алып коробузда.

Түркүн ой ээлеп алып санаркаймын,
Таарынчак болуп барат агатайым.
Күнөөлөй берет мени эмнеликтен,
Көңүлүн ойлосом да карап дайым?

Каталык кимден кетпейт, кетирдиңиз,
Кечирдим, сиз да мени кечирдиңиз.

Убада берген адам өзгөрүптүр,
Көрбөйбүз таарынычты экинчи биз.

Таарынчаак адат менен коштошуңуз,
Жактырбайм мындай сапат, токтотуңуз.

ЖЫЙЫРМА ТӨРТ СААТЫМ ЭЭЛЕП АЛГАНСЫЗ

Сиз бар үчүн жашоом өтөт жеңилдей,
Түйшүк бардыр, бирок, мага сезилбей.
Жыйырма төрт саатым ээлеп алгансыз,
Убакытты бөөдө, текке кетирбей.

Туңгуюктан сууруп алып сызыктуу,
Мезгилимди кооздодуңуз кызыктуу.
Согуп жүрөк, сизди гана ойлонуп,
Кубанычта таңды тосом ырыстуу.

Курчап турган жан дүйнөмдүн жакуту,
Колдоп турган жүрөгүмдүн бакыты.
Жыйырма төрт саатым ээлеп алгансыз,
Жол көрсөткөн ойлорумдун багыты.

КОЛ СААТ ТАГЫП КЕТИҢИЗЧИ

Сиз мага белек алып бериңизчи,
Күтөмүн, күтүп жүрөм келиңизчи.
Өзүңүз айткан мага убада бар,
Колума кол саат тагып кетиңизчи.

Кубанып мүнөт, секунд тиктейинчи,
Мезгилди ошол сааттан билейинчи.
Өмүрү түшүрбөстөн колго тагып,
Аярлап белегим деп жүрөйүнчү.

Агатай, убадаңыз унутпаңыз,
Унутуп коюп мени курутпаңыз.
Сиз айткан саатыңызды күтүп жүрөм,
Үндөбөй жүрө берип кутулбаңыз.

СИЗДЕЙ ЖАНДЫ ӨЗГӨРТӨМ

Татаал болсо дагы жол таап жеткирүү,
Алып келем, оюңузга жеңилүү.
Сиздей жанды сүйүү менен өзгөртөм,
Мүнөзүңүз мерез болбой, мээримдүү.

Көзүңүзгө бир сыйкыр күч жайнатып,
Башыңызды билгизбестен айлантып.
Сиздей жанды сезим менен өзгөртөм,
Каласыз да ойлуу болуп жай басып.

Жүрөгүңүз калыбынан чыккандай,
Оюңуздан мени гана чыгарбай.
Бул сезимге сиз жана мен күнөөлүү,
Өзгөрөсүз.... өзгөрөсүз чыйралбай.

Мерез жанга сүйүү берип өзгөртөм,
Айтканымды далил менен көрсөтөм.

КЕЧИРИҢИЗ

Жол каратып, карек талып сагынткан,
Көз каранды убакытка багынткан.
Артып берип кусалыктын куржунун,
Кечириңиз, эгер болсом таарынткан.

Жүрөгүңүз сууруп албай өкүттөн,
Ойлобосом сизди бийик, өзүмдөн.
Оомал төкмөл өтүп жаткан өмүрдө,
Кечириңиз, болсом эгер өкүнткөн.

Убакытты аяп, катып, бекитсем,
Учурунда жетпей калып кечиксем.
Бөлө албай көңүлүмдү мен сизге,
Кечирйңиз, эгер ката кетирсем.

Мезгилимди аяп сизден бекитсем,
Кечириңиз, мен каталык кетирсем.

БАРАМЫН ДЕП АЙТТЫҢЫЗ

Таңга жуук көз илинип кирпик кактым,
Он мүнөт эми гана уйку таптым.
Коңгуроо... телефонду ала койсом,
Жагымдуу сөзүңүздү угуп жаттым.

Оорутуп жүрөгүңүз тилдим бекен,
Кетирбей кармап алып сизди бекем?
Барамын деп айттыңыз, кубандырып,
А мүмкүн, түшүңүзгө кирдим бекен?

Билбеймин, эмне мынча албырамын,
Эки күн тез өтсө деп жалынамын.
Күтүүнү, сагынычты унуткарып,
Кусалык зардабынан арыламын.

Барамын деп айттыңыз кубандырып,
Эки күн жакындоодо улам жылып.

* * *

Алдастап алып качып өзүңүздү,
Албаңыз, сагындырып өчүңүздү.
Ызы-чуу түшкөн ушул кең калаадан,
Издедим, издеп жүрөм көзүңүздү.

Байланыш ортобуздан үзүлбөсүн,
Үшүгөн жүрөк ооруп түңүлбөсүн.
Ачылган күндөй болуп жамалыңыз,
Көзүңүз тиктеп мени күлмүндөсүн.

Жалгыз мен болом десем жакыныңыз,
Көрүнбөйт, көрүнбөйт да жарыгыңыз.
Күткөндө жолдон дале кезикпейсиз,
Бурулуп кеткен окшойт багытыңыз.

ДҮЙНӨМӨ БҮЛҮК САЛЫП

Сиз бар деп, бейпил эле санаам дайым,
Дем берип, жөлөк болчу мага дайым.
Дүйнөмө бүлүк салып эмнеликтен,
Алыстап баратасыз, агатайым?

Кайтыңыз ойлоп алган оюңуздан,
Чыгайын бүгүн дагы жолуңуздан.
Саламым айтып сизге барайынчы,
Кубанып секунд кармап колуңуздан.

Кыйноого саласыз да жүрөгүмдү,
Айтамын, айта берем сүйөрүмдү.
Алыстап эмнеликтен баратасыз,
Үзөт деп ойлойсузбу күдөрүмдү?

БАКТЫЛУУСУЗ

Чын эле сиз баарына татыктуусуз,
Адамдар арасында кадырлуусуз.
Жүрөгүн мендей жандын багындырган,
Агатай, бактылуусуз, бактылуусуз.

Арбады жамалыңыз, суктанамын,
Көп нерсе кыялданып кубанамын.
Кетире албай сизди карегимден,
Өзүмчө түйшүк тартып убарамын.

Жаралап жүрөгүмдү айыптуусуз,
А бирок, токтоо мүнөз, сабырдуусуз.
Арзыган адамыма айланып сиз,
Арманым болсоңуз да бактылуусуз.

* * *

Жок болсо да жолугуу мезгилиңиз,
Жоголбой жашай берсин сезимиңиз.

Жомоктой кыялданып алган болсом,
Агатай, кечириңиз, кечириңиз.

Капыстан жолукканда сүрдөбөңүз,
Качанкы ойлорумду күүлөбөңүз.
Сезимдин отун жагып жүрөгүмө,
Баары бир агатайым күнөөкөрсүз.

Кыялдын күүсүн бурап толгобоңуз,
Башканы сүйөмүн деп болжобоңуз.
Жашоомо жарык чачкан агатайым,
Менден башка кыздарды ойлобоңуз.

Алоолоп оттой күйсө сезимиңиз,
Табылат жолугууга мезгилиңиз.

ЖАКШЫ ЫР КУРАҢЫЗЧЫ

Жобосун мейли менден сураңызчы,
Баштасам, же өзүңүз улаңызчы?
Билбеймин, эмнегедир күтүп жүрөм,
Жакшы ыр мага дагы курaңызчы?

Түйшүгүн ырларымдын сезиңизчи,
Беш мүнөт акын болуп бериңизчи?
Төрт сап ыр үчүн ооба, көккө учам,
Ыр арнап мейли күтөм, келиңизчи.

Мен күткөн жалын сөздөн табыңызчы,
Бышырып жетилгиче багыңызчы.
Чок салып, макул өрттөп жүрөгүмдү,
Суранам, төрт сап эле жазыңызчы?

* * *

Чай ууртап коюп улам чыныңыздан,
Даам татып ар күн сиздин сыйыңыздан.
Жез таңдай акын болуп калбаптырсыз,
Өзүмдү издемекмин ырыңыздан.

Сүйүүнүн оту жанган көзүңүздөн,
Жамалым көргүм келет өзүңүздөн.
Төрт сап ыр арнаңыз деп барат белем,
Бир үмүт издегендей сөзүңүздөн?

А балким, тынчыңызды кетирмекмин,
Болбосо шакиртиңиз сезилмекмин.
Үйрөтүң, ырды кандай жазамын деп,
Тажатып күндө бир маал ээрчимекмин.

Ушунча жүрөгүмдү арбаптырсыз,
Жез таңдай акын болуп калбаптырсыз.

КЫЗГАНБАҢЫЗ

Өзгөгө жибип жүрөк жанашпаган,
Өзгөдөн сүйүү издеп талашпаган.
Бир адам үчүн соккон жүрөгүм бар,
Ал ансыз күнүм батып, таң атпаган.

Түркүн ой божомолдоп кыйнабаңыз,
Жөнү жок, жумуш үчүн кызганбаңыз.
Дей албай ал адамга баш ийемин,
А мейли, каалагандай кызаңдаңыз.

Сүйүүмдү сизден эч ким талашпаган,
Өзүнө баш ийдирип, каратпаган.
Бул адат качан, кайдан пайда болду?
Кызганыч эл уулуна жарашпаган.

Агатай, агатайым, кызганбаңыз,
Кызганыч оору менен кыйнабаңыз.

ДА БИР ИРЕТ

Бал тамган бир убакта сөзүңүздөн,
Жаш агып келиптирсиз көзүңүздөн.
Актанып ар шылтоону айта бербей,
Күнөөнү издеңизчи өзүңүздөн.

Кош колдоп, чыкпай жүргөн жаныңыздан,
Ээрчиген кыздар кана артыңыздан?
Күнөөлүү эместирмин, айтыңызчы,
Көп нерсе өткөн болсо башыңыздан.

Түшүнүп санаага сиз баттыңызбы,
Өткөндүн эшигин чын жаптыңызбы?
А макул, түшүнөйүн да бир ирет,
Айланып казыгыңыз таптыңызбы?

А мейли, келиптирсиз, кечирейин,
Өткөндү унутайын, бекитейин.

ТУУЛГАН КҮН

Бактылуу убакытка кол суналы,
Жүрөккө жакшы сезим толтуралы.
Өткөндү унуткарып, жаңы жолдо,
Туулган күн... сиз жана мен жолугалы.

Келечек күндөрүбүз талкууласак,
Кетирбей жакшы маанай тартууласак.
Туулган күн тек экөөбүз тосуп алчу,
Ар жылы мына ушундай салт уласак?

А мейли баары бизге жалган болсун,
Жараткан жарык жашоо жазган болсун.
Бир жылда мүмкүнчүлүк келген кезде,
Туулган күн экөөбүзгө майрам болсун.

Бул тагдыр мейли, башка салган болсун,
Туулган күн экөөбүзгө майрам болсун.

ШЫДЫР БОЛСУН БАГЫТЫМ

Көздөп алган максатыма акырын,
Жетем деген үмүтү бар акылым.
Жол көрсөтүп жүргөн өңдүү бир сезим,
Жөнөй берет сиз тарапка багытым.

Артка таштап убакыттын закымын,
Барбы, жокпу, билбесем да кадырым.
Сиздей жанга жүрөгүмдү сунууга,
Кыялданам, жазылгандай тагдырым.

Элестетем сизди гана асылым,
Ал анткени, сүйүп калган жазыгым.
Кабыл алам сезимиңди десеңиз,
Сүйлөшөлү агатайым, ачыгын?

Сиздей жандын жүрөгүнө жол алчу,
Шыдыр болсун, шыдыр болсун багытым.

ИШЕМБИ КҮНҮ

Жасанам кандай, кийимге үйүм толтурам,
Суроону берип өзүмдүн башым оорутам.
Убакыт өтпөй, удургуп жүрөк туйлаган,
Ишемби күнү күн баткан кезде жолугам.

Оюмду жыйбай, оюма жетпей олтурам,
Түшүмдү дагы жакшылык үчүн жорутам.
А сизди кандай сезимдер оройт билбедим,
Ырымдап алган ишемби күнү жолугам.

Калаадан чыгып Алайга кетчү жолунан,
Табият укмуш Чыйырчык ашчу тоосунан.
Кезигем дедим, тосуп ал мени агатай,
Ишемби күнү кечинде сизге жолугам.

Айтылуу Алай чегинен мени күтсөңүз,
Ишемби күнү жумуштан кийин жолугам.

ЖАЛЫН БОЛУП БАРАТАСЫЗ

Ырым болуп калдыңызбы, бүтпөгөн,
А мен болсо сүрдөгөнүм сүрдөгөн.
Кемесине түшүп алсам кыялдын,
Сонун ойлор чыга берет күтпөгөн.

Жалын болуп баратасыз каптаган,
Жүрөгүмдү сүйүү менен таптаган.
Мүмкүн эмес бир багытка кетүүгө,
Жолуксак да ушул жолдо кайрадан.

Сырыңызмын жүрөгүңүз сактаган,
Оюңузмун учурунан кайтпаган.
Буюрбаса мейли эле бир багыт,
Тагдыр бизге сүйүү берди каалаган.

Сүйүү үчүн кыялданып жашайбыз,
Ырларымда кезигишип ар качан.

ТАЙМАШАЛЫ

А мейли, керек болсо таймашалы,
Коргонуп, күрөшөлү, кармашалы.
Талабым жеңилсеңиз кабыл алың,
Экөөбүз жүрөгүбүз алмашалы.

А макул, чындап эле күрөшөлү,
Даярдык көрдүңүзбү, күүлөнөлү?
Жеңилсем жүрөгүмдү сууруп берем,
Келиңиз, ачык эле сүйлөшөлү.

Сүйдү деп кааласаңыз соттошолу,
Кол сунуп же болбосо достошолу.
Тирөөчүн алып салып каршылыктын,
Махабат чебин бекем орнотолу.

Чечимге мөөр бастырып, жазышалы,
Талкуулап талабыбыз айтышалы.

ИЛИНЕЙИН ДЕГЕМИН КӨЗҮҢҮЗГӨ

Мүнөзүңүз өзүмө салыштырып,
Жүрөгүмө акырын тааныштырып.
Шылтоо издейм табалбай байланышка,
Жаныңыздан кеталбай карыш жылып.

Аракетим урунуу көзүңүзгө,
Сезбегендей болбоңуз өзүңүзчө.
Мүмкүнчүлүк келгенде пайдаланып,
Илинейин деген ой көөнүңүзгө.

Сезимтал жан, ишенем сезээрине,
Кадырыма бир күнү жетээрине.
Күн чыккандай жаркылдап тосуп алып,
Өзү менен мени алып кетээрине.

АЛ КЕЧЕГЕ БАРБАДЫМ

Эгер сизди көрүп калсам кечеден,
Кыйналмакмын, кайра сыздап эртеңден.
Аргасыздан телефонум өчүрүп,
Барбаймын деп даярдандым кечээтен.

Ооба, бүгүн жан дүйнөмдү аярлап,
Эх, өзүмдү алып калдым араң даап.
Ал кечеден көрөмүн деп келгенде,
Сиз да мени таппадыңыз акмалап.

Саламдашып келдиңби деп сабырдуу,
Көзүңүздү көргүм келбейт бактылуу.
Кайра менин жүрөгүмдү оорутуп,
Калбаңызчы бир өмүргө айыптуу.

Ойлоп сизди эч бир жерге батпадым,
Ошентсе да ал кечеге барбадым.

АЛЫП КЕТЕМ ДЕГЕНСИЗ

Айтып алдым, күтүп жатат калкыбыз,
Аткарылбай калса кантем антыңыз?
Ушул жазда алып кетем дегенсиз,
Туура келбей калды бекен шартыңыз?

Дал келсе да ата-баба наркыңыз,
Туура келбей калган окшойт салтыңыз.
Сизден үмүт үзалбады жол карап,
Кош жүрөктү толуктайм деп жартыңыз.

Оорутпаңыз, оорубасын башыңыз,
Ансыз дагы араң турат баркыңыз.
Ар шылтоонун башын бирден угузбай,
Капаланбайм, ачык эле айтыңыз.

Туура келбей калса эгер шартыңыз,
Түшүнөмүн, түшүндүрүп айтыңыз.

АЛЫС ЖЕРГЕ КЕЛИП АЛДЫМ

Жүргөнүм билбедиңиз башка жакта,
Күз айы жайып кучак, баш бакканда.
А мүмкүн ойлогонсуз жолугам деп,
Сентябрь, окуу жылы башталганда.

Айттырып жат бирөөдөн кабарладым,
“Өзү эмне байланышпайт, карагатым?” –
Деп айтып саламыңыз жолдоптурсуз,
Бул жылы жумушума баралбадым.

Көп эле көңүл бөлүп коргодуңуз,
Жашоомо жарык чачып, кооздодуңуз.
Жумуштан чыгам деген арызыма,
Кетпе деп колуңузду койбодуңуз?

Мекенден алыс жерге келип алдым,
Айталбай жүрөм сизге, жетип алдым.

* * *

Тарактай тарап сиздин башыңыздан,
Сылагым келип жүрөт чачыңыздан.
Бактылуу көзүңүздү көргөнүмдө,
Чыгалбай калсам керек жаныңыздан.

Капаска камалгандай торуңуздан,
Элестеп көрүнсөм дейм жолуңуздан.
Безилдеп сүйүүм айтып сайрап улам,
Булбулмун, кеткиси жок оюңуздан.

БҮГҮН СИЗГЕ КЕЗИГЕМ

Жүрөгүмдү кайрадан оорутканы,
Кусалыктан а бирок, соолукканы.
Күн төбөдөн көрүнүп калган кезде,
Таарынбаңыз, баратам жолукканы.

Кыялымды калтырбай ээрчитемин,
Сагынычтан көз жашым бекитемин.
Канча жылдык кусалык черин жазып,
Бүгүн сизге кезигем, кезигемин.

Көпчүлүккө көрсөтүп мактанбаңыз,
Жароокерим келди деп жар салбаңыз.
Жолукканда капыстан, кубанычтан,
Ыйлап ийсем шолоктоп, таң калбаңыз...

ТҮШҮМ БОЙДОН КАЛЫҢЫЗ

Төп келишип турган менен баарыңыз,
Жүрөгүмө жол салалбайт алыңыз.
Сиз да мени, мен да сизди тааныбай,
Кечээ көргөн түшүм бойдон калыңыз.

Мейли, мейли асман көркүн ачыңыз,
Өзгөчө бир көктө жылдыз жаныңыз.
Мен да сизди, сиз да мени тиктебей,
Мен билбеген адам бойдон калыңыз.

Өнө берсин сезим гүлдүү багыңыз,
Бүрдөй берсин сүйүү деген шагыңыз.

Сиз деп күйгөн бир селкиге кол сунуп,
Түбөлүктүү жары болуп, барыңыз.

КЫЗГАНБАСЫН

Жеткенмин максатыма, тыңдап алсын,
Жек көрүп коругандар кыйналбасын.
Баары бир мендик болуп калдыңыз ээ,
Башкалар сизди менден кызганбасын.

Көзүнөн төгүп жамгыр ызалансын,
А бирок, ооруп жүрөк сыздабасын.
Сиз мага эми көнүп калган кезде,
Сүйүүсүн арнап келип ыйлабасын.

Кайрадан жүрөгүңүз чыңалбасын,
Сезимин дагы кимдер чыгарбасын.
Сендикмин деген сөзгө кубанганмын,
Жан дүйнөм ырахаттан жыргап алсын.

Жеткенмин максатыма, тыңдап алсын,
Ким бирөө сизди менден кызганбасын!

МАЗМУНУ

Гүлдөй берсин Кыргызстан жерибиз

МЕКЕНИМ 3
МЕНИН ЭНЕМ КЫРГЫЗСТАН 4
АЙЫЛЫМДЫН КУЛАЧЫ 5
ТУУЛУП ӨСКӨН ЖЕРИМДЕМИН 6
АЙЫЛЫМ 6
АЙЫЛЫМА БАРГАНДА 7
АЙЫЛЫМДА ЖҮРӨМҮН 8
АЛ УЧУР СОНУН ЭЛЕ 9
ОШУМ 10
ЫСЫК-КӨЛҮМ ЖАНЫМСЫҢ 10
КОРГОЙЛУЧУ ЫСЫК-КӨЛДҮ ТАПТАЗА 11
КӨЛҮМ САГА БАРАМЫН 12
БИЙИК ТООДОН 12
МЕН ЖАШООГО АКЫМ БАР 13
ЭНЕ ТИЛИМ 14
ГҮЛДӨЙ БЕРСИН ЖЕРИБИЗ 15
Сөз табалбайм мактаган 16
АПАМА ТААЗИМ 16
АПА 18
КУЧАК ГҮЛГӨ ОРОДУМ 18
ЖАШАП ЖҮРӨМ БАКТЫЛУУ 19
ОШОНДОГУ МҮНӨЗҮМ 19
АПАКЕМДИН КОЛУНАН 20
МЕНИ ГАНА ОЙЛОГОН 21
СӨЗ ТАБАЛБАЙМ МАКТАГАН 22
АПАМДЫН ТАРБИЯСЫ 24
АТАМ, АПАМ – БААТЫРЫМ 25
АЛ МЕНИН, МЕНИН АТАМ 25
АТАКЕМ МЕНЕН АПАКЕМ 26
АТАКЕ 27
АЛМАШ ДЕСЕ 28
ЭНЕНИН ЖҮРӨГҮНДӨЙ 29
БАКЫТ БОЛОТ 29
ЭНЕКЕ 30
ЭНЕ БОЛОТ 31
БАЛАҢ БОЛСУН 32
БАЛДАРЫМДЫ ОЙЛОЙМУН 33

Жүрөгүмдөн өчпөгөн ушул жарык

АЛАЙЛЫКТЫН АРТЫНАН 34
ТҮБӨЛҮККӨ АЛЫП КАЛ 35
КЕТКИМ КЕЛЕТ АЛАЙЫҢА 35
ЖОЛДОШУМ 36
БИЗ ТАЛАПКЕР БАКТЫЛУУГА ТАТЫКТУУ 37
ЖАКШЫ КӨРӨМ 37
КАНТЕМ АНДА? 38
ЫРЛАРЫМДАН ТАЛАШПАҢЫЗ 39
СИЗ МЕНЕН БАРГЫМ КЕЛЕТ 39
СҮЙҮП КАЛДЫМ 40
АЛЫП КЕЛСЕМ БОРБОРУМА 41
КАРЫЛЫККА ЖЕТЕЛЕШИП ЖЕТЕЛИ 41
СҮЙҮКТҮҮМ БАР 42
МЕН КЕРЕКМИН 43
АТА КҮЧТҮҮ 44

Арноо ыры

ЖАРЫМА 45
БАЛДАРЫМ 46
ЖАНЫМ КЫЗЫМ 47
ЭКИ УУЛУМ 48
ПОЭЗИЯДАГЫ АПАМА 49
КЕНЖЕ ЭЖЕМЕ 50
БИР ТУУГАНЫМ 51
ОО АСЫЛЗАТ 51
АЙТ МАЙРАМ 52
"ЭЛҒМ" ЭЛДИК РАДИОСУНА 53
«САНЖЫРА» РАДИОСУНА 53
«КЫРГЫЗСТАН ОБОНДОРУ» 54
БААРЫҢЫЗДАРГА АРНАЙМ 55
ЖАКШЫ КӨРГӨН ЭЖЕМЕ 56
МАСТУРА ЭЖЕКЕМЕ 57
БАКТЫГҮЛ ЭЖЕКЕМЕ 57
КАЛЕМДЕШИМЕ 58
БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ 59
ОГПИ 60

Аралаш ырлар

ЖАҢЫ ЖЫЛ 61
МЕКТЕБИМ 61
ЭСТЕБЕЙМИН ӨТКӨНДҮ 63
ЖАШООМДУ КООЗДОЙМ БОЁП 64

ЖАШООНУ ЖАКШЫ КӨРӨМ 64
ЖАШАП КЕЛЕМ 65
ЖАШТЫГЫМ 66
ОРТО ЖАШМЫН 66
ЖАШОО ҮЧҮН 67
МҮНӨЗҮМ ЭЧ КАЧАН ӨЗГӨРБӨ 68
УНУТКУМ КЕЛИП ЖҮРӨТ 69
ӨЗҮМӨ СӨЗ БЕРДИМ 70
ЖАМГЫР 70
ЖААНДЫ КҮТӨМ 71
ЖАЗ 72
ЖАЗ АЙЫ 73
ИЗДЕЙ БЕРЕМ ЧЫНДЫКТЫ 73
КЕТИП ЭЛЕ КАЛСАМ ДЕЙМ 74
ТЕЛЕФОН 75
УШУЛ КҮНҮ 75
БИР ТУУГАНЫҢ 76
ИШЕНИЧИМ 77
АДАМ БОЛУП ЖАШАЙЫН 77
АДАМ БОЛУУ КӨЗДӨГӨНҮМ 78
АДАМ БОЙДОН КАЛАЛЫ 79
АДАМЗАТ 80
АДАМ ӨЗҮН ӨЗҮ ОЙЛОП ЖАШАСА 81
АК ТАҢЫМ 82
БАЛА ҮНҮ 82
ЧЫГА БЕРСИН КАТКЫРЫК 83
КЕЧИРЕМИН, КЕЧИРГИЛЕ 84
БҮГҮН САГА, ЭРТЕҢ МАГА 85
ТЕҢЕЛБЕСЕҢ 85
АНСЫЗ ДА ӨМҮР КЫСКА 86
КҮБҮЛҮП УБАКЫТТЫН ЖАЛБЫРАГЫ 87
ҮЙРӨНГӨНМҮН СҮЙҮҮГӨ 88
ЖАШЫК ЭЛЕМ 88
КӨРӨМ ЖАЛАҢ ЖАКШЫНЫ 89
БАРГА КАНИЕТ, ЖОККО САБЫР 90
ЖАКШЫ ОЙ ЖАШАЙ БЕРСИН 91
ЖӨН ГАНА ОЙЛОР 91
МЕЗГИЛ АГЫП ДАЙРАДАЙ 92
ҮМҮТҮМДҮ ӨЧҮРБӨЙМ 93
МАКСАТ КОЁМ ТООЛОРДОЙ 93
ТИЛЕГИМ 94
ЫЙЛАГЫМ КЕЛИП ТУРАТ 95
БҮГҮНКҮ ТОЙ 96

АЗЫРКЫ ТОЙЛОР 97
АКЧА КАГАЗ 98
БАЗАР ҮЙҮҢ МАЗАР БОЛГОН 100
Котормо 102
ЖАНЫМДА БОЛСАҢ 102
ЖАҚСЫНЫ ҰМЫТПАЙМЫН 103
КЕТЕРІМДЕ 104
КЕТЭЭРИМДЕ 105
ҚЫЗҒАЛДАҚ ДАЛАСЫНДА ЖОЛЫҒАМЫЗ 105
ҰМЫТА АЛМАЙМЫН 106
САҒАН ҚАРАП ТҮЗЕЛДІМ 107
ҚАЙТАРЫП БЕР 107
ТЕЛЕФОНМЕН ТІЛДЕСТІМ 108
ҰМЫТПАЙМЫН МЕН СЕНІ 109
ҚИЯЛДАНАМ 109
ҚАЙТІП? 110
КАНТИП? 111

Ырларым – сырларым

КАЛКЫМ КАЛСЫН АВТОР БОЛУП 113
"АКЫНМЫН" ДЕП АЙТКАН ЭМЕС 113
АЙТЫЛБАС СЫРЛАРЫМ 114
АЛ ЫРЫМ 115
АК ТАҢДЫН НУРУ ӨПСӨ 116
КЫЯЛДАНАМ 117
КЕЧИРГИЛЕ 117
ЖООП БЕРАЛБАЙ КАЛГАНМЫН 118

Махабат ырлары

ЖАЛГАН СҮЙҮҮ САТЫЛАТ 120
БИР АДАМДЫ ЖАКТЫРУУ 121
БИЗ ЭКӨӨБҮЗ 122
АЛСЫЗ ЖҮРӨК 123
КАНТИП ЖАЗАМ ЖАКШЫ ЫР 124
ЫР ОКУДУМ САГА АРНАП 124
БЫЙЫЛКЫ КЫШ ДА УЗАДЫ 125
КОШТОШПОЙТ ЭЛЕМ 126
ТҮБӨЛҮК ЭСТЕП ЖҮРӨМ 126
МЕН ЖӨНҮНДӨ АЙТПА 127
КЕТСЕМ МЕЙЛИ АТУУГА 128
КӨП ЖЫЛ БОЛДУ 128
ЖАЗЫМ КЕЛДИ 129
БИЛСЕҢ ЭКЕН 130

АТАЙ АЛБАЙМ 130
КАРЕГИМ СЕНИ ИЗДЕГЕН 131
ЖАЗЫП БҮТПӨЙМ 132
КЫШКЫ ТҮН 133
КЕЛГЕНИҢЕ КУБАНМАКМЫН 134
ЭГЕРДЕ СҮЙҮП КАЛСАМ ДУБАНАНЫ 135
СЕНИ КАРАП ТҮЗДӨНДҮМ 136
ӨЧ АЛАБЫЗ 136
СЕНДЕ КҮНӨӨ 137
УШУЛ ЖЫЛЫ 138
ТАШ ЖҮРӨК 139
КЕРЕК ЭЛЕ 140
БЕШ МҮНӨТКӨ 140
ӨЗҮҢСҮЗ 141
ЖАШАЙМЫН СӨЗ ТИЙГИЗБЕЙ 142
ТАРТЫНАМ 142
АК ЖАМГЫР 143
ЖҮРӨГҮМ ООРУП ЖҮРӨТ 144
ЖҮРДҮҢ БЕКЕН МЕНИ АЯП 145
ТОРОГОН КУСА МЕНИ 146
СҮЙӨРҮМДҮ СЕЗСЕҢ БОЛДУ 146
ООРУДУМ ДЕЙ АЛБАДЫМ 148
КҮЧТҮҮ ЭКЕН КАПКАНЫҢ 148
ДҮЙНӨ МЕНИ ӨЗГӨРТСҮН 149
ЭХ, МЕНИН ТААРЫНЫЧЫМ 150
ҮЙҮҢДҮ ТИКТЕП ӨТӨМ 150
САНАА ЖЫЙНАП КЕЛЕМ КАЙРА 151
СӨЗ АЙТЧЫ КҮЙӨ ТУРГАН 152
ЖҮРӨГҮМ ЖЕҢИЛҮҮДӨ 152
БИЗ ДЕП АЙТ 153
ЖАКШЫ КАЛ ДЕГЕНИҢДЕ 154
КУСАДАН ЖҮРӨК ӨРТ АЛАТ 154
СҮЙӨ БЕРЕМ 155
СҮЙҮҮНҮН СООЛУБАГАН ГҮЛҮН ТЕРИП 156
ЖАШАЙ БЕРЧИ, АРМАНЫМ 156
БИР КҮН СЕНИ УНУТАМ 157
БИЛГИЗБЕСТЕН ЭЧ КИМГЕ 157
ЖАКШЫ СӨЗ ЖЫЙНАП АЛЫП 158
ЖАШАЙ БЕР ЖҮРӨГҮМДӨ 159
МЕЗГИЛИ КЕЛСЕ БИР УЧУР 159
КАЙЫЛМЫН 160
КОШТОШУУНУ КААЛАБАДЫМ 161
АСМАНГА ЖЫЛДЫЗ БАТПАЙ 161

АЛ КҮНГӨ БАРГЫМ КЕЛЕТ 162
КАЙТЫП КЕЛ 162
АПАКЕҢ БЕРГЕН МОНЧОК 163
БЕЛЕГИҢДИ КАБЫЛ АЛДЫМ 164
СЕНИН ЖЫТЫҢ ЖЫТТАНБАЙТ 164
АЛМАШТЫРДЫМ КӨЙНӨГҮМ 165
КЫЗЫЛ КӨЙНӨК 165
ЖАНДЫРЫП СҮЙҮҮ ЧЫРАК 166
КЕЗДЕШҮҮ БҮГҮН, ЭРТЕҢ 167
АЙТЫП КОЙ 167
ЧАКЫРЧЫ БИЙГЕ 169
ЖОЛУГУШУУ... КОШТОШУУ 170
КӨЛҮМ БИЗДИ САГЫНГАНДЫР 171
АЙ БОЛУП ТӨГҮЛӨЙҮН 171
КҮТӨ БЕРЕМ 172
АЛООЛОНТОТ СЕЗИМИҢ 173
БИР СӨЗҮМДҮ КАЙТАЛАП 174
ТАПТЫМ ДЕМЕК 174
СҮЙҮҮМДҮ ЭСТЕЙ БЕРЕМ 175
БИЗДИН СҮЙҮҮ ТАПТАЗА 176
КУСАЛЫКТАН ЖАЛЫНДАДЫМ 176
ЫЙЛАДЫМ, ЫЗАЛАНДЫМ 177
АК СҮЙҮҮМДҮН ЖАРЫК ТАҢЫ 177
ШАГЫНДА МАХАБАТТЫН 179
ЭРКИН КУШ СЕЗИП ЖҮРӨМ 179
САГЫНГАНМЫН 180
УКТАЙ БЕРЧИ БАКТЫЛУУ 180
МЕН БОЛОМУН СҮЙҮҮ ЧАГЫЛГАН 182
ЖҮРӨГҮҢӨ БАТПАДЫМ 182
СЕН САГА ОКШОБОЙСУҢ 184
КӨЗ ЖАШЫМ ТӨККҮМ КЕЛБЕЙТ 185
ТААРЫНАСЫҢ 186
ЭРКЕЛЕТЧИ 186
ТОСУП АЛЧЫ 188
КУСАЛЫКТЫН ЗАРДАБЫ 188
ЧЕЧИМ ЧЫГАР АКЫЙКАТ 189
НЕГЕ КҮЛДҮҢ? 189
ЫР ЖАЗАМ САГА АРНАП 190
ЗАРЫКТЫМ 191
СЕКУНД ГАНА 191
СЕЗИМИМДИ ЧЫНЖЫРЛАП 192
КҮБҮЛГӨН КУБАНЫЧ 192
БАРАКТАБАЙМ КҮНДӨРДҮ 193

КИМДЕР ТЫҢДАЙТ ДАСТАНЫМДЫ? ... 193
ЖАНДЫРЫП ЧЫРАГЫМДЫ ... 194
КУЛАТАМ СЕНИ ТАКТАН ... 195
ЫЙЛАТАСЫҢ ... 195
ОКТЯБРЬ ... 197
БУЛ КАНДАЙ ЖАЛЫН? ... 197
СЕН ДА ЫЙЛАП ... 198
МЕНДЕЙ ЖОКТУР ... 199
АЛ БИРӨӨ ... 199
БИР КҮН КАЙРА КЕЛЕТТИРСИҢ ... 200
ЭСКИРБЕГЕН СЕЗИМИМ ... 201
КҮТӨМҮН КАБАР СЕНДЕН ... 201
КЫЗГАЛДАК ТАЛААСЫНАН КЕЗИГЕБИЗ ... 203
КЫЗГАЛДАК ТАЛАА ... 203
СҮЙӨМҮН СЕНИ ДЕМЕКМИН ... 204
СҮЙҮҮ ЖАРАТЫ ... 205
КЫЙНАЙСЫҢ ЖҮРӨГҮМДҮ ... 205
ЖҮРӨГҮМДҮ АБАЙЛАГЫН ... 206
КЕЧИР ДЕП АЙТПА ... 207
КУТКАРЫП АЛ ... 207
МҮМКҮН ЭМЕС ЧЕГИНҮҮ ... 208
ЖҮРДҮҢ БЕКЕН МЕНИ ТАППАЙ? ... 208
ЫЙЛАБАЙМ ДЕГЕН ЭЛЕМ ... 209
БИЛДИҢ БЕКЕН? ... 210
КЕТИРГИМ КЕЛБЕЙТ СЕНИ ... 211
БАРБАЙ КАЛДЫМ ... 211
БАРАМ СЕНИ КУТТУКТАП ... 212
ДОБУШ ЧЫГАТ СҮРДӨГӨН ... 213
ЭЭРЧИТИП КЕТЕСИҢБИ? ... 213
КУСАЛЫККА ОРОНГОМ ... 214
САН ОЙЛОРДУН КУРЧООСУНДА ... 214
ЧАЧЫЛГАН ОЙ ... 215
КӨГӨРТҮП СҮЙҮҮ ТАМЫРЫ ... 216
ДОС ДЕГЕН ШЫЛТОО САГА ... 216
САГЫНЫЧ САНААСЫ ... 217
ПЕЙИЛИМ ӨЗГӨРҮҮДӨ ... 218
ЖҮРӨКТҮ ЧАРПЫП ЖАРАЛАП ... 219
МАХАБАТ ДАБАСЫН ТААП ... 219
СЕН ... 220
ТИКТЕБЕШИМ КЕРЕК ЭЛЕ ... 221
АЛБА МЕНИ ЖОГОТУП ... 221
МЕНИН СҮЙҮҮМ ... 222
БАГЫНДЫРГАМ ... 222

КАШААГА АЛЫП САКТАП КОЙ ... 223
КӨЗҮМ СЕНИ КӨРӨТ БАШКАЧА ... 224
КӨЙНӨГҮМ ТУРАТ АЛИ КИЙИЛБЕГЕН ... 224
БИЛИП АЛДЫҢ САГЫНГАНЫМ ... 225
САГЫНДЫҢ БЕКЕН? ... 226
ЫЗАЛЫККА ОРОП ӨРТТӨГӨН ... 226
ҮЗҮЛГӨН БАЙЛАНЫШТЫ УЛАЙ АЛБАЙ ... 227
КҮТҮП ЖҮРӨМ ... 228
ТАГДЫРЫБЫЗ КАЙЧЫЛАШ ... 228
ҮНҮҢ УГУУ БОЛДУ АРМАНЫМ ... 229
СҮЙҮҮ ТАЛААСЫ ... 230
САГА ГАНА ТОКТОЛОМУН ... 231
БИРГЕ ЭМЕСМИН ... 231
КЕТЕСИҢБИ УЗАККА? ... 232
ЖАШАЙТ БЕЛЕМ? ... 233
УНУТМАКМЫН ... 234
КҮН КЕЛЕТ ... 235
БАРАТАБЫ ТОКТОЛУП? ... 237
СҮЙЛӨШТҮ КӨЗДӨР ... 237
ТӨКТҮМ ДА КӨЗ ЖАШЫМДЫ ... 238
САНАА МЕНЕН ОРОНГОН ... 239
СЕНИН СҮЙҮҮҢ ... 240
АЙТЧЫ, АЙТЧЫ? ... 240
ЖАМГЫРЫҢМЫН ... 241
КӨЗҮМДӨГҮ ЖААН ... 241
ЖАМГЫРДАН СЕНИ ИЗДЕЙМ ... 242
ӨЗГӨРТТҮМ САГА ОЮМ ... 243
ЖҮРӨГҮМ ООРУП КАЛГАН ... 243
ИЗДӨӨ САЛАМ ... 244
САЯПКЕРИМ ... 245
ЖҮРӨМ ДАЛЕ ҮЙРӨНБӨЙ ... 245
КОҢГУРОО КАКПАЙ КАЛДЫҢ ... 246
КҮН ЧЫКТЫ ЖАРЫГЫ ЖОК ... 247
КЕТЭЭРИҢДЕ СҮЙҮП КОЙ ... 247
ШЫЛТООҢ БҮТПӨЙТ ... 248
УРУНБАЙ КАРЕГИМЕ КОЙСОҢ ЭМНЕ? ... 248
ТҮШҮМӨ КИРДИҢ ... 249
АМАН ЖҮР ЭЭ? ... 250
ЖҮРӨГҮМДҮ КУЛАТПАГЫН ... 250
САГА ДЕГЕН БЕЛЕГИМ ... 251
ЖҮРӨГҮМДҮ КУЛПУЛАГАН ... 252
ТӨЛГӨ КЫЛЫП АЛГАНДАЙ ... 252
СҮЙЛӨБӨЙМ ДЕП СӨЗ БЕРДИҢ ... 253

КАБЫЛ АЛ ЖҮРӨГҮҢДҮН КӨЗҮ МЕНЕН 254
МЕН ДҮЙНӨМДҮ ӨЗГӨРТӨМ 254
ЫРЛАРЫМДАН ИЗДЕГИН 255
ЖАШЫРЫНЫП ТУРАСЫҢ 256
НЕГЕ КАЙРА? 256
ЖЕ ЖҮРӨСҮҢ СҮРӨТҮМДҮ ТАРТАЛБАЙ 257
СЕН ДА БОЛЧУ КҮНӨӨКӨР 257
КЕЗИГЕЛИ ОРДОДОН 258
ООРУТПА КӨҢҮЛҮМДҮ 259
ОЮМ ЖАШАЙТ ӨЗГӨРБӨЙ 259
СЕЗИЛЕСИҢ ИЗДЕГЕНДЕЙ 260
ҮЗҮЛГӨН ҮМҮТҮМДҮ УЛАП АЛАМ 261
ЫЗАЛЫГЫМ ҮЗҮП КОЙДУМ 262
АР ДАЙЫМ СЕНИ ОЙЛОНОМ 262
БАКТЫЛУУГА СЕБЕПЧИ 263
БОЛСОҢ ЭКЕН БАКТЫЛУУ 264
БИР АДАМ БАР 265
ЭКӨӨБҮЗ БИРГЕ ЖҮРГӨН 267

Сиз жана мен – бир бүтүн

ӨЗҮҢДҮ ЖАКТЫРАМ 268
СҮРДӨЙМ АГАЙ 268
ЖАШАЙСЫЗ ЫРЛАРЫМДА 269
АГАТАЙ 270
КЕЧИРИП КОЮҢУЗЧУ 271
КЕТПЕДИҢИЗ ОЮМДАН 272
СЫЙКЫР СЕЗИМ 272
СҮЙҮҮНҮН ШАРАБЫНА 274
ЖАН ДҮЙНӨМДҮ ТАЗАРТАТ 274
КИМ ТҮШӨТ ТОРУҢУЗГА? 275
КАТ ЖАЗДЫМ ДА 276
КЕЧИРЕСИЗ! 276
«БАКТЫЛУУ КҮН» 277
БИР ИРМЕМ 277
КАНТЕМ? 278
СИЗ БАР ҮЧҮН 279
ДАГЫ КАЧАН ЖОЛУГАБЫЗ? 279
АКЫМ ЖОК ӨЧҮРҮҮГӨ 280
ҮНДӨБӨЙСҮЗ АГАТАЙ 281
АЙДООЧУҢУЗ БОЛОЮНЧУ 281
АЙЛАНСАМ КАБАК, КАШЫҢЫЗДАН 282
МЕНИ СҮЙГӨН БИР АДАМ 282
СИЗ КЕЛСЕҢИЗ 283

КАНТИП ЭЛЕ УНУТАЙЫН 284
ТАНГО БИЙИН БИЙЛЕЙЛИ 284
БАЛКИМ ЖҮРӨК МАС ЭЛЕ 285
КАРЕК ЖАНЫП 286
УНУТАМБЫ? 287
ТҮШҮМӨ КИРИПТИРСИЗ 287
СИЗДЕЙ ЖАНДЫ ТИКТЕГЕНДИН 288
ЖЕТТИҢИЗБИ? 289
КӨРБӨЙБҮЗ ТААРЫНЫЧТЫ 289
ЖЫЙЫРМА ТӨРТ СААТЫМ ЭЭЛЕП АЛГАНСЫЗ 290
КОЛ СААТ ТАГЫП КЕТИҢИЗЧИ 290
СИЗДЕЙ ЖАНДЫ ӨЗГӨРТӨМ 291
КЕЧИРИҢИЗ 292
БАРАМЫН ДЕП АЙТТЫҢЫЗ 292
ДҮЙНӨМӨ БҮЛҮК САЛЫП 293
БАКТЫЛУУСУЗ 294
ЖАКШЫ ЫР КУРАҢЫЗЧЫ 295
КЫЗГАНБАҢЫЗ 296
ДА БИР ИРЕТ 297
ТУУЛГАН КҮН 298
ШЫДЫР БОЛСУН БАГЫТЫМ 298
ИШЕМБИ КҮНҮ 299
ЖАЛЫН БОЛУП БАРАТАСЫЗ 300
ТАЙМАШАЛЫ 300
ИЛИНЕЙИН ДЕГЕМИН КӨЗҮҢҮЗГӨ 301
АЛ КЕЧЕГЕ БАРБАДЫМ 301
АЛЫП КЕТЕМ ДЕГЕНСИЗ 302
АЛЫС ЖЕРГЕ КЕЛИП АЛДЫМ 303
БҮГҮН СИЗГЕ КЕЗИГЕМ 304
ТҮШҮМ БОЙДОН КАЛЫҢЫЗ 304
КЫЗГАНБАСЫН 305

Көркөм адабий басылма

Нуржамал Калмаматова

ЖАН СЫРЫМ

Редактору жана корректору Бурулкан Карагулова
Компьютерде калыпка салган Мырзабек Кадыров

Басууга 28.11.2019-ж. берилди.
Форматы 84x108 $^{1}/_{32}$.Көлөмү 19,5 б.т.
Заказ № 261. Нускасы 500 даана

«Улуу Тоолор» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ж. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 62-02-13.



* * *

Сын угуп, ары-бери чайкаламын,
Баары бир көңүл калбай баш багамын.
Башкалар байлык топтоп үй кураса,
Мен ырдан урабаган там саламын.

Өчүрбөй коргоп алаар камкор болуп,
Ырыма калкым калсын автор болуп.
Сыясы элим үчүн төгүлгөн соң,
Ансайын жалындайын алоолонуп.